ЖУРНАЛ 2004-ЖЫЛЫ
НЕГИЗДЕЛГЕН

ЖУРНАЛ ОСНОВАН
В 2004 ГОДУ

ISSN 1694-8106
Индекс 77366

## КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫНЫН

# КАБАРЛАРЫ

# ИЗВЕСТИЯ

## КЫРГЫЗСКОЙ АКАДЕМИИ ОБРАЗОВАНИЯ

№ 1 (59)

Бишкек – 2023

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**

**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ**

**Периодичность: 3 выпуска в год**
**Учредитель: Кыргызская академия образования**

**Главный редактор**
**Мамытов А. М.** – доктор педагогических наук, профессор, академик КАО

**Заместитель главного редактора**
**Дюшеева Н. К.** – доктор педагогических наук, профессор

**Ответственный секретарь**
**Дербишова Н.А.**

**Редакторы: Карамолдоева С.К., Дуйшо кызы М.**

**Редколлегия:**

| | |
|---|---|
| **Мамбетакунов Э.М.** | **член-корреспондент НАН КР, академик КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Байгазиев С.О.** | **доктор филологических наук, профессор, академик КАО** |
| **Добаев К.Д.** | **член-корреспондент КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Рысбаев С.К.** | **член-корреспондент КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Бабаев Д.Б.** | **член-корреспондент КАО доктор педагогических наук, профессор** |
| **Син Е.Е.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Асипова Н.А.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Калдыбаев С.К.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Муратов А.Ж.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Мааткеримов Н.О.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Мамбетакунов У.Э.** | **доктор педагогических наук, профессор** |
| **Токтомаметов А.Д.** | **кандидат педагогических наук** |
| **Иманкулов М.К.** | **кандидат педагогических наук, доцент** |
| **Ниязова А.М.** | **кандидат педагогических наук** |
| **Коңурбаев Т.А.** | **кандидат психологических наук** |

Адрес редакции: г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 25

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ

# ОБРАЗОВАНИЕ И ИННОВАЦИИ

# EDUCATION AND INNOVATION

*Мамытов Абакир,*
*педагогика илимдеринин доктору, профессор,*
*«КББАнын кабарлары» журналы,*
*башкы редактор,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

*Дербишова Назира Асанкуловна,*
*«КББАнын кабарлары» журналы,*
*жоопттуу катчы,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

## РИНЦтеги 10 ЖЫЛ: «КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫНЫН КАБАРЛАРЫ» ЖУРНАЛЫНЫН АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ

*Мамытов Абакир,*
*доктор педагогических наук, профессор,*
*журнал «Известия КАО»,*
*главный редактор,*
*Кыргызская академия образования,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

*Дербишова Назира Асанкуловна,*
*журнал «Известия КАО»,*
*ответственный секретарь,*
*Кыргызская академия образования,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

## 10 ЛЕТ В РИНЦЕ: СОСТОЯНИЕ И БУДУЩЕЕ ЖУРНАЛА «ИЗВЕСТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ АКАДЕМИИ ОБРАЗОВАНИЯ»

*Mamytov Abakir,*
*Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,*
*Magazine «News of the Kyrgyz Academy of Education»,*
*Editor-in-Chief,*
*Kyrgyz Academy of Education,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

***Derbishova Nazira Asankulovna,***
***Magazine «News of the Kyrgyz Academy of Education»,***
***Executive Secretary,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# 10 YEARS IN THE RUSSIAN SCIENCE CITATION INDEX: STATUS AND FUTURE OF THE MAGAZINE «NEWS OF THE KYRGYZ ACADEMY OF EDUCATION»

***Аннотация:*** *Макалада Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссиянын мезгилдик илимий басылмаларга коюлуучу талаптары жана жарыяланган эмгектерди баалоо системасы мүнөздөлөт. Ага байланыштуу «Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары» журналынын соңку 10 жыл мезгилиндеги ишмердүүлүгү, орун алган тенденциялары, жетишкендиктери жана кетирген кемчиликтери анализденет. Журналдын сапатын жана импакт-факторун жакшыртуу жолдору талданат.*

***Аннотация:*** *В статье характеризуются требования Национальной аттестационной комиссии при Президенте Кыргызской Республики, предъявляемые научным периодическим изданиям, и система оценивания научных статьей, опубликованных в них. В этой связи, анализируются текущее состояние журнала «Известия Кыргызской академии образования», тенденции, достижения и упущения, характерные для журнала за последние 10 лет деятельности. Обсуждаются пути улучшения качества и импакт-фактора журнала.*

***Annotation:*** *The article describes the requirements of the National Attestation Commission under the President of the Kyrgyz Republic for scientific periodicals and the system of evaluation of scientific articles published in them. Therefore, the current state of the magazine «News of the Kyrgyz Academy of Education», trends, achievements and omissions characteristic of the magazine over the past 10 years of activity are analyzed. Ways to improve the quality and impact factor of the magazine are discussed.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *РИНЦ, импакт-фактор, баалоо системасы, илимий басылмаларга коюлуучу талаптар, илимий макалалар.*

***Ключевые слова:*** *РИНЦ, импакт-фактор, система оценивания, требования, предъявляемые научным изданиям, научные статьи.*

***Key words:*** *Russian Science Citation Index, impact factor, evaluation system, requirements for scientific publications, scientific articles.*

**Киришүү:** «Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары» журналы (мындан ары «КББАнын кабарлары») Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан 2004-жылы негизделип, соңку мезгилге карата 59 номери жарыкка чыкты. Журнал педагогика багытындагы илимий жана методикалык макалаларды адистик чөйрөгө жеткирүү максатын көздөйт жана акыркы 15 жылда редакциялык коллегияны профессор А. Мамытов жетектеп келет. Илимий басылма катары Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссия (мындан ары УАК) бекиткен реестрде таанылган, 2013-жылдан тартып Россиянын илимий цитаталоо индекси базасына (Российский индекс научного цитирования, мындан ары РИНЦ) киргизилген жана 2016-жылдан бери расмий аныкталуучу импакт-фактор чоңдугуна ээ. Белгиленген жагдайлар педагогика жаатында алынган илимий натыйжаларды коомчулукка жайылтууда, изденүүчүлөргө илимий даража жана наам ыйгарууда маанилүү роль ойнойт, анткени изденүүчүнүн илимий макала жазып жарыялоо ишмердүүлүгү УАК тарабынан аныкталган минималдуу балл топтоо талаптарына жооп бериши шарт.

Сөз кылып жаткан баалоо механизминин жолго коюлушу өлкөбүздөгү илимий басыл-

малардын сапаттык салмагын мезгил-мезгили менен аныктап туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылды жана илимий коомчулуктун аталган жагдайга карата кызыгуусун түптөдү. Мына ушул себептерге байланыштуу «КББАнын кабарлары» журналынын РИНЦтеги абалы жана келечеги өз алдынча талдоого муктаж деп эсептөөгө негиз болду. Анткени 10 жылдык мөөнөт тийиштүү тенденцияларды, жетишкендиктерди жана кемчиликтерди аныктоого, журналдын сапаттык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу багыттарын тактоого мүмкүндүк берет, – деп эсептейбиз. Макаланын максаты ушул жагдайларды мүнөздөөнү көздөдү.

**Изилдөөнүн методдору**. Изилдөөдө укуктук-ченемдик документтердин талаптарын, жарык көргөн макалалардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн анализдөө жана жалпылоо методдору колдонулду.

**Негизги мазмун.** Илим таануу жаатындагы илимий-ченемдик ыкмалардын (наукометрия) кеңири колдонулушу соңку мезгилде кадыресе күч алганы жалпыга маалым. Анткени, дүйнө жүзүндө илимий ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу жана өсүп-өнүгүшү көптөгөн ченөөлөрдүн, статистикалык анализдин жана жарык көргөн макалаларга карата башка авторлордун шилтемелердин жасалышы ж.б.у.с. сандык көрсөткүчтөргө таянып мүнөздөлө баштады [1]. Мындай тенденция кыргыз илимине да жайылып, бир катар маанилүү чечимдердин кабыл алынышы менен коштолду.

*Биринчиден,* Жогорку аттестациялык комиссиянын президиуму (мындан ары ЖАК) диссертациялык изилдөөлөрдүн негизги жыйынтыктарын жарыялоочу илимий басылмаларды калыптандыруу эрежелерин өзгөртүп, 2014-жылдын жарымынан баштап жаңы тартип киргизди [2]. Ага ылайык ЖАКтын реестрине киргизилген илимий басылмада жарык көргөн макалаларга балл ыйгаруу жана алардын минималдуу суммасын илимий даража коргоо жана наам ыйгаруу учурунда колдонуу системасы иштей баштады. Мындай кадам академиялык, прикладдык жана фундаменталдык билимдердин библиографиялык базасын түзүү жана аны максаттуу колдонуу аракеттери менен негизделди. Анткени, дүйнөлүк масштаба Web of science жана Scopus системалары иштеп жатканы, ага Россиялык илимий макалалардын болгону 1/10 бөлүгү гана киргизилилип келээри таасир тийгизди. Ошондуктан Россияда өзүнүн библиографиялык базасын түзүү (Российский индекс научного цитирования, мындан ары РИНЦ) долбоору демилгеленип (2005-жыл) электрондук библиотека (eLIBRARY.RU) форматында иштей баштады. РИНЦтин ишмердүүлүгүн Россиянын илим жана инновация боюнча федералдык агенттиги (Роснаука) көзөмөлгө алат жана учурда РИНЦте 12 миллиондон ашык эмгек топтолгону, 6 миңден ашык илимий басылмалар катталып, аларга шилтеме жасоо жана цитаталоо жолго коюлуп, жарыяланган макаланын илимий статусу такталып келет [3].

Мына ушундай жагдайлар, эгерде кыргызстандык автордун илимий макаласы Web of science же болбосо Scopus илимий цитаталоо базасына кирген журналга жарыяланса 40, чет өлкөлүк РИНЦ базасына кирген журналга жарыяланса 25, ал эми жергиликтүү журнал РИНЦ базасында болсо, анда 20 балл менен бааланышына себепкер болушту. Башкача айтканда, чет өлкөлүк илимий журналга макала жарыялоо абдан престиждүү экендиги баса белгиленди. Бирок, кыргызстандык илимий журналдарга тийиштүү маанилүү проблема бул келечекке тез ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берген жок. Анткени, англис тилиндеги версиясы жок болгондугуна байланыштуу, бир дагы жергиликтүү илимий журнал Web of science же болбосо Scopus системасына кошула алган жок. Ошондуктан реалдуу келечек орус тилдүү РИНЦ системасына кирүү менен байланышта болгону объективдүү көрүнүш катары кабыл алынды.

РИНЦ системасына кирүү кыргыз илиминин алдында турган 3 олуттуу проблеманы чечүүгө жардам бере турганы маанилүү роль ойноду. Алар кыргызстандык окумуштуулардын илимий эмгектери илимий чөйрөдө кандай деңгээлде роль

ойноорун, аларга башка окумуштуулар тийиштүү шилтемелерди жасайбы, маанилүү жоболорун цитаталайбы деген проблеманы мүнөздөп, ынанымдуу анализ жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кылды. Ошондой эле илимий макалалардын бирдиктүү жана көз карандысыз базасын түзүп, көп функционалдуу издөө системасын, жарык көргөн макалалардын жана адистештирилген журналдардын курамын атайын критерийлер менен аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кылаары жетекчиликке алынды.

Жаңыланган тартипти ишке ашыруу «КББАнын кабарлары» журналынын редакциялык кеңеши жана академиянын жетекчилиги тарабынан колго алынды. Журналдын укуктук-ченемдик документтери кайрадан иштелип чыгып, юстиция министрлигинен каттоодон өткөрүлдү. Натыйжада журнал ISSN, басылма (1694-8106) жана электрондук (1694-8041) версияларын расмий каттоо номерлерине, жазылуу индексине (77366) ээ болду [4]. Редакциялык саясаттын өзөгүн макаланын кол жазмасын жабык форматта рецензиялоо, анын оригиналдуулугун, объективдүүлүгүн жана жарыялоого сунушталуучу материалдын негиздүүлүгүн баалоо түздү. Макаланын мазмундук оригиналдуулугун антиплагиат программасы менен аныктап, аталган критерийдин 75% төмөн болгон учурунда кол жазма авторго кайтарылып берилип, кайрадан иштеп чыгуу сунуштала баштады. Мындай чаралар оң жана кандайдыр бир деңгээлде терс натыйжалар менен коштолду. Оң натыйжа иретинде ЖАК тарабынан биздин журналга жарыяланган макалага 20 балл менен бааланганын, ал эми терс натыйжа катары журналга макала жазгандардын саны кадыресе кыскарып кеткенин белгилейбиз. Бирок, орун алган кырдаалга карабай журналдын илимий дараметин жана макалалардын сапатын жакшыртууга багытталган саясатын туура деп эсептөөгө татыктуу. Анткени, 2015-жылы ЖАК тарабынан расмий каттоодон өткөн 55 журналдын жыйырма экисинде (40%) жарык көргөн макалалар 20 балл менен баалана турган болду жана алардын арасында «КББАнын кабарлары» да бар эле. Бул көрсөткүчтү ошол учурдагы жакшы жетишкендик катары кабыл алуу зарыл [5].

*Экинчиден,* журналдардын сапаттык деңгээлин жакшыртуу максатында илимий басылмаларга коюлуучу талаптар жана макалаларды баалоо системасы 2018-жылы кайрадан өзгөртүүлөргө дуушар болду [6; 7]. Ага ылайык Web of science илимий цитатaлоо системасына кирген басылмадагы макала 50 балл менен жогорулатып бааланса, Scopus (40 балл) жана Кыргыз Республикасынын сыртындагы РИНЦке кирген басылмадагы макала (25 балл) менен баалоо тартиби өзгөртүүсүз калтырылды. Бирок, Кыргызстандык басылмаларга карата баалоо тартиби жана талаптары кескин жогорулады. Алардын өзөгүн төмөндөгү кадамдар түздү. Эгерде журналдын англис тилиндеги версиясы болсо, анда 5, РИНЦ импакт-фактору (IF) жогору болсо – 15 баллга чейин, РИНЦ системасына киргизилсе – 5, ЖАКтын базасына киргизилсе – 4, CrossRef (DOI) платформасына киргизилсе – 3 жана DOAJ белгиси берилсе – 2 балл кошулаары жарыяланды.

Түзүлгөн кырдаал 3 проблеманы чечүүнү талап кылды. Алар журналдын РИНЦ импакт-факторун жогорулатуу, CrossRef (DOI) платформасына катталуу жана DOAJ белгисин алуу менен байланыштуу эле. РИНЦтеги импакт-факторду жогорулатуу акыркы 2-5 жылдын алкагында КББАнын кабарларында жарык көргөн макалаларга карата жасалган шилтемелердин ушул мөөнөттө жарык көргөн макалалардын санына карата болгон катышынын негизинде аныкталаары жетекчиликке алынды жана кол жазмалардагы башка авторлорго карата жасалган шилтемелердин туура шөкөттөлүшүнө көңүл буруу зарылдыгы таанылды. Ал эми **Crossref** платформасына катталуу жана DOAJ белгисин алуу каржылык колдоонун жоктугунан ишке ашкан жок. Сөз **CrossRef** платформасы илимий басылманы санариптик идентификациялап каттоо жүргүзүүчү эл аралык расмий агенттик жөнүндө 2000-жылы ачылган) жүрүп жатат [8].

Түзүлгөн кырдаал жана «КББАнын кабарлары» журналынын сапатын жакшыртуу жолдору билим берүү академиясынын кызматкерлеринин жалпы отурумунда (23-май 2019-жыл) талкууланып, бир катар чечимдер кабыл алынды. Аларга ылайык академиянын ар бир илимий кызматкери өзүнүн илимий ишмердүүлүгүнүн негизинде жылына 2 ден кем эмес макала жазуу, башка авторлордун эмгектеринен алынган маалыматка шилтеме жасоону жана цитаталоону кынтыксыз жүргүзүү, редакциялык коллегиянын мүчөлөрүнүн макалага карата пикирин 14 күндөн кечиктирбей жазуу жүзүндө билдирүү жана бөлүмдүн кызматкерлерине журналдын электрондук версиясын чыгаруу милдеттендирилди.

Тилекке каршы, CrossRef (DOI) платформасына кирүүгө каржы табылбагандыгы, КББАнын кабарларында жарыяланган макалалар болгону 9 балл менен баалоо абалына (ЖАКтын базасына киргени 4 жана РИНЦтин базасына киргени 5 балл) алып келди. Бирок, күчөтүлгөн талаптарга жооп берүү кыргызстандык бардык эле илимий басылмалардын колунан келе берген жок. Мындай бүтүм күчөтүлгөн талаптарга жооп берген илимий журналдардын санынын кескин кыскарышы (55-тен 33-кө чейин), педагогикалык багыттагы басылмалардын олуттуу ийгилик жарата албагандыгы менен бышыкталат.

*Үчүнчүдөн,* 2020-жылы илимий басылмаларга коюлуучу талаптар жана макалаларды баалоо системасы кайрадан жогорулатылды [9]. Бул жолу РИНЦ базасынын өзөгүнө кирүү, журналдын РИНЦ импакт-факторунун чоңдугу, макаланын толук версиясын басылманын сайтына жайгаштыруу тартиби киргизилди жана бул талаптарга толук жооп берген басылмадагы макала 40 балл менен бааланары белгиленди. Илимий басылмалардын УАК бекиткен реестриндеги саны 33 төн 52 ге чейин өстү. Ал эми КББАнын кабарларындагы макала 18 балл менен (басылманын сайтына жайгаштыруусу 8 балл, ал эми РИНЦтеги импакт-фактору 0,008 барабар болгондугуна байланыштуу 10 балл) баалана турган болду.

Эки жыл өткөн соң (2022-жыл) Кыргыз Республикасыны Президентинин алдындагы УАК илимий басылмаларга коюлуучу талаптарды жана макалаларды баалоо системасын дагы өркүндөттү [10]. Мындан ары Префикс DOI белгисине 2 балл кошумча бериле турган болду. Префикс DOI белгиси илимий макаланын санариптик форматын идентификациялоочу атайын индикатору катары анын кайсы документте жайгашканын жана структуралык мүнөздөмөсүн алуу мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Ошондуктан DOI платформасына кирүү КББАнын маанилүү жана ыйгарылуучу баллды чоңойтууга жардам берүүчү мүмкүнчүлүк катары таанылышы зарыл болду. Бирок, бул платформага кирүү маселеси чечилбегендиктен, соңку мезгилдеги КББАнын кабарларында жарыяланган макалага карата бир гана позиция эсепке алынып 10 балл (РИНЦтеги импакт фактор 0,076 болгондуктан 10 балл) менен баалана турган болду.

Жогоруда белгиленген жагдайлар «КББАнын кабарлар» журналынын рейтингин көтөрүү маселесин актуалдуу проблемага айлантты жана аны чечүүнүн бир нече багыттарын аныктады. Алар редакциялык коллегиянын ишмердүүлүгүн, билим берүү академиянын жетекчилигинин жана илимий кызматкерлеринин, потенциалдуу авторлордун жоопкерчил мамилесин калыптандыруу катары таанылышын шарттады. Ошондой эле УАКтын адресине карата расмий сунуштарды берүүгө да негиз болду. Аларды төмөндөгүдөй чечмелейбиз.

**Биринчи багыт** - *редакциялык коллегиянын ишмердүүлүгүн* жакшыртуу. Ар бир макаланын кол жазмасын баалап пикир даярдоодо илимий көз караштү жетекчиликке алып, макаланын темасынын актуалдуулугуна, теориялык жана практикалык маанисине, мазмундук өнүттө илимий стилде жазылышына, структуралык милдеттүү элементтердин сакталышына тыкыр көңүл бөлүү зарыл. Сөз макаланын киришүү бөлүмүндө түйүндүү түшүнүктөрдүн, аннотациянын, изилдөөнүн максаты жана колдонулган илимий ыкмалардын мүнөздөмөсүн, негизги мазмунунда – изилдөөгө алынган

проблеманын абалын, автор тарабынан жыйналган жаңы маалыматтын, табылгалардын жана натыйжалардын мүнөздөмөсүн, башка авторлордун көз-карашына карата бааланышын, шилтемелердин жана цитаталоонун негиздүү болушу, ал эми макаланын жыйынтыктоочу бөлүмүндө изилдөөнүн максатына дал келген корутундунун орун алышын, колдонулган адабий булактардын тизмесин мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык берилишин камсыз кылуу жөнүндө жүрүп жатат. Мына ушул жагдайларды расмий дайындалган эксперт кылдат текшерип, баалап жана ынанымдуу пикир жазуусун камсыз кылуу маанилүү багыт катары таанышылы зарыл.

Белгилеп кетүүчү жагдай биздин журналга караганда РИНЦтеги импакт-фактору жогору болгон кээ бир жергиликтүү басылмаларда жагдай башкача. Эгерде «КББАнын кабарлары» журналынын редакциялык саясатындагы өзөктүү талап макаланын кол жазмасына карата эксперттик пикирди редакциялык коллегиянын мүчөсү милдеттүү түрдө жана жабык форматта даярдаса, башка басылмаларда мындай пикирди макаланын автору даярдап редакцияга тапшырып жаткан учурларын жаап-жашыруу мүмкүн эмес. Албетте, эксперттик пикирдин ар бир кол жазмага карата жабык форматта даярдалышы, макаланын авторуна тааныштырылышы, кемчиликтерди оңдоону талап кылуу кошумча убакытты талап кылаары белгилүү. Бирок, мындай механизмди, орунсуз конкуренцияга туруштук берүүдө ыңгайсыз экендигине карабастан, бир нече жылдар бою карманып келебиз жана анын келечегине ишенебиз.

**Экинчи багыт** – *журналдын негиздөөчүсүнүн жоопкерчилигин жогорулатуу жана академиянын илимий кызматкерлеринин илимий макала жазып жарыялоо ишмердүүлүгүн жакшыртуу.* «КББАнын кабарлары» журналы «юридикалык жак» статусуна ээ эмес жана анын каржылык маселелери академиянын жетекчилиги тарабынан чечилет. Ошондуктан журналдын электрондук ачык платформага (CrossRef DOI, DOAJ) киргизилишин каржылоону тез арада чечүү зарыл.

Ал эми академиянын илимий кызматкерлеринин макала жазып жарыялоо ишмердүүлүгүн жакшыртуу талабы төмөндөгү аналитикалык маалыматка негизделет. КББАнын кабарларында жарык көргөн макалалардын жалпы саны акыркы 10 жылдын алкагында толкун сымал өзгөрүп, эки ирет өзүнүн эң жогорку деңгээлине жеткен (1-сүрөт). Мындай көрүнүш биринчи ирет 2015-жылы (159 макала), ал эми экинчи ирет 2020-жылы (114 макала) орун алган. Бул көрүнүштүн себептерин төмөндөгү жагдайлар менен байланыштырса болот. Биринчи толкун илимий даража жана наам изденип алууда макалага балл берүү, экинчи толкун – академиянын илимий кызматкерлерин милдеттүү түрдө макала жазып-жарыялоонун милдеттендирилиши менен камсыз болгон. Ал эми макалалардын жалпы санынын төмөндөп кетиши (2018-жыл, 46 макала) Кыргыз өкмөтү тарабынан Кыргыз билим берүү академиясын реформалоо, анын курамынан педагог кызматкерлердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу борборун чыгарып өз алдынча институт уюштуруу чечиминин ишке ашырылышы менен байланыштуу. Анткени, академиянын штаттык кызматкерлеринин саны эки эсе кыскарып кызматкерлердин макала жазуу активдүүлүгү кадыресе төмөндөгөн (2022-жыл, 44 макала).




*1-сүрөт. «КББАнын кабарлары» журналында 10 жылда жарык көргөн макалалардын жалпы саны*

«КББАнын кабарлары» журналы кыргыз жана орус тилдүү илимий жана илимий-методикалык мезгилдик басылма катара таанымал. Ага байланыштуу кыргыз жана орус тилинде жарык көргөн макалалардын 10 жылдык динамикасы 2-3-сүрөттөрдө келтирилди.




*2-сүрөт. «КББАнын кабарлары» журналында 10 жылда кыргыз тилинде жарык көргөн макалалардын жалпы саны*




*3-сүрөт. «КББАнын кабарлары» журналында 10 жылда орус тилинде жарык көргөн макалалардын жалпы саны*

Кыргыз тилинде жарык көргөн макалалардын жалпы саны да толкун сымал өзгөрүп, 2013-2015-жылдары 3 эсеге өсүп, 31 ден 95 макалага жеткен. Бирок, 2016-2018-жылдары, кескин кыскаруу орун алып кайрадан баштапкы абалга (2018-жыл, 31 макала) кайтып келген. Кийинки жылдары кадыресе жандануу орун алганы менен (2020-жыл, 82 макала), тилекке каршы, кыргыз тилинде жазылган макалаларга саны кыскарып кеткен. Мындай тенденциянын олуттуу кесепетин белгилөө зарыл, сөз мамлекеттик тилди илимий чөйрөгө жайылтуу саясатына кошкон салымдын азайышы жөнүндө жүрүп жатат.

Ал эми орус тилинде жарык көргөн макалалардын жалпы саны да толкун сымал өзгөрүп, 2013-2015-жылдары 3,2 эсеге өскөнүн (11 ден 68 макалага жеткен), бирок 2016-2018-жылдары кескин кыскарып, баштапкы абалдан (2018-жыл, 15 макала) да төмөндөп кеткенин, кийинки жылдары бир аз оңолгонун (2020-жыл, 22 макала), тилекке каршы, орус тилинде жазылган макалаларга да кескин кыскаруу мүнөздүү экендигин (2022-жылы, 12 макала) белгилейбиз. Мындай тенденциянын олуттуу кесепети катары Кыргызстанда аткарылган илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын орус тилдүү илимий чөйрөгө жайылтуу жана «КББАнын кабарлары» журналынын импакт-факторун жакшыртуу мүмкүнчүлүгү чектелээри катары таануу зарыл.

Макаланын авторлорунун анализи да бир катар тенденциялардын орун алганынан кабар берет. Биз алардын үч багыттагы көрсөткүчтөрүнө көңүл бөлдүк: биринчиси билим берүү академиясынын кызматкерлери, экинчиси Кыргызстандык жана үчүнчүсү чет өлкөлүк жарандардын макала жазып-жарыялоо активдүүлүгүн талдадык (4-6-сүрөттөр) жана төмөндөгүдөй тыянакка келдик. Биринчиден, билим берүү академиясынын кызматкерлери менен Кыргызстандык жарандардын салыштырма активдүүлүгүнүн көрсөткүчү 2013-жылы КББАнын кызматкерлеринин пайдасында болсо (29 макала 24 кө каршы), кийинки эки жылда артта калуу (2015-жылы 85 макала 90 го каршы) орун алган, ал эми 2016-2018-жылдары кайрадан (2018-жылы 24 макала 21 ге каршы) кайтарылган. Бирок, бул жылдарга журналда жарык көргөн макалалардын жалпы санынын олуттуу кыскарып кеткен-

дигин да белгилейбиз. Экинчиден, 2019-жылдан баштап академиянын кызматкерлеринин активдүүлүгү кадыресе төмөндөгөн жана Кыргызстандык жарандардын активдүүлүгү (2020-жылы 41 макала 101 макалага каршы) кескин жогорулаган. Мындай тенденциянын орун алышына ЖАК тарабынан макалага ыйгарылуучу баллдын жогорулашы, кол жазмаларга коюлуучу редакциялык талаптын бекем сакталышы жана журналдын илимий чөйрөдөгү кадыр баркы өскөндүгү негиз болот.




*4-сүрөт. Кыргыз билим берүү академиясынын кызматкерлеринин «КББАнын кабарлары» журналына жарыялаган макалаларынын жалпы саны*




*5-сүрөт. Кыргызстандык жарандардын «КББАнын кабарлары» журналына жарыялаган макалаларынын жалпы саны*

Ал эми чет өлкөлүк жарандардын «КББАнын кабарлары» журналына макала жарыялоо активдүүлүгүндө эки толкун орун алгандыгын белгилейбиз. Биринчи толкун 2013-2015-жылдарга мүнөздүү жана чет өлкөлүк жарандардын макала жарыялоо активдүүлүгү олуттуу жогорулап, 2 макаладан 22 макалага чейин өскөн. Бирок, кийинки 3 жылда бир да чет өлкөлүк жаран биздин журналга макала жарыялоого кызыктар болгон эмес. Бул маселедеги кайрадан жандануу 2019-2020-жылдарга мүнөздүү болгону менен (10-13 макала), алардын жалпы санынын азайгандыгын жана соңку эки жылда кескин кыскаргандыгын (2-3 макала) моюнга алуу керек.




*6-сүрөт. Чет өлкөлүк жарандардын «КББАнын кабарлары» журналына жарыялаган макалаларынын жалпы саны*

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын импакт-фактору бар мезгилдик илимий басылмаларда жарыялоо тартибинин киргизилиши олуттуу мааниге ээ болгондугун жогоруда белгиледик.




*7-сүрөт. «КББАнын кабарлары» журналынын эки жана беш жылдык импакт-факторлорунун динамикасы*

Ага байланыштуу алгачкы этапта импакт-фактордун эки жылдык орточо чоңдугу эсепке алынганын, ал эми 2022-жылдан баштап беш жылдык орточо чондукка таянып аныктала баштаганын белгилөө зарыл. Бул өңүттө «КББАнын кабарлары» журналынын көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй мүнөздөлөт.

Эки жылдык импакт-фактордун эң жогорку чеги 2021-жылы (0,107) орун алса, беш жылдык импакт-фактордун ушул учурга карата чоңдугу 0,076 га барабар. Бул көрсөткүчтөргө төмөндөгүдөй комментарий берсе болот.

РИНЦ тарабынан берилүүчү импакт-фактор алгачкы ирет КББАнын кабарларына 2016-жылы ыйгарылган жана анын чоңдугу

0,02 ге барабар болгон, кийинчерээк жогорулоо жолунда болуп, 2021-жылы жогоруда көрсөтүлгөн деңгээлге жеткен. 2022-жылдын 7-декабрына карата аныкталган жана интернет желесинде жарыяланган маалыматка таянып салыштыруу иретинде РИНЦтин базасында 4752 басылма катталганын, «КББАнын кабарлары» Кыргызстандын басылмаларынын арасынан алгачкылардан болуп таанылганын белгилейбиз [11].

Ошондой эле соңку мезгилде РИНЦте катталган 60 ка жакын илимий басылмалардын импакт-фактору таптакыр жок экендигин да тастыктайбыз. Эң жогорку импакт-факторго Россиянын илимдер академиясынын «Дифференциальные уравнения РАН» деген журналы ээ (15,957) экендигин, 2019-жылы Кыргызстандын 8 журналында импакт-фактор болуп, 2022-жылы алардын саны 11 ге жеткенин белгилейбиз. Алардын арасында импакт-фактору жогору Кыргызстандын журналдарынын сап башында «Известия вузов Кыргызстана» журналы турат жана 0,214 көрсөткүч менен 4252 басылманын ичинен 3838 позицияны ээлейт. Экинчи орунда «Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов Центральной Азии» (0,212 – 3843 позиция), үчүнчү орунда «Alatoo academic studies» (0,204 – 3850 позиция), төртүнчү орунда «Вестник КГУСТА» (0,173 – 4006 позиция) болсо, «Известия КАО» (0,130 – 4233 позиция) бешинчи орунду камсыз кылган. Белгилеп кетүүчү жагдай илимдин педагогика багытында адистешкен Кыргызстандын журналдарынын арасында бул көрсөткүч алдыңкылардын катарына кошулат. Ырастоолорубуз ынанымдуу болушу үчүн төмөндө бир нече илимий басылмалардын импакт-факторлору жана ээлеген позициялары жөнүндө маалымат келтиребиз:

1. «Вестник ОшГУ» – 0,068 (4483 позиция);
2. «Известия НАН КР» – 0,044 (4570 позиция);
3. «Вестник БГУ» – 0,031 (4621 позиция);
4. «Вестник ОшТУ» – 0,030 (4625 позиция);
5. «Вестник КГУ им. Арабаева» – 0,019 (4662 позиция);
6. «Эл агартуу» – 0,008 (4684 позиция).

Кыргызстандагы педагогикалык багыттагы журналдардын арасындагы «КББАнын кабарлары» журналынын абалы негизинен жакшы деген баага татыктуу. Бирок, учурдагы сапаттык абал мындан ары да жакшыртууну талап кылат жана аны камсыз кылуунун бирден бир жолу академиянын ар бир илимий кызматкери жылына 2 ден кем эмес макала жазып жарыялоо тапшырмасын бекем аткаруу менен байланыштуу. Тилекке каршы, 2021-жылы болгону 29, ал эми 2022-жылы 14 гана академиянын кызматкерлери илимий макала жазып журналыбызга жарыялаганы жакшы көрүнүш эмес.

Акырында белгилей кетүүчү дагы бир проблема жөнүндө сөз кылуу зарылдыгы бар, – деп эсептөөгө негиз бар. Сөз Кыргызстандагы мезгилдик илимий басылмалардын илимий тармактар боюнча адистештирилишин сынчыл көз караш менен кылдат баалап чыгуу жөнүндө жүрүп жатат. УАКтын бул өңүттөгү «басылма илимдин бир (же бешке чейинки) тармагы боюнча адистештирилишин эсепке алат», – деген расмий позициясына таянсак, анда соңку тизмедеги кээ бир басылмалардын статустарынын талаштуу экендигинен кабар берет. Сөз кээ бир басылмаларга «мультидисциплиналык» (мультидисциплинарный), «илимдин бардык тармактары боюнча» (по всем научным направлениям), «РИНЦтеги багыттар боюнча» (по направлениям в РИНЦ) деген статустар жөнүндө жүрүп жатат. Албетте, илимдин бардык тармактары боюнча адистешкен басылманы түптөө абдан татаал экендигин, Кыргызстандагы бир да илимий мекемени, же болбосо жогорку окуу жайды алардын учурдагы потенциалын эсепке алсак, анда мындай басылманы толук кандуу элестетүү мүмкүн эместигин танууга болбойт. Элибизде «Күрүчтүн арты менен күрмөк суу ичет», – деп коюшат, анын сыңарындай мындай статустагы басылмалардын белгиленген чектен чыгып жатканы, макаланын кол жазмасын экспертизадан өткөрүү жаатындагы алешемдиктер изде-

нүүчүлөр кызыктар болгон балл топтоо жаатындагы адилеттүүлүктү камсыз кылбай жатат. Анткени, илимдин бир нече багыттары боюнча олуттуу ийгиликтерди жаратуу, тийиштүү тажрыйба топтоо жана салмактуу илимий борборго айлануу оңой-олтоң жумуш эмес.

УАКтын президиумунун 2022-жылдын 29-декабрында (№ 588) бекиткен илимий басылмалардын тизмесиндеги мультидисциплинардык статустагы басылмалардын жалпы саны жетиге, РИНЦтеги илимдин бардык багыттары боюнча он төрткө барабар экендигин эсепке алып жогоруда белгиленген проблеманын актуалдуу экендигин көрүүгө болот. Мындай ырастоого төмөндөгүдөй аргументтерди келтирмекчибиз. Кыргызстанда бир катар салмактуу педагогика жаатында белгилүү окуу жайлар жана илимий борборлор бар. Бирок, алардын илимий басылмаларынын импакт-факторлору төмөн. Албетте бул өзүнчө маселе, бирок илимий басылманын адистешүү критерийин жетекчиликке алсак, анда олуттуу проблеманын орун алып жатканын четке кагууга болбойт. Мисалы, Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин илимий журналы (Известия КГТУ им. И. Раззакова) «РИНЦтеги бардык багыттар боюнча» деген статуска ээ. Журналга жарыяланган макалалар эрежеге ылайык 16 балл менен бааланат. Бирок, аталган окуу жай педагогика боюнча адистерди даярдоонун, же болбосо илимий изилдөөлөрдүн салмактуу борбору экендигин ырастоо мүмкүн эмес. Аны окуу жайдын аты жана педагогикалык кадрларды даярдоодогу Р. Сулайманова тарабынан аныктаган орду тастыктайт [12]. Кыргызстандагы педагогикалык кадрларды даярдоо менен алек болгон 30 жогорку окуу жайдын арасында аталган университет 25 орунду ээлейт. Анткени, бул окуу жайда педагогика багытында окуган студенттердин саны 60 барабар болуп, кадр даядоого 0,11% салым кошот. Ошондуктан, илимий басылмалардын адистик багыттарын тыкыр тактоо жана олуттуу салмактоого мезгил жетти деп эсептейбиз.

**Корутунду.** Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын жарыялоо, илимий басылмалардын сапаттык көрсөткүчтөрүн жана салмагын мезгил-мезгили менен аныктап туруу Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан жакшы жолго коюла баштады. «Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары» журналынын редакциялык курамы расмий талаптарды аткаруу боюнча бир топ алгылыктуу иштерди демилгеледи. Бирок, РИНЦтеги 10 жыл журналдын ишмердүүлүгүндөгү оң маанайдагы тенденциялар менен бирге бир катар олуттуу проблемалардын чечилбей келе жаткандыгын да көрсөттү. Журналдын сапатын жана импакт-факторун жогорулатуу мезгилдин талабы экендигин тастыктады.

**Адабияттар:**

1. Наукометрия. [Электронный ресурс] https://ru.wikipedia. Дата посещения 22 марта 2023 года.
2. Положение «О правилах формирования Перечня рецензируемых научных периодических изданий для опубликования основных научных результатов диссертации». Утверждено постановлением президиума ВАК Кыргызской Республики от 3 июля 2014 года № 74.
3. Российский индекс научного цитирования. [Электронный ресурс] https://elibrary.ru/project. Дата посещения 1 марта 2023 года.
4. Свидетельство о регистрации средства массовой информации научного периодического издания. РСМИ № 000444 от 3 июля 2015 года, регистрационный номер 2113.
5. Перечень рецензируемых научных изданий, в которых должны быть опубликованы основные научные результаты диссертаций. Утверждено постановлением Президиума ВАК Кыргызской Республики от 26 ноября 2015 года № 262.
6. Перечень рецензируемых научных изданий для опубликования основных научных результатов диссертации. Утверж-

дено постановлением Президиума ВАК Кыргызской Республики от 27 сентября 2018 года № 121.
7. Приказ ВАК Кыргызской Республики №1 от 21 января 2019 года О количестве баллов по научным статьям, опубликованным после 1 января 2019 года.
8. Crossref (ранее CrossRef) [Электронный ресурс]. https: //ru.wikipedia.org/wiki/Crossref. Дата посещения 1 марта 2023 г.
9. Перечень рецензируемых научных периодических изданий для опубликования основных научных результатов диссертации. Утверждено постановлением Президиума ВАК Кыргызской Республики от 29 декабря 2020 года № 142.
10. Перечень рецензируемых научных периодических изданий для опубликования основных научных результатов диссертации. Утверждено постановлением Президиума НАК при Президенте Кыргызской Республики от 29 декабря 2022 года № 588.
11. Сравнение показателей журналов. [Электронный ресурс]. https://www.elibraru.ru/titles_compare.asp. Дата посещения 7 декабря 2022 года.
12. Сулайманова Р.Т. Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы [Текст]: автореф. дис... доктора пед.наук: 13.00.01/ Р.Т. Сулайманова. – Бишкек, 2023. – 43с.

***Рысбаев Сулайман,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Толубай кызы Кызжибек,***
***аспирант,***
***Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ош шаары***

## БАЛАНЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ «КИТЕПКӨЙ БАЛАНЫН МОДЕЛИ» ТУУРАЛУУ

***Рысбаев Сулайман,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Толубай кызы Кызжибек,***
***аспирант,***
***Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова,***
***Кыргызская Республика, город Ош***

## О «МОДЕЛИ КНИЖНОГО РЕБЕНКА» В ФОРМИРОВАНИИ ЧИТАТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ У РЕБЕНКА

***Rysbaev Sulaiman,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Tolubay kyzy Kyzzhibek,***
***Graduate Student,***
***Kyrgyz-Uzbek International University named after Batyraly Sydykov,***
***Kyrgyz Republic, Osh city***

## ABOUT THE «MODEL OF A BOOK CHILD» THE FORMATION OF A CHILD'S READING ACTIVITY

***Аннотация:*** *Макалада баланын китеп окуусунун калыптанышы, анын өнүгүшү жана өнүгүүсүнүн түрдүү этаптары тууралуу кеп болот. Китеп окууну өнүктү-рүүгө өбөлгө болор окуу-нормативдик жана уюштуруу иштеринин мааниси, анын*

*илимий-методикалык жол-жоболору айтылат. Эрте жаш курагынан тарта баланын окууга көнүгүүсүнүн шарттары, анын талаптары ачылган. Ошондон улам, баланын окурмандык сабатынын, ишмердиги жана китепкөй баланын модели деген түшүнүккө келген жана ал түшүнүк ар тарабынан негизделген.*

***Аннотация:*** *В данной статье речь пойдет о формировании читательских навыков у ребенка, а также об этапах его развития. А также в статье авторами подробно изложены значения научно-методических, учебно-нормативных и организационных работ, которые способствуют развитию читательских навыков у ребенка.*

***Annotation:*** *The article will tell about the formation of a child reading books, his development and various stages of development. The importance of educational, normative and organizational work, its scientific and methodological procedures that contribute to the development of reading are outlined. From an early age, the conditions for teaching a child to read and his requirements are revealed. Because of this, the child came to the concept of reading literacy, activity and the book model of the child and justified this concept in every possible way.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *китеп окуунун мааниси, баланын жаш курагы, окуу сабаттуулугу, окурмандык, окурмандык компетенттүүлүк, окурмандык ишмердик, китепкөй бала, китепкөй баланын модели, китеп окууга үйрөтүүчү иш-чаралар.*

***Ключевые слова:*** *важность чтения, возраст ребенка, читательская грамотность, компетентность, читательская деятельность, книжный ребенок, мероприятия, способствующие формированию и расширению читательского кругозора, интересов, увлечения.*

***Key words:*** *the importance of reading, the age of the child, reading literacy, readability, reading competence, reading activity, book child, book child model, reading learning activities.*

**Киришүү.** Ар кандай стилдеги жана тематикадагы текст балага чөйрөнү таанууга, көз карашын кеңейтүүгө, рухий дүйнөсүн байытууга, андан ары ойлонтуу аркылуу ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө жана турмуштук көз караштарын калыптандырууга жетелейт. Ал үчүн бирде публицистикалык, бирде илимий-популярдуу, бирде таанытуучулук, бирде көркөм адабий стилдеги тексттер бирин-бири толуктап, жогоруда айткан багыттарда кызмат кылат. Бирок ошонун баарын өзүнө камтыган бир стилдеги чыгарма – бул, көркөм-адабий чыгарма болуп саналат. Ал жогоруда атап өткөн бардык багытка жана максатка кызмат кылат. Демек, адам үчүн көркөм чыгарманын ролу өзгөчө жана анын ордун эч кандай башка адабият толуктай албайт жана адам тумушун көркөм адабий чыгармасыз элестетүүгө мүмкүн эмес.

Көркөм адабият мектепте адабият сабактарында окулуу менен, баланын акыл жөндөмүн дагы, адеп-ахлактык сапаттарын дагы жана да эстетикалык сезим- туюмдарын да бирге калыптандырууну көздөө менен өзгөчөлөнүп турат.

Ушул тараптан алганда мектептеги Адабий окуу сабагы башталгыч класста төмөндөгүдөй кызматты аткарары белгиленген, атап айтканда: «Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү деңгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат» [1, 37-б.].

**Изилдөөнүн максаты.** Баланы окууга үйрөтүү ар кандай стилдеги жана тематикадагы текст балага чөйрөнү таанууга, көз карашын кеңейтүүгө, рухий дүйнөсүн байытууга, андан ары ойлонтуу аркылуу ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, көркөм адабиятты

мектепте окутуу менен, баланын акыл жөндөмүн дагы, адеп-ахлактык сапаттарын жана эстетикалык сезим туюмдарын аныктоо.

**Изилдөөнүн методу.** Илимий методикалык педагогикалык адабияттарды изилдөө жана талдоо. Байкоо, пикир алышуу, маалыматтарды иштеп чыгуу ыкмалары.

**Негизги мазмуну.** Ошентсе дагы, көркөм адабий текст менен башка стилдеги тексттерди интеграциялап колдонуу менен, мугалим баланын ар тараптан ойлонуу жөндөмүн жана түшүнүгүн да толуктап өнүктүрө алат.

Бул иш-аракет башталгыч мектептен эле ырааттуу түрдө калыптана башташы керек. Антпесе, жогорку класста кеч болуп калат. Андай иш-аракеттер айрым методикалык кадамдар аркылуу ишке ашмакчу.

Мындагы биринчи кадам: баланы окуу техникасына үйрөтүү болмокчу. Ал төмөндөгүдөй ырааттуу кадамдар менен ишке ашмакчы:

Анын кадамдары төмөндөгүдөй, тактап айтканда, окуу техникасын өзөштүрүү, анын белгилери булар:

- тамгаларды толук таанып-билүүсү, алардын кандай тыбышты берерин жана бирин-биринен туура ажыратып, артикуляциялык белгилерине жараша туура айтуу;
- муундук таблицаны колдонуу менен, муундап окууга көнүгүү, окшош муундардын ички музыкалуулугуна жараша тууратак окуу;
- талдоо-жыйноо методу аркылуу жөнөкой, андан соң татаал сөздөрдү туура окууга жетишүү;
- сөз айкаштарды, андан соң, сүйлөмдөрдү мазмунуна жана кыраатына жараша туура окууга үйрөнүү;
- андан соң, эң жөнөкөй тексттен тартып окууга машыгуу.

Бул кезде балдар сүйлөм ичиндеги сөздөрдү ыргагына жана мазмунуна ылайык ырааттуу, үзбөй, жогоруда айтылгандай, адегенде, сүйлөмдүн ички логикасын сактап, муундап, муундап-сөздөп, андан сөздөп жана сөздөп-сөз айкаштап сабаттуу окууга машыгат. Ошону менен бирге, тексттеги ойду түшүнөт, окуунун бирдей ыргагын сактап окууга жатыгат. Мына ошентип, баланын окуу техникасы ырааттуу жана максаттуу түрдө калыптанат.

Ошентсе да, баланын окууга кызыгуусу калыптанбаса, окуу ишмердиги жана окуу компетенттүүлүгү калыптанат деген ишенимге келүүгө болбойт. Андыктан, баланын окууга болгон кызыгуусун билүү, анын белгилерин, анын критерийлерин байкообуз керек. Балким, ал:

- баланын тексттин мазмунунда кандай маалымат бар экендигине болгон кызыгуудан башталар;
- тексттеги айтылган ойго болгон оң эмоциянын ойгонуусу;
- тексттеги айтылган ойго баланын ички рефлекциясынын пайда болуусу;
- тескттеги маалыматка тартылуу, ага андан дагы да керектүү маалыматты алууга болгон тартылуунун болушу.

Ошондуктан, мугалим жана ата-эне баланы окууга кызыктыруу үчүн анын курагына, кызыгуусуна жакын жана кызыктырууга мүмкүн болгон, жан дүйнөсүн ойгото турган, анан да окууга жеңил тексттен баштоо керек.

Мындай иш-аракеттер баланын эрте жаш курагынан баштап, тестиер, жеткинчек, андан ары өспүрүм куррактарында китепке кызыгуусун жараткан бир «учкундун пайда болуусу», ошол учкундан ары окууга болгон «кызыгуунун жалыны» тутанышы, тактап айтканда, окууга кызыгуусу өнүгө баштаары шексиз.

Ошондон тартып, балада окууга болгон төмөндөгүдөй сезимдер ойгонуусу башталмакчы:

- үйдө өзүнүн жакшы көргөн китеби пайда болот, аны колунан түшүрбөй калат, куурчагына көрсөтөт, куурчагына окуп бергиси келет, куурчагы да китеп окугусу келет деген ой жаралат, демек, мындан балада алгач ирет «менин китебим» деген түшүнүк пайда болот;
- үйдөгү китептердин катарына бала өзүнүн китебин коёт, ошол жерден дайым тапкысы келет, көп китептердин арасында

өзүнүн жакшы көргөн китебинин болуусун каалайт, ошондон тартып, «менин китеп текчем» деген түшүнүк балада пайда болот;

- китеп окууга оң эмоциясы калыптана баштайт, т.а. балада «китеп окуганды жакшы көрөм» деген сезим пайда болот;
- окуган китептерин текчесине тизип алат, эми дагы да көп китептери болуусун каалайт, анан «менин китептерим көп» деп башкаларга мактанат;
- өзү буга чейин окуган, окуп жатыгып калган «оңой» окуган китебин кайрадан окугусу келет, «бул китеп жакшы» деген тандоосу башталат;
- курдаштары менен аңгемелешүү аркылуу алардын да жакшы китепти окуса деген тилеги пайда болот, башкаларга да окууну сунуштайт. Мына бул белгилер баланын окуу ишмердигинин башталышынын белгилери, т.а. көрсөткүчтөрү болмокчу.

Албетте, баланын китеп окуусу анын жаш курагына жана окуган классына да тыкыс байланышта болору белгилүү. Баланын бөбөк, тестиер, жеткинчек жана өспүрүм курактарында мына ошол мүмкүнчүлүктөрүнө жараша мамиле жасоо өтө маанилүү экендигин психологдор ачык-айкын түшүндүрүшөт. Бул иштер – баланы окууга үйрөтүүнүн этаптары деген түшүнүк менен түшүндүрүлмөкчү. Алар кандай этаптар жана анын мүнөздөмөлөрү кандай болмокчу?

**Биринчи этап:** Бул этап эки бөлүктөн турмакчы. Биринчи бөлүгү – эрте курак, т.а. *Наристе курак, 3-4 жаш.* Бул куракта балдар сүрөттүү китептерди колуна алып, сүрөттөрүнө көңүл коюп, китепти оң-терс кармаган учурларын өзүлөрү текшере билип, буюмдардын өң-түсүн так айтып, сүрөттөрдү түр калем менен боёп калышат, чоң китептерден көрөкчө, «кичинекей китептерди» жакшы көрүшөт. Жан-жаныбарлардын аттарын ажыратып таанып, аларга образдуу мамиле жасашат, ошолордун кыймыл-аракеттерин, үндөрүн туурашат, кыялданышат, кыялында чоң кишилер жасай албагандарды жасагылары келет.

**Биринчи этаптын экинчи бөлүгү:** *Бөбөк курак, 5-6 жаш.* Бул куракта балдар төмөндөгүдөй иш-аракеттерге жарап калышат:

- бакчада тарбиячынын берген тапшырмасы боюнча төрт сап, сегиз сап жөнөкөй ырларды жаттап айтууга жарап калат;
- сүрөттүү китептерди колуна алып, буюмдарды, жан-жаныбарлардын аттарын айтып, алардын аттарына келген тамгаларды ажыратып айтууга жарап калышат;
- алфавиттин жөнөкөй тамгаларын басма элементи менен жазып, жөнөкөй сөздөрдү окууга жетишишет.
- окуп берген сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, чакан ырларды кайталап айтып, окуп берген чакан жомоктун сюжетин кайталап беришет;
- окуп берген жомоктор менен күлкүлүү аңгемелерден өзүлөрүн издешет, көбүнчө, аңгемеден көрөкчө, жомокторду жакшы көрүшөт; кичинекей китепчелерден көрөкчө, форматы чоңураак китепти жактырышат;
- жашылча-жемиштер, үй жаныбарлары, кийим-кечелер жана идиш-аяктар тууралуу сүрөттөрдү жакын көрүшөт, аларды боёшот, сүрөттөп айта алышат, алар табышмактарды жандыра алышат. Ошондуктан, бул наристе (3-4 жаш) жана бөбөк (5-6 жаш) китеп окууга *үйрөтүүгө даярдык көрүү курагы болуп* саналганы менен көңүлгө алынуусу кажет.

**Экинчи этап:** *Тестиер курак, 7- 9 жаш.* Бул куракта балдар мектепке келип, тамга таанып, чакан тексттерди өз алдынча окуп калышат. Китептерден табияттын сүрөттөрүнө, жапайы жан-жаныбарлар менен канаттуулардын жашоосуна кызыгуусу башталат, алар тууралуу жомокторго кызыгып, табиятка жана адамга туура мамилени калыптандырган чакан аңгемелерди окугусу келип, жакшы менен жаман сапаттарды ажыратып түшүндүргөн ырларды кызыгып жаттап айтып калышат. Мына ушуну менен тестиер курак китеп окууга жатыктыруучу баштапкы этап катары көрүнөт да, тамга таанып, окууга үйрөнгөн кези, албетте, китеп *окууга көнүктүрүүчү баштапкы (7-9 жаш) мезгил* ушул болуп саналат.

**Үчүнчү этап:** *Жеткинчек курак, 10-12 жаш.* Бул куракта балдардын кызыгуулары ар тараптуу болуп, акырындап көз карашы, ою калыптана баштайт, жакшы үлгүнү туурап, өзүнүн кинодон жана окуган китебинен таанышкан оң каармандарын туурап, жүрүм-турумдун жакшы-жаман, туура-туура эмес экенин талдап, дүйнө тууралуу жана табышмактуу керемет нерселер жөнүндө сүйлөшүп жана ойлонуп, жаңыча эрежени күтө баштайт. Окуялуу, кызыктуу чакан аңгемелерди, баяндарды окуп калышат.

Бул *«китеп менен азыктанган»* курагында бала китептеги насаат сөздөрдү, элдик акылды, үлгү образдарды китеп аркылуу кабыл алып, жүрүм-турум адебине, мамиле адебине, сүйлөө адебине, мекенди сүйүү адебине, табиятты кастарлоо адебине ж.б. үйрөнөт, анын адепки түшүнүктөрүн алат.

**Төртүнчү этап:** *Өспүрүм курак, 13-15 жаш.* Бул курак балдардын жаш өзгөчөлүгүндө өзгөчө бааланууучу курак болуп саналат, ал учурунда балдар психологиялык-физиологиялык жана акыл менен адеп-ахлактык жактан өзгөрүү мезгилине келип, айланага, адамдарга башкача көз менен кароо мезгили башталып, турмуштан нравалык-этикалык идеалдарын тандап, тарыхый-эпикалык баатырлардын образдарынан өзүлөрүнүн образын издеп, фантастикалуу чыгармаларды окууну жактырап, кыялданып ой жүгүртүп калышат. Ошого ылайык тарыхый жана эпикалык баатырлардын өмүр баяндары тууралуу жана фантастикалык каармандар тууралуу китептерди окууга кызыгуусу артат.

Бул кездеги *«үлгү менен азыктанган»* курагында бала эми мугалимине, анын сөздөрүнө сын көз менен карап, турмуштук кырдаалдарга өз алдынча баа берип, жаккан образдарды издеп, мыкты үлгүлөргө карап өз алдынча «түздөнүп», жаккан каармандары тууралуу достору менен пикир алышып, өз ой-пикирин билдире баштайт. Ошондуктан, *жеткинчек курак (10-12 жаш) жана өспүрүм курак (13-15 жаш)* балдарды китеп окууга үйрөтүүдөгү активдүү мезгил болуп саналат.

«Окуу ишмердигинин модели» аттуу макаласында методист О.В. Литвиненко сунуш кылган модель тууралуу деп жазат:

1. Окуу чөйрөсүн түзүү: баланын каалоосу, максат коюу, китеп тандоо, ырааттуулукка салуу;

2. Окуу процесси: окуунун жүрүшү, карап чыгуу, тереңдетип окуу, окууну турукташтыруу;

3. Окуунун жыйынтыктары: ойлорду жазуу, библиография түзүү, конспектилөө [2].

*Сунушталуучу шарттар.* Ушундай шарттарды жүзөгө ашырууда, адегенде, анын даярдоочу иш-чараларын жүргүзүү керек – деп эсептейбиз, ал үчүн төмөндөгүлөрдү сунуштайбыз, т.а. класста баланын китеп окуусун уюштурууучу уюштуруу-педагогикалык иш-чаралар, китеп окуунун түрдүү формалары колдонулушу шарт. Алар:

1) «Мугалим менен окуучу» формасы, демек, мугалим окуп, бала аны ээрчип, кайталап, тилин жатыктырып, окуу техникасын байытат, өстүрөт.

2) «Окуучу менен окуучу» формасы, мында мугалимден кийин эки окуучунун бири окуп, экинчиси ээрчийт, же бир окуучу окуп, экинчиси анын токтогон жеринен улантып, бирин-бири сүрөп, окуу техникасына машыгышат.

3) «Тайпада окуу» формасы, мында бир тайпадагы балдар бири окуганын кийинкилер улантышат, туура окубай жатса, же ката окуп жатса, аны түзөтүшөт, такташат, образдуу, сезимдүү окуп машыгышат.

4) «Класста жалпы жамааттык (фронталдык) окуу», мында берилген текстти жамаат менен, хор түрүндө окуп, жалпы тил жатыктырышат.

5) «Окуучунун өз бет алдынча» китеп окуусу, мында ар бир окуучу буга чейинки иштерди эми өз алдынча аткарышат, өз алдынча машыгуу менен окуу көндүмдөрүн өстүрөт, окуганынын мазмунуна үңүлө карап, түшүнүгүн жалпыга айтып берет.

6) «Китепканачы менен окуучу» формасы, мында китепканачы балдардын китеп окуусун уюштурат, окуу техникасын, анын ичинен так, туура, муундап, шар, көркөм,

образдуу, сезимдүү, түшүнүп ж.б. окуу боюнча конкурс, викторина өткөрөт, жеңүүчүлөрдү сыйлайт.

7) «Ата-эне менен окуучу» формасы, мында ата-эне да баланын китеп окуусуна катышат, үйдө бирге окушат, ата-энесинин окуганын бала кайталап ээрчип окуйт, окуганынын мазмунун айтып берет, өзү окуп түшүнгөнүн айтат ж.б. [3, 41-б.].

Мына ушундай окуулар менен бирге, класстан тышкыркы убакта да төмөндөгүдөй китеп окууну уюштуруу иштери аткарылса максатка ылайык келет. Мисалы:

1) Мектепте педагогикалык *бирдиктүү китеп окуу саясатын* жүргүзүү иши колго алынса, ал үчүн:

- жуманын бир күнүн *«Китеп окуу күнү»* катары белгилөө, ошол күнү ар бир бала эки барак болсо да китеп окуп, алар тууралуу аңгемелешүүлөр жүргүзүлсө;
- башталгыч класстарда күн сайын сабак алдында *«Беш мүнөт окуу»* салтын жайылтуу, аны методикалык жактан максаттуу уюштуруу; мунун өзү балдардын туруктуу китеп окуусун кенже курактан тартып активдештирмек;
- китеп окуу конференцияларын, викториналарды, чыгармачыл кечелерди ырааттуу жүргүзүү;
- адабият сабактарында *«Автор сабак өтөт»* деген ыкманы жана авторлор менен жолугушууларды өткөрүү; мындай сабактар жана жолугушуулар мугалимдин сабагынан да кыйла кызыктуу, баалуу, жугумдуу, таасирдүү болмок;

2) *Китеп окуу декадаларын* өткөрүп туруу да китеп окууну өнүктүрүүгө өбөлгө түзмөк;

3) *Викториналарды* уюштуруу;

4) Китеп окуу *конференцияларын* өткөрүү;

5) Адабий *кечелерди* өткөрүү;

6) *Китеп окуу күндөлүгүн* уюштуруу;

7*) «Жомок фестивалын»* өткөрүү, ал аркылуу жомокторду инценировкалоо, каармандардын сөзү көркөм айтуу, образдарын түзүү, муляждарын жасоо, сүрөттөрүн тартуу ж.б. иштер балдардын китепке болгон кызыгууларын сөзсүз арттырмак;

8) Жазуучулар менен жолугушуу кечелерин өткөрүү.

Бул иштер мекепте окуучулардын китепке болгон ырааттуу мамилесин түптөп да, бекемдеп да, өнүктүрүп да отурмак.

Окуу ишмердиги ырааттуу жүзөгө аша койбос ишмердик экени белгилүү. Анткени бала, «чү» дегенде эле китепти колуна алып, «окурмандык жолго» түшүп кетпейт, анын кыйла тепкичтери бар. Анын эң негизгиси – баланын өз алдынча окууга багыт алышы. Бул тууразында практик мугалим М.Асанова «окуучуларды өз алдынча информациялык окуу ишмердүүлүгүнүн негизги этаптары» катары: максат коюу, пландаштыруу, ишке ашыруу, көзөмөлдөө, оңдоо, түзөтүү, ишмердүүлүктү баалоо» [4, 33-б.] аттуу уюштуруу иштерин белгилеген. Демек, баланы китеп окууга көнүктүрүүчү жана аны активдештирүүчү мезгилдерди ырааттуулукка салуу гана ишти максаттуу жана ирееттүү жүзөгө ашырат.

**Негизги мазмуну.** Баланын китеп окуу компетенттүүлүгүнүн калыптануу мезгилдери тууралуу төмөндөгүлөрдү да эске алалы. «Баланы 3 жаштан 6 жашка чейин өстүрүүнүн «Балалык» программасында бул курактагы балдардын организминин тез өнүгөрү, «айрыкча, байланыштуу кеби активдүү болору, чакан аңгеменин мазмунун кайра айтып бере алары, оюнчуктары, оюндары жана турмушундагы болуп өткөн окуяларды айтып бере алары көрсөтүлгөн [5, 73-б.]. Ошондуктан, бул курактагы балдар менен иштөөнүн методдору катары булар сунушталган: улуулардын окуп берүүсү, кайра айтып берүү, сүрөт боюнча аңгеме түзүү, оюнчук тууралуу сүрөттөп айтып берүү, түрдүү суроолор боюнча аңгемелешүү, иллюстрацияларды бирге көрүү, театралдаштырылган оюндарды пландаштырууга болот [5, 75-б.]. Бирок баланы курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша, төмөндөгүдөй бөлүштүрүп иш жүргүзүү анын келечектүүлүгүн көрсөтөрү шексиз, тактап айтканда, жогоруда айтып өткөн «моделге» жараша жана да балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык, бир нече этаптарда

иш алып баруу жакшы натыйжага алып бармакчы. Мисалы:

***1. Даярдоочу этап:*** наристе (3-4 жаш) жана бөбөк (5-6 жаш) китепти таанытуу жана китеп окууга *үйрөтүүгө даярдоочу курак;*

***2. Баштооч этап:*** тестиер мезгилинде китеп *окууга көнүктүрүүчү баштапкы (7-9 жаш) мезгил;*

***3. Активдештирүүчү этап:*** *жеткинчек курак (10-12 жаш) активдештирүүчү этап:*

***4. Өнүктүрүүчү этап:*** *өспүрүм курак (13-15 жаш)* китеп окууга үйрөтүүдөгү активдүү мезгил.

Эми ушуларга карап, баланын жаш-курагына жараша аткарылуучу иштерге жана алардын көндүмдөрүнө карап, «Китепкөй баланын модели» жана анын калыптануу этаптары деп мүнөздөөгө негиз жаралат. Эми анын «өнүгүү этаптарын» төмөндө кененирээк кеп кылалы.

***1. Даярдоочу этап:*** Наристе (3-4 жаш) жана бөбөк (5-6 жаш) мезгили, китеп окууга *үйрөтүүгө даярдоочу курак:* бул, тамга таанытуу этабы, тамга элементтерин үйрөтүү мезгили, тамгалардын бири-биринен ажыратып таануу учуру, тамгаларды артикуляциясына жараша туура окууга машыктыруу, тамгалардын фигурасын башка предметтер менен окшоштуруп, түшүнүктөрүн бекемдөө мезгили.

Бул мезгилде мындай иштерге балдар жарап калышат, анын ичинде:

*а) китепке болгон мамилесинде:*

- китеп деген эмне экенин билишет;
- китепти журнал, альбом жана гезиттен айырмалап калышат;
- китепти оң жана тескери кармаганын билишет;
- китепти тытпай, айрыбай, булгабай, аяр мамиле жасаганга көнүгүп калышат;

*б) китептин жасалгасына мамилеси:*

- китептин кооз же кооз эмес экенине көңүл коюп, тандай алышат;
- китептеги сүрөттөргө көңүл коюп, предметтерди, жан-жаныбарларды атап айтышат;
- сүрөттөрдү таанып, аларга жараша боёк менен туура боёгонго башыгып калышат;

*в) китептин мазмунуна жараша мамилеси:*

- тамгалардын бир катарын таанып, жазууга көнүгө башташат;
- тааныш тамгаларына карап, китептин атын, ичиндеги чоң темаларды окуп калышат;
- китептеги чоң тамгалар менен жазылган тексттин саптарын ээрчип, жаттап алган ырларын тексттен таап калышат;
- эң жөнөкөй сөздөрдү тааныш тамгаларына жараша окуп калышат;
- тамгаларды басма түрүндө колдонуу менен жөнөкөй сөздөрдү жана өзүнүн атын жазууга көнүгүшөт;

*г) китеп менен иштөөгө машыгуусу:*

- жөнөкөй сөздөрдү ата-энесинин жана тарбиячынын жетеги менен үнүн чыгарып окууга жарап калышат;
- майда текстти өз алдынча окуп-үйрөнүүгө кызыгуусу түптөлөт;
- ата-энеси же тарбиячысы окуп берген жомокту же кызыктуу аңгемени мазмунуна, анын каармандарынын сөздөрүнө маани берип, эмоционалдык мамилеси жаралат;
- китептен укканын түшүнүп, аңгемелешүүгө көнүгө башташат;

- сөз байлыгы түптөлө баштайт.

***2. Баштоочу этап:*** Тестиер мезгилинде китеп *окууга көнүктүрүүчү баштапкы (7-9 жаш) мезгил.* Бул мезгилде мындай иштерге балдар жарап калышат, анын ичинде,

*а) сабаттуу окуу боюнча:*

- сабаттуу окуусу калыптана баштайт;
- чакан текстти өз алдынча окуганга көнүгө башташат;
- өз алдынча окуу тажрыйбасы түзүлө баштайт;

*б) окуганына жасаган мамилеси боюнча:*

- мугалимдин жардамы жана байкоосу менен сүйлөмдөгү жана тексттеги айтылган ойдун мазмунун, идеясын түшүнүүгө багыт алат;
- чакан ырдын мазмунун эмне тууралуу экенин жалпылап айтууга машыгып калат;

*в) окуганынын мазмунун түшүнүүсү:*

- чакан аңгеменин эмне тууралуу экенин түшүнүп калат;
- чакан жомоктун ким, эмне жөнүндө экендигин түшүндүрүп бере башташат;
- чыгармадагы эмоционалдуу учурларга эмоционалдуу мамиле жасап, кайта элестүү айтып бере алышат;
- ыр түрүндөгү чыгарманы, жомоктогу каармандын кебин эмоционалдуу айтып машыгып калышат;
- өз алдынча окууга кызыгуусу ойгоно баштайт.

***3. Активдештирүүчү этап.*** *Жеткинчек курак (10-12 жаш)* китеп окууга үйрөтүүдөгү активдүү мезгил.

*а) окууга мамилеси:*

- окууга оң эмоциясынын калыптана башташы;
- окуу ишине түздөн-түз аралашып, китеп окуу чөйрөсүнө кириши;
- жакшы көргөн китептеринин болушу;
- окууну каалоо сезиминин түзүлө башташы.

*б) окууга машыгуу деңгээли:*

- сабаттуу окууга жетишип калуусу,
- окуу техникасынын калыптанып калуусу;
- өз алдынча китеп окуй баштоосу;
- окуган ырларын жатка көркөм айтып машыгып калышы;
- окуган жомокторунун каармандарынын ролун аткарып, инсценировкалоого аралашып калышы;

*в) адабиятка сезим-туюму:*

- адабий жанрдын бир түрүнө кызыгуусунун калыптанышы (мисалы, жомокко, ырга);
- сүйүктүү образынын болушу;
- окуган Адабият китебинен бир канча чыгарманы жактыруу менен, «мага жагат» деген сезимдин калыптанышы;
- айрым жазуучулардын аттарын билип, «чыгармасын окудум» деген ой туюмунун бекемделе башташы;
- «кичинекей окурман» болуу деген сезими жаралышы;
- айрым окуучунун ыр жазууга далалат кылып калышы;
- окуган чыгармасы тууралуу тартылган иллюстрацияларга кызыгуусу артат;
- окуган чыгармасынын мультфильм жана кинофильм вариантын көрөт, аларды салыштырып, билимин толуктайт.

***4. Өнүктүрүүчү этап.*** *Өспүрүм курак (13-15 жаш)* китеп окууга үйрөтүүдөгү өнүктүрүүчү мезгил. Бул кезде окуучулар төмөндөгүдөй көндүмдөргө калыптанып калышат:

*а) Окууга мамилеси боюнча:*

- окуу – билим алуунун негизги булагы экенин түшүнүп калышат;
- окуу – окуучунун негизги иши экенин туюп калышат;
- активдүү окуу менен, өзүн башкалардын алдында көрсөтүп калышат;
- окууга кызыгуу менен, окууну жаңылык алуунун каражаты экенин билип калышат жана окуганын жаңылык катары башкалар менен бөлүшүп калышат;

*б) Окуунун мүнөзү:*

- шар, көрктүү, сезимдүү окушат;
- каармандардын образын түзүп, сценкаларга активдүү катышышат;
- класстан тышкаркы, мектептен тышкаркы иш-чараларга катышып, активдүүлүгүн көрсөтүп калышат.

*в) Адабиятка мамилеси:*

- адабий жанрларды туура түшүнүп, кайсы жанрдагы чыгарманы окуу сезими калыптанат;
- жазуучулук эмне экенин билүүгө кызыктар болуп, жазуучу менен жолугууну, аны менен сүйлөшүүнү каалашат;
- өзүлөрү да чакан ыр, жомок жазууга кызыгуусу ынтызар болушат;
- окугусу келген китепти кызыгуу менен тандоосу;
- адабий-чыгармачылык сезимдери ойгонот;
- китепти таза сактайт, өзүнүн китеп текчеси болот, айрылган, тытылган китепти оңдоп-түзөйт, «дарылайт»;
- китеп окууну *«рухий керектөө»* катары сезими калыптана баштайт.

**Корутунду.** Мына ошентип баланы окууга үйрөтүү ар кандай стилдеги жана тематикадагы текст балага чөйрөнү таанууга, көз карашын кеңейтүүгө, рухий дүйнөсүн байытууга, андан ары ойлонтуу аркылуу ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, көркөм адабиятты мектепте окутуу менен, баланын акыл жөндөмүн дагы, адеп-ахлактык сапаттарын жана эстетикалык сезим туюмдарын изилдөөдө аныктагандай бул «этаптар» психолог Выготскийдин «баланын акыл-сезиминин жакынкы өнүгүү зоналарын» эске салат, ошентсе да, «окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө анын «өнүгүү зоналарын аныктоо» аны менен туруктуу иштөө зарылдыгы илимий жактан негизделет.

Мына ушундай этаптар, белгилер, критерийлер, баланын окууга болгон мамилеси, кызыгуусу, калыптана баштаган компетенттүүлүктөрү – *«баланын китепкөйлүк моделин»* элестетет. Албетте, мындай моделге баланын ээ болуусу үчүн көптөгөн жогоркудай иш-аракеттердин жүзөгө ашуусу керек болмокчу.

**Адабияттар:**

1. Токтомамбетов А. Башталгыч класстардын программалары. Адабий окуу предметинин программасы. – Б., 2017. – 17 б.
2. [Электронный ресурс] https://nsportal.ru/nachalnaya-shkola/chtenie/2014/02/05/sushchnost-ponyatiya-chitatelskaya-samostoyatelnost).
3. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары. – Б., 2022. – 220 бет.
4. Асанова М. Окуучулардын өз алдынча окуу ишмердигин калыптандырууда электрондук окуу китептеринин ролу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2020. – №2 (51). – С. 30-34.
5. Баланы 3 жаштан 6 жашка чейин өстүрүүнүн «Балалык» программасы. – Бишкек, 2017. – 127 б.

***Муканова Элзат Табылдиевна,***
***аспирант,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# ЧЕТ ТИЛДЕРИН ҮЙРӨНҮП ЖАТКАН СТУДЕНТТИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИН УЮШТУРУУ ПРОЦЕССИНДЕ МУЛЬТИМАДАНИЙ КОМПЕТЕНЦИЯСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МОДЕЛИ

***Муканова Элзат Табылдиевна,***
***аспирант,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# МОДЕЛЬ ФОРМИРОВАНИЯ МУЛЬТИКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ В ПРОЦЕССЕ ОРГАНИЗАЦИИ СРС ПРИ ИЗУЧЕНИИ ИНОСТРАННЫХ ЯЗЫКОВ

***Mukanova Elzat Tabyldievna,***
***Postgraduate Student,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# MODEL OF FORMATION OF MULTICULTURAL COMPETENCE IN THE PROCESS OF ORGANIZING THE SIW IN LEARNING OF FOREIGN LANGUAGES

***Аннотация:*** *Макалада чет тилдерин өздөштүрүп жаткан студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу процессинде алардын мультимаданий компетенциясын калыптандыруу моделинин автордук варианты сунуш кылынат. Макаланын автору студенттердин мультимаданий компетенциясын калыптандыруу боюнча бул модель жогорку окуу жайлардын окутуучуларына практикалык жардам көрсөтөт деп ишенет.*

***Аннотация:*** *В статье представлен авторский вариант модели формирования мультикультурной компетенции студентов в процессе организации самостоятельной работы при изучении иностранных языков. Автор статьи надеется, что данный модель по формированию мультикультурной компетенции студентов, окажет практическую помощь преподавателям высших учебных заведений.*

***Annotation:*** *The article presents the author's version of the model for the formation of students' multicultural competence of students in the process of organizing independent work in the study of foreign languages. The author of the article hopes that this model for the formation of the multicultural competence of students will provide practical assistance to teachers of higher educational institutions.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Мультимаданий компетенция, модель, студенттин өз алдынча*

*иши, европалык технологиялар, субъект, портфолио.*

***Ключевые слова:*** *Мультикультурная компетенция, модель, самостоятельная работа студентов (СРС), европейские технологии, субъект, портфолио.*

***Key words:*** *Multicultural competence, model, independent work of students, European technologies, subject, portfolio.*

**Киришүү.** European Language Portfolio деп аталган технологиялар чет тилдерин окутуу боюнча европалык стандарттарды практикалык ишке ашыруунун технологияларынын бири болуп эсептелинет. Бул система окуп жаткандарга чет тилин инсанга багытталган жана рефлексивдик мамилелердин негизинде үйрөнүү боюнча өз алдынча окуу ишмердүүлүгүндө практикалоо мүмкүнчүлүгүн берет. Мына ушуга байланыштуу студенттин өз алдынча ишин уюштуруунун технологиясы катары биз өзүбүздүн версиябызды иштеп чыктык.

**Изилдөөнүн максаты.** Чет тилин үйрөнүп жаткан студенттин өз алдынча ишин уюштурууда портфолио түзүү аркылуу анын мультимаданий комптенциясын (ММК) калыптандыруунун *моделин* иштеп чыгуу.

**Методдору.** Студенттин окуу ишмердүүлүгү менен анын билиминин, билгичтигинин теориялык базасы талдоого алынды жана жалпылаштырылды, бул боюнча жоболор салыштырма-типологиялык анализ колдонулду.

ММКны калыптандыруунун моделин түзүүдө биз ишмердүүлүк, окуу ишмердүүлүгү жана сунуштамалар теорияларынын негизги жоболорун жетекчиликке алдык:

1. Студенттин өз алдынча иши окуу ишмердүүлүгүнүн субъектисинин – студенттин жигердүүлүгү болуп мүнөздөлүүчү өзгөчөлүү түрү катары таануу;

2. Студенттин аң-сезимдүүлүгүн ишмердүүлүктүн эң бир маанилүү иретке салуучусу катары кабылдоо;

3. Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивдештирүү, максат коюу, окуу тапшырмалары, текшерүү жана өзүн өзү текшерүү, баалоо жана өзүн өзү баалоо сыяктуу курамдык бөлүктөрүнүн эсебин алуу;

4. Жеке тажрыйбаны окуп-билим алуу шарттарында жигердештирүүчү ишмердүүлүктү иретке салуучу, жаңы аракеттенүүнүн жайылтылышын жана жүзөгө ашырылышын иреттештирүүчү механизм катары эсебин алуу;

5. Студенттин жана окутуучунун СӨИ процессиндеги биргелешип иштөөсүнүнүн артыкчылыктуу жактарын таануу.

Демек, биз портфолиону чет тили боюнча студенттин өз алдынча ишин системалуу уюштуруунун негизги шарты катары кароону сунуш кылабыз, ал мындай учурда аудиториялык жана аудиториядан тышкары мүнөзгө ээ болот; ар бир студент тарабынан жекече жүзөгө ашырылат; өзүн өзү текшерүү, өзүн өзү баалоо жана өз алдынча билим алууну аракетке келтирүү менен репродуктивдүү, продуктивдүү жана чыгармачылык деңгээлдеринде жүргүзүлөт; студенттин өзүнө коюлуучу талаптарды аңдап-туюнуусунун негизинде ишке ашырылат. Студенттин чет тилин өздөштүрүү процессинде предметтик компетенцияларынын калыптануу абалы Ж. Бекматованын макаласында кенен берилген. Автор макаласында «студенттин англис тилин өздөштүрүү процессинде ааламдашуунун өзгөчөлүктөрү менен мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууну» [7, 100-б.] сунуш кылат.

**Негизги мазмуну.** Чет тили боюнча студенттин өз алдынча иштөө процессинде мультимаданий компетенцияны калыптандыруунун мында сунуш кылынган модели аудиториялык сабактар менен айкалышта (аларга кошумча катары) колдонулушу жана портфолио негизинде уюштурулушу зарыл. Окумуштуу С. Меркулованын сунуш кылган методикасына ылайык «иш эки түрдүү тартипте – окутуучунун жетекчилиги астында аудиториялык СӨИ жана студент тарабынан жекече, өзүнө ыңгайлуу убакытта жана орунда (үйдө, ресурстук борбордо, китепканада) жүргүзүлүүчү аудиториядан тышкаркы СӨИ тартибинде жүзөгө ашырылышы мүмкүн» [6, 127-б.].

В. Шаршневанын сунушу боюнча «аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы СӨИ этап - этабы менен жүргүзүлөт:

1. Мотивдештирүүчү-систематизациялоочу этап;
2. Уюштуруучулук-стратегиялык этап;
3. Консультациялык-аткаруучулук этап;
4. Рефлексивдик-коррекциялоочу этап» [5, 48-б.].

Биринчи этаптагы (ЖОЖдогу окуу курсунун башында) аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы СӨИ процессинде студенттин мультимаданий компетенциясынын деңгээлин систематизациялоо боюнча иш (тилдик паспортту жазып толтуруу) болжолдонот. «Студент тилдерди качан, кайсы жерде жана кандай ыкмалар менен үйрөнгөнүн, кайсы өлкөлөрдө жашаганын жана башка маалыматтарды баяндап жазат. Тилдик паспортто студент акырындап татаалдашуучу талаптары менен төрт деңгээлдерде өзүнүн коммуникативдик билгичтиктерин өзү баалашы керек (Жалпы европалык компетенциялар)» [6, 123-б.]. Мындан тышкары, биздин пикирибизче, тилдик паспортко Placement Test'анын (диагностикалык тесттин) натыйжалары да камтылганы максатка ылайыктуу.

Жогорку окуу жайларында чет тилин үйрөнүүнүн баштапкы этабында тилдик паспорт студентке тилге ээ болуудагы өзүнүн реалдуу деңгээлин (б.а., чет тили аркылуу билим алуучу, студент эмнени жасай аларын) баалоого жана аңдап туюнууга, ошондой эле тилди окуп үйрөнүүнүн жана ага ээ болуунун перспективаларын аныктоого көмөктөшөт. Портфолионун бул бөлүгү, биринчи кезекте, студентке, өзүнүн тилге ээ болуу деңгээлин аныктоодо өзүн өзү сындоосуна ылайыкташтырылган, андан да, биздин көз карашыбызда, тилдик паспортту студент жазып толтургандан кийин анын материалдары менен окутуучунун да таанышуусу максатка ылайыктуу болот. Бул окутуучулук ишти пландаштырууга жардам берет. Бул этапта, мына ушундайча, студент анализдөө жана систематизациялоо аракеттерин, ал эми окутуучу уюштуруу, мотивдештирүү жана пландаштыруу аракеттерин жүзөгө ашырат.

Студенттин өз алдынча ишинин экинчи жана үчүнчү этаптарында студент портфолионун экинчи бөлүгүн – Тилдик өмүр баянды (языковая биография) жазып толтурат. Ал өз ичине төрт бөлүмдү камтыйт:

1. *«Чет тилин үйрөнүүдөгү менин максаттарым»* – студент чет тилин эмне үчүн үйрөнүп жатканын жазат, ошондой эле, өзүнүн көз карашынан алганда, көбүрөөк маанилүү деп эсептеген тилдик билгичтиктерди аныктайт. Бекмедөө же орнотуу теориясынын негизги жоболорунан чыгып, бул бөлүмдү жазып толтуруу процессинде студент тилди үйрөнүүгө карата көрсөтмөнү алат. Аз эмес маанилүү болуп билим алуучудагы көрсөтмө *анын ички керектөөлөрүнүн, анын окуп билим алуудагы жекече кызыкдарлыгынын* таасир этүүсү астында калыптангандыгы эсептелинет. Мындай ойду окумуштуу И.А. Зимняя да айткан [4, 42-23 бб.]. Бул, өз кезегинде, студенттин курстан өтүүгө өзү даяр болгондугун аныктайт жана ага инсандык-маанилүүлүк мүнөзүн берүү менен чет тили боюнча өз алдынча иштөөсүн жүзөгө ашырууга түртөт. Демек, «Чет тилин үйрөнүүдөгү менин максаттарым» бөлүмү окуу ишмердүүлүгүндөгү максат коюу функциясы менен байланыштуу. Биздин пикирибизче, чет тилин үйрөнүү максаттарын көбүрөөк адекваттуу жана толук түшүнүү үчүн (максатка умтулуу, үстүрт түшүнгөн боюнча калбаш үчүн) студент окутуучусу менен окуп билим алуунун мындан аркы стратегиясын белгилеп, таблица жазып толтуруунун натыйжаларын талкуулоосу зарыл [2, 114-б.].

2. *«Чет тилин үйрөнүүдөгү менин таржымалым»* – билим алуучу хронологияны сактап, чет тилин үйрөнүүдөгү өзүнүн тажрыйбасын баяндап жазат.

3. *«Менин көбүрөөк маанилүү тилдик жана маданият аралык тажрыйбам»* – анын кенен баяндалышы.

Бул эки бөлүмдү толтуруу процессинде студент өзүнүн маданият аралык жана тилдик тажрыйбасын хронологиялуу баяндап жазат жана систематизациялайт (бул аңдап туюнгандыкты өнүктүрүүгө өбөлгө болот).

Жазып толтурулган бөлүмдөр менен таанышкандан кийин окутуучу студенттердин даярдык деңгээли тууралуу көбүрөөк так түшүнүк алат, бул ага топтогу (группадагы) ишти мындан ары карай пландаштырууга жардам берет.

Студенттин өз алдынча ишинин бул этабында студент менен окутуучунун максат коюу, пландаштыруу жана бирге аткарчу ишти уюштуруу сыяктуу аракеттери ишке ашырылат.

Үчүнчү этапта студенттин өз алдынча ишинин негизинде уюштуруу болжолдонот, алар төмөнкүлөр:

▪ Студентин өз алдынча ишинин процессинде мультимаданий компетенцияны калыптандыруу үчүн көнүгүүлөрдүн комплекси.

▪ Тилдик өмүр баяндан – «Менин чет тилин үйрөнүүдө берген артыкчылыктарым» деген төртүнчү бөлүмүн аткаруу.

Студенттин өз алдынча иш процессинде ММКны калыптандырууга багытталган көнүгүүлөрдүн иштелип чыккан комплексин аткарууну биз үч деңгээлде уюштурууну сунуштайбыз:

1. Репродуктивдүү деңгээлдер;
2. Кайтарымдуу деңгээлдер;
3. Чыгармачылык деңгээлдер.

Булардын ар биринде студентке мультимаданий комптенцияны калыптандырууга өбөлгө түзүүчү көнүгүүлөрдүн комплексин аткаруусу зарыл. Комплексте көнүгүүлөр бириктирилет жана жалпылаштырылат.

1. Б*аарлашууга даярдоочулар* (атап айтканда – а); грамматикалык, лексикалык, фонетикалык көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгө түзүүчүлөр: иммитациялык, алмаштыруучулук, бириктирүүчүлүк жана б) студенттерди үйрөнүлүп жаткан тилдин, элдин өлкөсүнүн маданияты менен тааныштыруучу, буларды аткарып, студент маданият тууралуу үстүрт билимдерди – тааныштыруучулук текст/роликтерди, маданият аралык маалыматты камтуучу кейстик тапшырмаларды алат);

2. Б*аарлашуу процессин моделдештирүүчүлөр* (атап айтканда – коммуникативдик билгичтиктерди калыптандырууга өбөлгө түзүүчүлөр). Угузуу жана окуу билгичтиктерин калыптандыруу экстенсивдүү жана интенсивдүү жолдор менен угуунун жана окуунун үстүнөн болчу ишти болжолдойт. Сүйлөө жана жазуу билгичтиктерин калыптандыруу глобалдуу билгичтиктин жана анын суб-билгичтигин түзүүчүсүнүн үстүнөн болчу ишти көңүлгө алат;

3. *Баарлашууда иш практикасын камсыз кылуучулар* (тилди алып жүрүүчү (носители языка) менен түздөн-түз жана ортолук катышты көңүлгө алуучу көнүгүүлөр), мисалы, жеринде окутуу усулун колдонуу, тандем-усул, биргеликтеги долбоорлор, чет тилин үйрөнүү үчүн атайын адистештирилген сайттардагы баарлашуу – *Speaky, HelloTalk, Polyglotclub, Couchsurfing, Lang-8, italki* ж.б. Көнүгүүнүн аткарылганы тууралуу белгини (студенттин комментарийлери жана анын өзүн өзү баалоосу менен) студент өзү толтуруп жаткан билдирмеге киргизет. Мындан тышкары, студентке өзүнүн көз карашында көбүрөөк ийгиликтүү делинген иштерди (докладдар, өз алдынча жана топтук долбоорлор, дил баяндар ж.б.) иргеп алуу сунушталат, булар Портфолионун үчүнчү бөлүгүндө алып чыгылышы керек. Студент кызыктуу иштерди Билдирмеге иргеп киргизүү менен, аларды анализдөөсү керек, бул рефлексияга өбөлгө түзөт. Ошентип, студенттин өз алдынча ишинин үчүнчү жана төртүнчү этаптарында студенттин жана окутуучунун кыймыл-аракеттеринин бүтүндөй бир катарын: аткарууну, өзүн өзү текшерүүнү, өзүн өзү баалоону, өз алдынча билим алууну, консубтацияны, салыштырууну, окутууну, корректирлөөнү, көзөмөлдөп текшерүүнү, баалоону ишке ашырат. Студенттин өз алдынча ишин башкаруу Портфолионун бөлүктөрүнүн кадамдап алып чыгылуусунда жана аны менен болчу ишти уюштурууда жүзөгө ашырылат. Студентке өз алдынча иш маалында окуу ишмердүүлүгүнүн жигердүү субъектисинин ролу, ал эми окутуучуга бул ишмердүүлүктү багыттап туруучу консультанттын ролу ыйгарылат.

Портфолиодо СӨИ процессинде ММКны калыптандыруунун моделин схема түрүндө да берсе болот (1-схеманы караңыз).




*1-схема. Портфолио негизинде чет тили боюнча СӨИ ишмердүүлүгүн ММКны калыптандыруунун модели*

**Корутунду.** Демек, чет тили боюнча студенттин өз алдынча иш процессинде ММКны калыптандыруу максатында портфолионун моделин түзүүгө таянса болот. Мындай модель студенттин өз алдынча ишинин системалуулугун шарттайт жана анын натыйжалуулугун жогорулатат; студенттик мультимаданий баарлашуудагы жетишкендиктерди баалоонун эсебинен окуу процессинин алкагын кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн берет; адекваттуу өзүн өзү баалоону өнүктүрүүгө жана мотивдештирүүнү жогорулатууга өбөлгө болот, бул болсо, түпкүлүгүндө, окутуунун түпкү максатын даана сезүүгө көз каранды; окутуунун аралыктык натыйжаларын көрүү мүмкүнчүлүгүн берет; студенттин ишин пландаштыруу, максат коюу кыймыл-аракеттерине жана баалоо системасына катыштыруунун эсебинен инсанга багыттап окутуунун негизги эрежелерин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзөт; окутуудагы жана ММКны жана өз алдынча билим алуучулук компетенцияны калыптандыруудагы үзгүлтүксүздүк принцибин ишке ашырууга өбөлгөлөрдү түзөт.

**Адабияттар:**

1. Равен, Дж. Компетентность в современном обществе: выявление, развитие, и реализация: пер. с англ. / Дж. Равен. – М.: Когито-Центр, 2002. – 396 с.
2. Glaser, R. Education and Thinking: The role of Knowledge / R. Glaser // American Psychologist, 1984. – V. 39 (2). – P. 93-104.
3. Байденко В.И. Компетентностный подход к проектированию государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования: Методическое пособие. Изд. 2-е. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2005. – 114 с.
4. Зимняя И.А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. – 42 с.
5. Шаршнева В. Как оценить междисциплинарные компетентности студента // Высшее образование в России. – 2007. – № 10. – С. 48-50.
6. Меркулова С. Проблема оценки качества подготовки: компетентностный подход // Высшее образование в России. – 2007. – № 8. – С. 127-129.
7. Бекматова Ж.Т. Аалмдашуу процессинде Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүдө англис тилин окутуу процессинде кептик компетенттүүлүктү калыптандыруунун зарылдыгы // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2021. – № 1 (53). – С. 99-106.

***Рецензиялаган:***
***Асипова Н.А.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

# ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

# ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ

# TEACHING TECHNOLOGY

***Аманова Гулнур Монолбаевна,***
***кандидат педагогических наук,***
***Лаборатория непрерывного образования,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

## ВЛИЯНИЕ КОМПЬЮТЕРНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ НА ФОРМИРОВАНИЕ ПРЕДМЕТНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ УЧАЩИХСЯ

***Аманова Гулнур Монолбаевна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Үзгүлтүксүз билим берүү лабораториясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

## КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯНЫН ОКУУЧУЛАРДЫ ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУГА ТААСИРИ

***Amanova Gulnur Monolbaevna,***
***Head of the Laboratory,***
***Continuing Education Laboratory,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

## IMPACT OF COMPUTER TECHNOLOGIES ON FORMATION SUBJECT COMPETENCIES OF STUDENTS

***Аннотация:*** *Статья посвящена проблеме формирования предметных компетенций у учащихся школы на уроках русского языка. Компетентностный подход предполагает продуманность при отборе и применении учителем методов и приемов обучения. Автор предлагает подходы к формированию предметных компетенций учащихся школ с кыргызским языком обучения.*

***Аннотация:*** *Макала орус тили сабагында мектеп окуучуларынын предметтик компетенцияларын калыптандыруу проблемасына арналган. Компетентүү мамиле мугалимдин окутууда усулдарды жана ыкмаларды ойлонуп туруп туура тандоосу жана колдонуусу. Автор кыргыз тилинде окуткан мектептерде окуучулардын кеп компетенттүүлүгүн калыптандыруу жолдорун сунуштайт.*

***Annotation:*** *The article is devoted to Kyrgyz school students problem of subject competencies formation at Russian language lessons. Competent approach involves a deliberate selection and use of teaching methods by the teacher. The author suggests approaches to the formation of the subject*

*competencies of students in schools with the Kyrgyz language of instruction.*

***Ключевые слова:*** *предметные компетенции, компьютерные технологии, внимание, мышление, знания, умения, навыки.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *предметтик компетенциялар, компьютердик технологиялар, көңүл, ойлонуу, билим, билгичтик, көндүмдөр.*

***Key words****: subject competencies, computer technologies, attention, thinking, knowledge, skills, habits.*

**Введение.** Современное общество нуждается в личности, способной применять свои знания, умения и навыки в постоянно изменяющемся мире. В связи с этим обучение школьников необходимо рассматривать в контексте его социализации в обществе, а не только в контексте усвоения определенной суммы знаний. Компетенции сейчас – ведущее содержание образования. Поэтому учителям следует уделять особое внимание способам деятельности, умениям и навыкам, которые нужно сформировать у учащихся. Необходима практическая направленность формирования компетенций учащихся, так как «компетенция является сферой отношений, существующих между знанием и действием в человеческой практике» [1, с. 59]. Теоретические сведения о русском языке должны использоваться на уроках для формирования практической речевой деятельности школьников. Учащиеся школ с кыргызским языком обучения должны быть готовы к социальному взаимодействию в многонациональной среде, ведь наша страна является государством, в котором проживают представители более 90 национальностей. В Кыргызской Республике в качестве официального используется русский язык, на котором говорят представители многих национальностей.

**Целью исследования** является изучение эффективности использования компьютерных технологий на уроках русского языка при формировании предметных компетенций учащихся школ с кыргызским языком обучения.

Автором использовались следующие **методы исследования**: анализ педагогической, научной и методической литературы по теме исследования; обобщение, сравнение, беседы с учителями, учениками; опросы учащихся.

Анализ школьной практики показывает, что обучение русскому языку в школе с кыргызским языком обучения не совсем отвечает задачам формирования предметных компетенций учащихся. Профессор З.К.Дербишева, характеризуя ситуацию с преподаванием русского языка в Кыргызстане, отмечает, что в республике только ОшГУ, КНУ и БГУ сохранили факультеты русской филологии, поэтому количество выпускников не способствует обеспечению школ учителями русского языка. Как отмечает профессор, чтобы иметь перспективы в жизни, кыргызстанцам обязательно нужно учить русский язык [3].

Сложность в преподавании русского языка представляет соотношение предметного курса и реального речевого опыта школьника. «Компетенция рассматривается как готовность ученика к применению знаний, умений и навыков, а также осведомленность в круге определенных вопросов, в данном случае, в предметной области. Компетенции представляют собой комплексные умения показать на практике возможности использования знаний. Самостоятельность учащихся в рамках компетентностного подхода является одним из самых значимых качеств личности. Развитие этого личностного качества обуславливает активную жизненную позицию учащихся» [4, с. 23].

Задача компетентностного подхода – приобретение учащимися субъективного опыта, чтобы ученик мог пользоваться своими знаниями на практике, в реальной жизни.

Основной целью преподавания русского языка в школе является формирование предметных компетенций. Предметная компетенция является совокупностью *знаний, умений и навыков*, которые формируются в процессе обучения той или иной дисциплине. Предметная компетенция, приоб-

ретаемая в процессе изучения русского языка, характеризует определенный *уровень владения языком* и включает следующие виды компетенций: языковую, речевую, коммуникативную и социокультурную [5].

При формировании предметных компетенций у школьников учителю необходимо своевременно реагировать на затруднения учащихся, применять соответствующие методы и приемы обучения.

Сейчас учитель не является для ученика единственным источником информации, он становится посредником, который облегчает получение знаний учениками. Учителям необходима реализация новых стратегий, чтобы идти в ногу с потребностями учащихся.

Следует признать, что сейчас в школах учится поколение школьников, которое сформировалось под влиянием гаджетов и социальных сетей. Главной особенностью этого поколения и его преимуществом является технологичность. Школьники много времени проводят за компьютером, а мобильные телефоны стали важной частью их повседневной жизни. Электронные коммуникации прочно вошли в жизнь учащихся: SMS-сообщения, электронная почта, социальные сети. Компьютерные технологии влияют на мышление, восприятие, память и речь учащихся, вследствие чего происходит изменение процессов мышления и памяти. Это откладывает отпечаток на речь школьников, происходят языковые трансформации: наблюдается упрощение речевых конструкций, происходит сокращение запаса слов.

Компьютерные технологии оказывают как положительное, так и отрицательное влияние на когнитивные процессы школьников.

Использование компьютерных технологий на уроке положительно отразится на когнитивных процессах школьников. Учитель может использовать различные виды восприятия информации учащимися: кинестетический, зрительный, слуховой. При использовании компьютерных технологий развивается образное мышление школьников, повышается интенсивность обучения, степень самостоятельности ученика, объективность оценки. Учитель может занести на файл любой материал и использовать его в нужный момент на уроке, также может использовать видео и аудио файлы, компьютерные тесты, словари, тренажёры и т.д.

В зависимости от подготовленности учащихся учитель, применяя компьютерные технологии, должен разнообразить задания, делая их более сложными или простыми. Ученики школ с кыргызским языком обучения должны научиться использовать в речи слова, словосочетания, предложения в соответствии с литературной нормой. Необходимо, чтобы теоретические знания и практические умения усваивались школьниками в комплексе.

Использование на уроке интерактивных таблиц, схем, заданий, тестов и т.д. будет способствовать эффективному формированию предметных компетенций учащихся. Необходимо развивать у них способность к речевому общению во всех сферах жизни, соблюдая при этом социальные нормы речевого поведения. Формированию коммуникативных навыков будет способствовать применение различных видов разбора, языковой анализ текстов и т.д.

Использование смартфонов на уроках позволит сделать процесс обучения более динамичным и более легким для контроля как самими учащимися, так и учителями. Этому способствует доступность смартфонов, простота их использования, быстрая обратная связь. Такой доступ к цифровому контенту позволяет ученикам адаптироваться к своему темпу и стилю. Смартфоны подходят для отработки навыков разговорной речи и восприятия на слух.

Применение компьютерных технологий на уроках создает новые возможности передачи знаний учащимся и восприятия этих знаний. Учитель, используя компьютерные технологии, может показать ученикам преподаваемый материал в более ясной и доступной для всех форме. Технологии обеспечивают доступ к информации в любое удобное для ученика время, что позволяет

им более эффективно организовать свое время.

Однако следует отметить и отрицательное влияние, которое компьютерные технологии оказывают на когнитивные процессы школьников. Огромный объем информации, которую ученики получают из различных каналов, негативно воздействует на процессы запоминания у школьников, на восприятие ими информации. Использование смартфонов в течение длительного времени и на близком расстоянии может вызвать зрительное напряжение и утомление учащихся. Вызывают неудобства и технические трудности, связанные с использованием смартфонов – это маленький размер клавиш на экране смартфона, ограниченный объём его памяти, непродолжительное время работы батареи устройства.

На уроках, используя компьютерные технологии, учителю следует учитывать ограниченные возможности кратковременной памяти учеников. «В большинстве случаев среднестатистический человек может четко формулировать и держать в памяти одновременно до семи мыслительных категорий. Когда обучаемому одновременно показывают материал разнообразный по своей структуре и виду, он зачастую отвлекается от одной информации на другую стараясь уследить за ее сутью, и как итог не усваивает определенный объем важной информации» [2].

Знание положительных сторон использования компьютерных технологий на уроке и учет отрицательного воздействия их на учащихся поможет учителю при обучении школьников русскому языку. Использование компьютерных технологий на уроках русского языка будет стимулировать речь учащихся и помогать расширению словарного запаса школьников.

Использование компьютерных технологий на уроке русского языка будет способствовать повышению эффективности обучения, разнообразию форм работы, экономии времени и использованию в большем объёме информационного материала. Применение технологий на любом этапе урока будет способствовать лучшему усвоению нового материала, оптимальному закреплению изученного материала, улучшению контроля знаний учащихся.

**Выводы.** Предметные компетенции являются способностями, необходимыми для выполнения конкретного действия в конкретной предметной области.

Использование компьютерных технологий на уроках русского языка способствует формированию языковой, речевой, коммуникативной и социокультурной компетенций учащихся. Использование компьютерных технологий повышает интерес школьников к предмету, процесс обучения становится более эффективным, интересным и доступным, развивается познавательная и творческая активность учеников на уроках.

Использование компьютерных технологий способствует тесному взаимодействию между учителем и учащимися, позволяя учителю по-новому применять методы обучения.

**Литература:**


1. Леднев В.С. Государственные образовательные стандарты в системе образования: Теория и практика / В.С. Леднев, Н.Д. Никандров, М.В. Рыжаев. – М., 2002. – 384 с.
2. Открытое образование – объективная парадигма XXI века / Под общ. ред. В.П. Тихонова. – М.: МЭСИ, 2008. – 288 с.
3. [Электронный ресурс] / https://media-center.kg/ru/news/Pedagog-Russkiy-yazik-stanovitsya-vse-bolee-vostrebovannim-v-Kirgizstane-432402138
4. Ниязова А.М. Компетенция и компетентность как ключевые понятия в контексте компетентностного подхода / Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2020. – № 2 (51). – С. 21-24.
5. Азимов Э.Г., Щукин А.Н. Новый словарь методических терминов и понятий (теория и практика обучения языкам). – М.: ИКАР, 2009. – 448 с.


***Рецензент:***
***Калдыбаев С.К.,***
***доктор педагогических наук, профессор***

ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ
TEACHING TECHNOLOGY

***Нурали уулу Шайназар,***
***мугалим,***
***«Жетиген» мектеп-лицейи,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: shainaz9692@gmail.com***

## МУГАЛИМДЕРДИН МКТ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

***Нурали уулу Шайназар,***
***учитель,***
***школа-лицей «Жетиген»,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: shainaz9692@gmail.com***

## ИКТ-КОМПЕТЕНТНОСТЬ ПЕДАГОГОВ КАК ИНСТРУМЕНТ РАЗВИТИЯ ОБРАЗОВАНИЯ

***Nurali uulu Shaynazar,***
***Teacher,***
***School-liceym «Jetigen»,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: shainaz9692@gmail.com***

## TEACHERS' ICT-COMPETENCE AS A TOOL FOR EDUCATIONAL DEVELOPMENT

***Аннотация:*** *Окуучуну активдештирүү ыкмаларынын бири катары маалыматтык технологияларды колдонууну көбөйтүү, башталгыч жана орто мектептерде билим берүүнү жакшыртуу боюнча учурдагы аракеттердин эң маанилүү тенденцияларынын бири болуп саналат. Окутуунун өзү жана көйгөйлүү кырдаалды чечүү процесси бүгүнкү күндө маанилүү болуп жаткан сайын (Базалык билим берүүнүн алкактык билим берүү программасы, 2007), мугалимдин ролу, өзгөчө анын билими жана көндүмдөрү да маанилүү. Бул макалада 21-кылымда билим берүүдөгү инновациялык мамиленин – суроо-талапка негизделген билим берүүнүн алкагында мугалимдин МКТ компетенттүүлүгүнүн байланышын деталдуу иштеп чыгуу боюнча долбоордун баштапкы бөлүгү киргизилет.*

***Аннотация:*** *Расширение применения информационных технологий для активизации учащихся, несомненно, является одной из наиболее значимых тенденций в текущих попытках улучшить образование по всем направлениям образования в начальной и средней школе. По мере того, как в настоящее время все большее значение приобретает сам процесс обучения и решение проблемных ситуаций (Рамочная образовательная программа базового образования, 2007), возрастает и роль учителя, особенно его практические компе-*

*тентности. В данной статье представлена начальная часть проекта, посвященная детальной разработке звена ИКТ-компетентности учителя в 21 веке.*

***Annotation:*** *Increasing using the information technology, as one of the pupil activating methods, is no doubt one of the most significant tendencies in current attempts at education improvement across education fields at elementary and secondary schools. As the process of teaching itself and problem situation solving are becoming more important nowadays (Framework Educational Programe for Basic Education, 2007), the role of the teacher, especially his knowledge and skills, is becoming more important as well. This article introduces the initial part of the project dealing with the detailed elaboration of the link of teacher's ICT competence in the 21st century.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *МКТ, компетенттүүлүк, интерактив, инновация.*

***Ключевые слова:*** *ИКТ, компетентность, интерактив, инновация.*

***Key words:*** *ICT, competence, inquiry-based education, interactivity, innovation.*

**Киришүү.** Билим берүү чөйрөсүнүн адистеринин пикирлери боюнча маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) билим берүүдөгү конструктивдүү мамилени олуттуу түрдө жогорулата алары белгилүү. Аларды натыйжалуу пайдалануу мугалимге окуучулардын кызыгуусун жана активдүүлүгүн стимулдаштырууга жардам берет, кызматташтыкты орнотууга, өз ара аракеттенүүнүн жана баарлашуунун ар кандай формаларына жетишүүгө мүмкүндүк берет. Конструктивдүү билим берүүнү заманбап технологиялар аркылуу колдонуу төмөнкү пункттар менен белгилесек болот:

1. Заманбап технологиялар – окуучулардын идеяларын, концепцияларын жана ой-пикирин билдирүүдө, окуучулардын өз алдынча мультимедиялык билимдер базасын түзүүдө билимди курууну колдоочу курал катары иштей алат.

2. Заманбап технологиялар – билимди изилдөөдө маалымат булагы катары колдонулушу мүмкүн, ал куруу жолу аркылуу үйрөнүү менен бекемделет, мисалы, зарыл болгон маалыматтарды алууда, көз караштарды, пикирлерди жана дүйнөгө көз караштарды салыштыруу.

3. Заманбап технологиялар – окутууну колдогон контекстти түзө алат – презентация жана реалдуу дүйнө көйгөйлөрүн, кырдаалдарды жана контексттерди симуляциялоо.

4. Заманбап технологиялар – сүйлөшүү же баарлашуу аркылуу окутууну жакшыртуучу социалдык чөйрө катары колдонулушу мүмкүн.

5. Заманбап технологиялар – окууну өркүндөтүүчү интеллектуалдык өнөктөштүн ролун аткара алат [2, с. 46].

**Изилдөөнүн максаты.** Мугалимдердин МКТ компетенттүүлүгү жана алардын структурасы билим берүүнү өнүктүрүүнүн каражаты катары аныктоо.

**Изилдөөнүн методу.** Изилдөөдө жалпы илимий методдордун ичинен теориялык анализ, салыштыруу, жалпылоо, тарыхый жана логикалык методдор колдонулду.

**Негизги мазмуну. Мугалимдин маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) компетенттүүлүгү.**

Кээ бир окумуштуулардын оюу боюнча заманбап мугалимдин кесиптик ишмердиги боюнча МКТ компетенттүүлүк бул:

- педагогдун кесиптик маселелерин МКТ заманбап каражаттарын жана методдорун колдонуу менен чечүү жөндөмдүүлүгү;
- анын жеке сапаты, кесиптик иште МКТ каражаттарын пайдалануу жаатында даярдыктын реалдуу жетишилген деңгээлин чагылдырган мүнөздөмө;
- кырдаалды туура баалоого жана МКТны колдонуу менен кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүгүндө натыйжалуу чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берүүчү предметтик-атайын билимдерди уюштуруунун өзгөчө түрү.

Ошентип, мугалимдин МКТ компетенттүүлүгү деп биз анын кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өз алдынча колдонууга даярдыгы жана жөндөмү менен көрсөтүлгөн мугалимдин жеке сапатын түшүнөбүз [1].

Окутуу процессинде окуучулардын эң популярдуу социалдык медиа платформалары: Youtube, Facebook, Instagram, Pinterest, LinkedIn, Snapchat, Twitter жана Whatsapp бар экени аныкталды. Көпчүлүк колдонуучулар күн сайын бул платформаларга киришет [3, 36-б.]. Ошондуктан, мугалимдер дагы белгиленген платформаларды окутуу процессинде кеңири колдонуп, окуучуларда өз алдынчалыкты калыптандырууга шарт түзүш керек. Себеби, ушул учурда эки милдет ишке ашырылат: биринчиси окуучулардын таанып-билүү иш-аракетинде өз алдынчалыгын өнүктүрүү, билимди өз алдынча алууга үйрөтүү, өзүнүн дүйнө таанымын калыптандыруу; экинчиси, практикалык маселелерди чечүүдө алган билимдерин өз алдынча колдонууга үйрөтүү [4, с. 46].

Дидактикалык көз караштан алганда, Интернеттин эң чоң салымы билим берүүнүн конструктивдүү концепциясын өркүндөтүүдө деп айтууга болот. Адабиятта белгилengendей интернет тармагын окуучулардын активдүүлүгүн, өз алдынчалыгын жана билим берүүдөгү чыгармачылыгын өнүктүрүү каражаты катары аныктайт [3, 34-б.]. Ошентип, Интернеттин кызматтарын колдонуу билим берүү максаттарын ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Булар, мисалы: мультимедиялык энциклопедиялар, маалымат базалары, гипертекст жана гипермедиа системалары сыяктуу маалымат издөө системалары. Байланыш куралдары, мисалы, электрондук почта, видеоконференция, веб-байланыш кызматтары, талкуу форумдары байланышы, социалдык тармактар ж.б. Белгиленген куралдар менен иштөө үчүн мугалим компетенттүү болушу зарыл.

Азыркы учурда мугалимдин МКТ компетенттүүлүгү анын кесиптик компетенттүүлүгүнүн бир бөлүгү катары түшүнүлөт. Анда МКТнын өзөгү мугалимдин билим берүү ишмердүүлүгү менен МКТнын өз ара байланышында турат.

Мугалимдин МКТ компетенттүүлүгүнүн мазмунунун болжолдуу тизмесин төмөнкүдөй карасак болот [1]:

- Предмет боюнча негизги электрондук (санариптик) окуу куралдарынын тизмесин билүү (дисктерде жана интернетте): электрондук окуу китептери, атластар, интернеттеги санариптик билим берүү ресурстарынын жыйнагы ж. б.
- Коюлган окуу милдеттерине ылайык санариптик билим берүү ресурстарынан маалыматтарды таап, баалап, тандап жана көрсөтө билүү (мисалы, электрондук окуу китептеринин жана башка окуу куралдарынын материалдарын дисктерде жана интернетте колдонуу).
- Колдонулган программаны демонстрациялык компьютерге орнотуу, проекциялык техниканы колдонуу, өздүк электрондук дидактикалык материалды түзүү ыкмаларын билүү.
- Ар кандай маалыматтарды жалпылоо, салыштыруу, карама-каршы коюу, трансформациялоо аркылуу колдо болгон булактардан өзүнүн окуу материалын түзүп, окуу маселелерин чечүү үчүн натыйжалуу түрдө маалыматты өзгөртүп жана көрсөтө билүү.
- Окуу процесси үчүн керектүү материалдардын ар кандай түрлөрүн оптималдуу чагылдыруу үчүн (тексттик жана таблицалык редакторлор, буклеттерди, сайттарды түзүү программалары, презентация программалары) тандап жана колдоно билүү.
- ЖМТИ (Жаңы маалыматтык технологиялар жана интернет) методикасын колдоно билүү – бул МКТ колдонуу менен бир тема менен бириктирилген сабактарды өткөрүү методикасы. Алар берилген тема боюнча сабактарды өткөрүүдө пайдалуу электрондук материалдарга жана веб-сайттарга шилтемелерди камтыйт.
- Окуучунун окуу ишин уюштуруу инструменттерин (тестирлөө программалары, Электрондук иш дептерлери, окуучунун окуу ишин уюштуруу системалары ж.б.) натыйжалуу колдонуу.
- Санариптик өздүк портфолиону жана окуучунун портфолиосун түзө билүү.
- Окуучуларга, ата-энелерге, кесиптештерге, мектеп администрациясына маалымат берүүнүн формасын туура тандай билүү.
- Тармактык коммуникация долбоорлорунун алкагында окуучулардын ишин

уюштуруу (олимпиадалар, сынактар, викториналар ж.б.), окуу процессине дистанциялык колдоо көрсөтүү (зарыл болсо).

• Мугалим жогоруда айтылгандардын бардыгын аткара алышы үчүн методикалык, уюштуруучулук, техникалык жана мотивациялык колдоо уюштуруу зарыл болот.

• Практикада мугалимдер бир катар объективдүү себептерден улам сабакта МКТны активдүү колдонушпайт.

• Бардык эле мугалимдер билим берүү процессинде МКТны колдонууга психологиялык жактан даяр эмес.

• Белгилүү бир теманы үйрөнүүдө мугалимдин педагогикалык милдеттерин адекваттуу чечүүгө жөндөмдүү электрондук каражаттардын жетишсиз саны.

• Электрондук окуу куралдарын колдонуу боюнча ички рынокто жеткиликтүү так методологиялык сунуштар жок.

• Окутуунун өздүк электрондук каражаттарын (презентацияларды, электрондук окуу китептерин, тренажерлорду ж.б.) түзүү үчүн программалык каражаттарды билүү деңгээлинин төмөндүгү.

• Мугалимдин өзүнүн электрондук дидактикалык материалын түзүүгө, ошондой эле компьютердик окутуунун жаңы ыкмаларын үйрөнүүгө, иштеп чыгууга жана ишке ашырууга убактысы жетишпейт.

• Предметтик мугалимдин МКТ чөйрөсүндөгү компетенцияларынын тизмеси.

• МКТнын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө жалпы түшүнүктөрдүн болушу.

• Билим берүү мекемесинин бирдиктүү маалымат мейкиндиги, жеке компьютер, маалыматты киргизүү-чыгаруу жабдуулары, компьютердик тармактар жана аларды билим берүү процессинде колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрдүн болушу.

• Мамлекеттик максаттуу программаларды ишке ашыруунун жүрүшүндө жасалган предметтик-кесиптик иш-чараларга, санариптик билим берүү ресурстарына багытталган жалпы билим берүү секторундагы электрондук билим берүү ресурстары жана электрондук басылмалардын рыноктук тенденциялары жөнүндө маалыматтарынын болушу.

• Окуу-тарбия процессине санариптик билим берүү ресурстарын киргизүү методикасынын негиздерин билүү.

• Жеке маалыматтык мейкиндикти уюштуруунун, операциялык системанын интерфейсинин, файлдык операцияларды аткаруунун ыкмаларын, файлдык система сыяктуу маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн уюштуруунун, тиркемелерди жана электрондук билим берүү ресурстарын орнотуунун жана алып салуунун, маалыматты киргизүүнүн жана чыгаруунун негизги ыкмаларын билүү.

• Офистик технологиялардын (таратма материалдар, презентациялар ж.б.) жардамы менен предметтик областка ылайык дидактикалык материалдарды жана жумушчу документтерди даярдоо ыкмаларына ээ болуу:

- клавиатурадан текст киргизүү жана аны форматтоо ыкмалары;

- графикалык элементтерди, вектордук графиканын куралдары менен иштөөнүн типтүү ыкмаларын камтыган таратма материалдарды даярдоо;

- таблицалык маалыматтар менен иштөө ыкмалары (тизмелерди түзүү, маалымат карталары, жөнөкөй эсептөөлөр);

- графиктерди жана диаграммаларды куруунун ыкмалары;

- педагогикалык эффективдүү презентацияларды түзүү методикасы (сабак үчүн, мугалимдер кеңешинде доклад, баяндама ж.б. үчүн).

• Растрдык графиканын негизинде окуу иш-чараларында колдонулган визуалдык жана дидактикалык материалдар үчүн графикалык иллюстрацияларды даярдоонун эң жөнөкөй ыкмаларына ээ болуу:

- презентацияларда жана веб-баракчаларда кийин колдонуу үчүн растрдык сүрөттөрдү оңдоо жана оптималдаштыруу ыкмалары;

- сүрөттөрдү басып чыгаруу, сырткы сактоочу түзүлүштөргө жазуу ыкмалары.

• Окуу ишмердүүлүгүндө пайдалануунун контекстинде интернеттин негизги

кызматтарына жана технологияларына ээ болуу:

- WWWда окуу маалыматын навигациялоо жана издөө ыкмалары, аны кийин педагогикалык процессте колдонуу максатында кабыл алуу жана сактоо;

- электрондук почта жана видеоконференция менен иштөө ыкмалары;

- файлдык архивдер менен иштөө ыкмалары;

- Мессенджерлер (WhatsApp, Telegramm ж.б.) жана башка коммуникация технологиялары менен иштөө ыкмалары.

- Окуу процессин аралыктан колдоонун технологиялары жана ресурстары жөнүндө түшүнүктөрдүн болушу жана аларды педагогикалык ишмердүүлүккө киргизүү мүмкүнчүлүктөрү.

- Окуу ишмердүүлүгүн колдоо үчүн сайтты түзүүнүн технологиялык негиздерине ээ болуу:

- окуу ишмердүүлүгүн колдоо сайтынын максаты, түзүмү, навигация куралдары жана дизайны жөнүндө түшүнүктөрдүн болушу;

- веб-баракчанын түзүлүшү жөнүндө түшүнүккө ээ болуу;

- сайтты түзүүнүн эң жөнөкөй ыкмаларына ээ болуу, окуу маалыматты сайт – файлдык система түрүндө берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

- Интернетте окуу ишмердүүлүгүн колдоо сайтын жарыялоо ыкмаларына ээ болуу.

ЮНЕСКОнун сунуштары боюнча заманбап мугалим окуучуларга ийгиликтүү кызматташып, келип чыккан маселелерди чечүү, окутуу көндүмдөрүн өздөштүрүү, жыйынтыгында толук кандуу жарандар жана адистер болуп чыгуусуна жардам бере алаарын баса белгилейт. Сунуштар мугалимдердин ишинин бардык аспектилерин камтыйт. Алардын ичинде төмөнкүлөр да бар:

1. МКТны билим берүү тармагына киргизүү саясаты;
2. Окуу программасы жана баалоо;
3. Педагогикалык практика;
4. Санариптик көндүмдөр;
5. МКТны колдонуу аркылуу билим берүү процессин уюштуруу жана башкаруу;
6. Кесиптик өнүгүү.

Ушул аспектилерди эске алуу менен МКТ боюнча компетенттүүлүктүн деңгээлин жогорулатуу үчүн мугалим:

- билим берүү практикасында МКТны колдонуу боюнча ар кандай деңгээлдеги семинарларга катышуу;
- кесиптик сынактарга, онлайн форумдарга жана мугалимдердин кеңешмелерине катышуу;
- сабактарга даярданууда, факультативдерде, долбоордук ишмердүүлүктө санариптик технологиялардын жана инструменттердин кеңири спектрин колдонуу: тексттик редакторлор, сүрөт иштетүүчү программалар, презентацияларды даярдоо программалары, электрондук таблицалар;
- Санариптик билим берүү ресурстарынын коллекциясын жана интернет ресурстарын пайдаланууну камсыз кылуу;
- МКТны активдүү колдонуу менен аткарылуучу окуу тапшырмаларынын банкын түзүү;
- МКТны колдонуу боюнча өз долбоорлорун иштеп чыгуу.

**Корутунду.** Заманбап маалымат коомунда маалыматтык технологияларга негизделген билим берүү коомдун муктаждыктары, ошондой эле расмий документтер менен белгиленген максаттарга жетүү мүмкүнчүлүктөрүнүн бири болуп саналат. Билим берүүнүн активдештирүүчү формасын колдонуу жана окуучунун таанып-билүү процессине активдүү катышуусу мугалимге талап катары коюлат. Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды туура пайдаланыш үчүн сөзсүз ар бир мугалим МКТ компетенттүүлүккө ээ болушу зарыл. Заманбап мугалимдин МКТ компетенттүүлүгүн калыптандыруу көбүнчө анын иштеген мектебинин ичинде ишке ашат. Ошондуктан жалпы билим берүү мекемесинин жетекчилиги ар бир мугалимдин бул компетенттүүлүгүн акырындык менен өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды уюштуруусу максатка ылайыктуу.

**Адабияттар:**

1. Заманбап мугалимдин кесиптик мүнөз-дөмөсү // [Электрондук ресурс]. https://kutbilim.kg/news/inner/zamanbap-mugalimdin-kesiptik-m-n-zd-m-s/
2. Мамбетакунов У.Э., Татиев М.А. Развитие познавательной активности учащихся при выполнении самостоятельной работы с учебником и дополнительной литературой // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2015. – № 2 (34). – С. 45-50.
3. Сейдалиев М.Д. Информатика жана маалымат технологиялары [Текст]: усулдук колдонмо / Сейдалиев М.Д., Абдуллаев Р.М. – Б., 2011. – 77-б.
4. Медианы түшүнүү: Медиасабаттулуунун негиздери, «ММК колдоо борбору» // [Электрондук ресурс] // https://mediasabak.org/media/library/2020/06/30/b732fc7034f5da9a44e142f3132f4.pdf

***Рецензиялаган:***
***Калдыбаев С.К.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ
TEACHING TECHNOLOGY

***Муканова Элзат Табылдиевна,***
***аспирант,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ КОМПЕТЕНТТҮҮ МАМИЛЕНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

***Муканова Элзат Табылдиевна,***
***аспирант,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# ОСНОВНЫЕ ПОЛОЖЕНИЯ КОМПЕТЕНТНОСТНОГО ПОДХОДА В ОБРАЗОВАНИИ

***Mukanova Elzat Tabyldievna,***
***Postgraduate Student,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# THE MAIN PROVISIONS OF THE COMPETENCE APPROACH IN EDUCATION

***Аннотация:*** *Макалада Кыргызстандын билим берүү системасында азыркы учурда жүрүп жаткан жана көп тилдүү билим берүүгө өтүү менен шартталган өзгөчө маанилүү өзгөрүүлөр педагогикалык ЖОЖдордун алдына жаңы милдеттерди коюп жаткандыгы, ушундан улам профессионалдык-педагогикалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө (компетенцияларга) ээ болууга, аларды практикада колдонууга жөндөмдүү жана даяр жогорку квалификациялуу кадрларды даярдап чыгаруу сыяктуу маанилүү маселелер каралды. Ошондой эле билим берүүдөгү компетенттүү мамиленин негизги жоболорун дагы бир ирет карап чыгуунун зарылдыгы белгиленди. Мында билимдүүлүк жана билим берүүгө даяр болгондук түшүнүктөрү компетенция жана компетенттүүлүк түшүнүктөрүнө, ал эми ишмердүүлүктүн ык-амалдары компетенттүү мамиле аркылуу көрсөтүлөт. Макаланын материалдары Кыргызстандын билим берүү системасында жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдүн зарылдыгын аңдап түшүнүп, билим берүүдөгү компетенция, компетенттүүлүк, компетенттүү мамиле концепцияларынын келечектүүлүгүнө туура баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет деген ишенимдебиз. Мындагы окуу материалдарын ЖОЖдордун окутуучулары, магистранттар жана мектеп мугалимдери сабак процессинде колдонууларына багытталып жазылды.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены особо важные изменения, происходящие в настоящее время в системе образования*

*Кыргызстана, обусловленные переходом к многоязычному образованию, что ставят перед педагогическими вузами новые задачи, вследствии которого немаловажное значение имеют вопросы подготовки высококвалифицированных кадров, обладающих обширными знаниями, умениями и навыками (компетенциями) в профессиональной деятельности, способными и готовыми применять их на практике. Также отмечена необходимость рассмотрения основных положений компетентностного подхода в образовании. Здесь понятия образованность и подготовленность переходят в понятия компетенции и компетентности, а способы деятельности в компетентностный подход. Мы уверены, что материалы статьи дадут возможность осознанию необходимости изменений происходящих в системе образования Кыргызстана и правильного оценивания перспективности концепций компетенции, компетентности, компетентностного подхода в образовании. Статья направлена для практического применения этих учебных материалов в учебном процессе преподавателями вузов, магистрантами и учителями школ.*

***Annotation:*** *The article discusses particularly important changes currently taking place in the education systems of Kyrgyzstan and due to the transition to multilingual education, which pose new challenges to pedagogical universities, as a result of which the issues of training highly qualified personnel with extensive knowledge, skills and abilities in the professional field, capable and ready to apply them in practice are of no small importance. The necessity of considering the main provisions of the competence approach in education is also noted. Here, the concept of education and preparedness, turn into the concepts of competence and competence, and the methods of activity into a competence-based approach.*

*We are sure that the materials of the article make it possible to realize the need to change what is happening in the education systems of Kyrgyzstan and to correctly assess the prospects of the concepts of competence, competence, competence approach in education. The article is written for the practical application of these educational materials in the educational process by university teachers, undergraduates and school teachers.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *көп тилдүүлүк, билим, билгичтик, көндүм, жөндөмдүүлүк, билимдүүлүк, баалоо, реформалоо, компетенттүү мамиле, калыптандыруу.*

***Ключевые слова:*** *многоязычие, знание, умение, навык, способность, образованность, оценивание, реформирование, компетентностный подход, формирование.*

***Key words:*** *multilingualism, knowledge, skill, skill, ability, education, assessment, reformation, competence approach, formation.*

**Киришүү.** Кыргызстандын билим берүү системасында азыркы учурда жүрүп жаткан жана көп тилдүү билим берүүгө өтүү менен шартталган өзгөчө маанилүү өзгөрүүлөр педагогикалык ЖОЖдордун алдында жаңы милдеттерди койду. Профессионалдык (кесиптик) жаатындагы кеңири билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө (компетенцияларга) ээ болуучу, аларды практикада колдонууга жөндөмдүү жана даяр жогорку квалификациялуу кадрларды даярдап чыгаруу маселелери азыр зор мааниге ээ. Педагогикалык адистерди даярдоо процессинде заманбап дидактиканын жоболоруна ылайык «билим берүүнүн жыйынтыктарын баалоону кайрадан карап чыгуу процесси жүрөт, мында сабаттуулук жана даярдык сыяктуу негизги түшүнүктөр кайрадан каралып, булар компетенттүүлүк жана компетенция түшүнүктөрүнө өтөт, ал ишмердүүлүктүн ыкмалары «компетенттүү мамиле» түшүнүгүндө каралат» [1, 20-б.]. Ушундан улам билим берүүдөгү компетенттүү мамиленин негизги жоболорун карап чыгуу зарыл деп эсептейбиз, себеби так мына ушул маселе билим берүү системасын коомдун үзгүлтүксүз өнүгүүсүндөгү муктаждыктарына жакындашууга мүмкүнчүлүк берет.

**Изилдөөнүн максаты.** Билим берүүдөгү компетенттүү мамиленин негизги багыттарын аныктоо менен чет тилин өздөштүрүп

жаткан студенттин өз алдынча ишмердүүлүгүн уюштуруу жолдорун сунуш кылуу – изилдөөнүн максаты катары каралды.

**Изилдөөнүн методологиясы жана методдору.** Болочок мугалимдин, учурдагы студент-бакалаврдын өз алдынчалуулугу, чыгармачылык демилгеси, кесипкөйлүк жана академиялык мобилдүүлүгү, кызматташууга карата болгон жөндөмдүүлүгү, атаандашууга болгон жөндөмдүүлүгү жана «эркинин өнүгүүсү» сыяктуу түшүнүктөр компетенттүү мамиленин негизин түзүп, бул маселе билим берүү системасынын өнүгүүсүнө тийиштүү бир катар документтерде, ошондой эле көптөгөн изилдөөчүлөрдүн (Н.А.Асипова, И.А. Зимняя, А.В. Хуторской, В.И. Байденко, А.К. Маркова, Л.А. Петровский, Дж.Равен, К.Д. Добаев, Н.К. Дюшеева ж.б.) эмгектеринде кенен белгиленген. Кадрларды даярдоонун салттуу системасын реформалоого багытталган жана максаттуу багыт алуу эсебиндеги жаңы форматтын калыптануусун аныктап туруучу бүткүл билим берүү саясатын учурда кайрадан ой элегинен өткөрүү, кайрадан карап чыгуу процесстери жүрүүдө. Жаңы муундагы стандарттар окутууну уюштуруунун сциенттик (билимдик) моделинен компетенттик моделге өтүүнү шарттады. Булар биздин изилдөөдө салыштырма-типологиялык **методдун** жардамы менен ишке ашырылды. Билим берүү системасын модернизациялоо процессинде билим берүүнүн натыйжаларын баалоону кайрадан ойлоп түшүнүү, негизги түшүнүктөрдү кайрадан карап чыгуу зарылдыгы бар, мисалы, билимдүүлүк жана билимге даяр болгондук түшүнүктөрү компетенция жана компетенттүүлүк түшүнүктөрүнө, ал эми ишмердүүлүктүн ыкамалдары компетенттүү мамилеге барып такалат.

**Негизги мазмуну.** Билим берүүдө компетенттүү мамилени ишке ашыруу принципиалдуу жаңы көрсөткүчтөрдү – компетенттүүлүктөрдү менен компетенцияларды калыптандырууну жана баалоону көңүлгө алат. Булар Дж. Равен, Р. Глейзер сыяктуу бир катар батыш окумуштууларынын пикиринче дипломдордун жана квалификациялардын, академиялык мобилдүүлүктүн, ошондой эле кесиптик таанылуунун салыштырылуу проблемаларын чечүүнүн жолдору катары карашат [2; 3]. Компетенттүү мамилени ийгиликтүү ишке ашыруу ошондой эле бирдиктүү билим берүүчүлүк, кесиптик-квалификациялык жана маданий-баалуулук мейкиндиктерин колдоонун олуттуу фактору каралышы ыктымал.

Билим берүүдөгү компетенттүү мамиленин проблемалары кыргыз жана Россия педагогика илимдеринде Т.А. Абдрахмановдун, Н.А. Асипованын, И.А. Зимняянын, А.Т. Калдыбаеванын, В.В. Краевскийдин, О.Е. Лебедевдин, А.М. Мамытовдун, М.А. Ногаевдин, Дж. Равендин, Ю.Г. Татурдун, А.В.Хуторскойдун, С.Е. Шишовдун ж.б. эмгектеринде кеңири изилденген. Андай изилдөөчүлөрдүн пикирлерине ылайык компетенттүү мамиле билим берүүнүн жаңы сапатына жетишүүнүн педагогикалык, дидактикалык шарттары болуп эсептелинет. А.В. Лебедев компетенттүү мамиленин негизги мүнөздөмөлөрү эсебиндеги билим берүүнүн маңызы окуп-билим алуучуларда социалдык тажрыйбаны (мунун ажырагыс бөлүгү болуп билим алуучунун өздүк тажрыйбасы эсептелинет) колдонуу негизинде ишмердүүлүктүн ар башка чөйрөлөрүндө жана түрлөрүндө проблемаларды чечүүнү өз алдынча издөөгө карата жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү тууралуу жобону бөлүп көрсөтөт. Билим берүү процесстин максаты билим алуучуларда окутуунун мазмунун түзүүчү таанып-билүүчүлүк, коммуникативдик, уюштуруучулук жана дагы башка проблемаларды өз алдынча чечүү тажрыйбасына өбөлгө болуучу шарттарды түзүүдө турат. Ушунда билим берүүчүлүк натыйжаларды баалоо окутуунун белгилүү бир этабында билим алып жаткандар жетишкен билимдүүлүктүн деңгээлдеринин анализине таянат. В.И. Байденконун жазганына ылайык, «жогорку билим берүүдөгү адистин компетенттүүлүгү – бул анын даярдыгынын, жөндөмдүүлүктөрүнүн практикада көрсөтө алгандыгы, ал өзүнүн потенциалын (билим, билгичтик, тажрыйба, жеке касиеттери) чыгармачылык ишмердүүлүгүндө ишке

ийгиликтүү ашыра алгандыгында, ишмердүүлүгүн кесиптик жана социалдык чөйрөдө такай жүзөгө ашырып, анысын тынымсыз тереңдетип тургандыгында» [4, 17-б.]. Мунун пикирине кошулбай коюуга болбойт.

Компетенттүүлүк проблемаларын кароо процессинде келип чыгуучу маанилүү маселе «компетенция» жана «компетенттүүлүк» түйүндүү түшүнүктөрүнүн туура чечмеленүүсү менен байланыштуу. Бул терминдер өткөн кылымдын 60-жылдарынын батыш дидактикалык адабиятында инсандын турмуштук тажрыйбанын жана ээ болгон билимдери, билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн негизинде кайсы бир ишмердүүлүктү аткарууга карата жөндөмдүүлүктөрүн аныктоо дегенди түшүндүрүп келген. Мында окумуштуулар «компетенция» жана «компетенттүүлүк түшүнүктөрүнүн ортосундагы кээ бир айырмачылыктарды көрсөтүшөт. Эмесе, бул эки түшүнүктүн ар бирин учкай карап көрөлү.

И.А. Зимняянын пикирине ылайык, «компетенттүү мамилеге негизделген ишмердүүлүк оболу практикада көрүнөт. Ал эми адамдын мотивациясына, сапаттык билим деңгээлине, мотивациялык-эрктик касиеттерине негизделген «компетенттүүлүк», түшүнүгү кыйла кенен, ары терең, билим берүүнүн гуманисттик баалуулуктарына ылайыкташтырылат» [5, 17-б.]

Бир катар окумуштуулар (Т.А. Абдрахманов, М.А. Ногаев, А.В. Хуторской) компетенттүүлүктү адамдын ишмердүүлүктүн предметине карата инсандык мамилесин камтуучу тийиштүү компетенцияга ээ болуусу катары аныкташат. Ошондой эле компетенция – бул инсандын кайтарымдуу ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл предметтердин жана процесстердин белгилүү бир алкагына карата дайындалуучу өз ара байланыштуу сапаттарынын (ишмердүүлүктүн ык-амалдары) жыйындысы болуп саналат.

В. Шершневанын пикири боюнча «компетентүүлүк – бул студенттин инсандык касиеттеринин жыйындысы (буга билим, билгичтик, көндүм адаттар, тажрыйба, жөндөмдүүлүк, баалуулук багыттары кирет), булар адистин жумушка болгон даярдыгын аныктаган белгилер» [6, 49-б.]. Ал эми С.Меркулованын пикирине ылайык, «компетенттүүлүк адистин «курстан өтүүсү» гана эмес, анын даярдыгынын айрым кошумча өбөлгөлөрү менен шартталган нерсе, анын чыгармачылык потенциалы менен эмоционалдык-эрктик, мотивациялык өзгөчөлүктөрү аркылуу ишке ашуучу түшүнүк» [7, 128-б.]. Мунун аныктамасы мурдагыларга караганда кенен маселени камтыйт экен.

Окуу процессинде кредиттик технологиянын маңызын аныктоочу документтерде компетенциялар мүнөздөмөлөрдүн, жөндөмдүүлүктөрдүн жана позициялардын динамикалык айкалышуусу катары аныкталган, булар ар кыл түрдүү курстук бирдиктерде түзүлөт жана ар башка этаптарда жыйынтык катары бааланышат. Билим берүү программаларынын максаты, милдеттери компетенцияларды өнүктүрүүдө камтылган. Демек, компетенциялар предметтик (белгилүү бир предметтикке тийиштүүлөр) жана универсалдык компетенциялар болуп (бардык даражалар үчүн жалпы) ажырымдалышат.

Биздин түшүнгөнүбүздө, компетенция билим берүү системасынын алкактарында билим берүүчүлүк цикл үчүн түзүлүүчү кесиптиктик билим берүү (жогорку кесиптик билим берүү) системасында билим алып жаткан субъекттин сапаттык түзүмүндөгү жаңыдан калыптануулар катары көрүнөт. Окумуштуу А.И. Субетто белгилегендей, «компетенттүүлүк компетенциялардын гана жыйындысы эмес, ал белгилүү бир ишмердүүлүктө актуалдашкан компетенциялардын жыйындысы» [8, 19-б.]. Бул окумуштуу компетенттүүлүктү адамдын, адистин профессионалдык ишмердүүлүгү менен байланыштырат.

Демек, компетенттүүлүк ишмердүүлүктүн тийиштүү түрлөрүндөгү субъекттин инсандыгынын өзүн өзү актуалдаштыруусу менен байланышкан компетенцияларды өнүктүрүү процессинде актуалдаштыруунун чарасы болуп эсептелет. Компетенция адамдын сапатттуулук динамикасындагы жаңыдан гана калыптануу катары билим

берүүчүлүк мейкиндикте ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрлөрүн «калкалоочу» билим берүүчүлүк компетенциялардын жыйындысы катары трактовкаланышы ыктымал. Ошол эле мезгилде ал адис тарабынан ийгиликтүү чечмеленүүчү ишмердүүлүктүн милдеттери системасы катары каралышы мүмкүн. Мына ушундайча, «компетенттүүлүк» түшүнүгү «компетенция» түшүнүгүнөн кыйла кеңири карала турган маселе экен.

Дегинкиси, «кесиптик компетенттүүлүк» түшүнүгүн киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу анын мазмунунун кеңирилиги, «кесипкөйлүк», «квалификация», «кесиптик жөндөмдүүлүк» ж.б. сыяктуу кеңири колдонулуудагы түшүнүктөрдү бириктирүүчү интегративдик мүнөздөмөсү менен шартталган. Мында компетенттүүлүктүн инсандык (субъекттик) мүнөзү, ошондой эле компетенциянын кесиптик (функционалдык) мүнөзү баса белгиленет.

Инсандын компетенциясынын мотивациялык-баалуулук бөлүгү анын билиминин чагылдырылуусу орун алган ишмердүүлүктүн максаттары менен аныкталат. Билимдерге ээлик кылуунун деңгээли алардын колдонулуу натыйжалуулугу менен, башкача айтканда, инсандын карамагында ишмердүүлүктү жана аны менен байланыштагы компетенцияны мүнөздөөчү белгилүү бир иш-аракеттердин (предметтик же универсалдык) болушу (же жоктугу менен) менен түздөн-түз байланыштуу. *Компетенциянын бардык курамдык бөлүктөрүн ишке ашыруунун натыйжалуу тажрыйбасынын болушу аны өнүктүрүүнүн акырына чыгарылгандыгын (б.а. калыптангандыгын) мүнөздөйт.* Мында компетенцияны калыптандыруу инсандын ар кыл түрдүү проблемалык кырдаалдарды чечүүсүн көңүлгө алуучу ишмердүүлүк процессинде гана мүмкүн, буларды чечмелөө тийиштүү компетенцияны калыптандыруу үчүн негиз болуп саналат. Ал тийиштүү компетенттүүлүктүн калыптануусунун шарты болуп эсептелет, ал эми компетенттүүлүк өз кезегинде ага ылайык келүүчү компетенцияны ийгиликтүү ишке ашыруунун шарты болуп эсептелинет.

«Компетенттүүлүк» жана «компетенция» түшүнүктөрү «окутуунун натыйжалары» термини менен тыгыз байланыштуу. Окутуунун натыйжалары болуп студент окуп-билим алуу процессинин акырына карата компетенциялардын калыптангандыгынын деңгээлин көрсөтүүнүн кандайдыр каражаты катары жалпыга көрсөтүү мүмкүнчүлүгү түшүнүлөт. Компетенттүү мамиленин алкагында окутуунун натыйжаларын баалоо (демек, компетенцияларды дагы) анын бөтөнчөлүктөрүн алып чыгууну талап кылат. Бул проблема боюнча адабияттардын анализи бизге салттуу жана компетенттүү мамилелерге ылайык баалоонун негизги айырмачылыктарын бир формага келтирип түзүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Мындагы «компетенттүүлүктү» өзүнүн курамына «окутуунун натыйжалары» чагылдырылчу «компетенция» түшүнүгүн камтуучу көбүрөөк кеңири жана жыйынтыктоочу түшүнүк катары каралганы ылайык. Демек, окутуунун натыйжаларын калыптандыруу менен, биз компетенттүүлүктү түзгөн болобуз. Эң эле башкысы, окумуштуулар Н.А. Асипова жана А.М. Ниязованын пикиринче төмөндөгү маселени көңүлгө тута жүрүүсү керек: «окуучулардын реалдуу жетишкендиктерин эске алуу зарыл, окуучулар (биздин шартта студенттер) ээ болгон билимге таянып эмне кыла алышат, студент алган билиминин аркасы менен тигил же бул иштин өтөсүнөн чыга алабы. Мына ушунун өзүн компетенттүү мамиле аныктайт, андай мамиле универсалдык билим, билгичтик, көндүм адаттардын бүтүндөй бир системасын калыптандыруучу базалык компетенттүүлүктү түзөт» [9].

Демек, салттуу мамиледеги баалоодо мугалим кайсы бир үлгү же башка бир билим алуучулардын жооптору менен салыштырып, субъективдүү жыйынтыктарды чыгаруунун функциясын аткарат, баалоонун объектиси болуп предметтик компетенциялар чыгышат. Ал эми компетенттүү мамиле баарыдан мурда кыйла татаал түзүм – практикалык багытталгандыкка ээлик кылуучу компетенцтяларды баалоону көңүлгө алат. Мындан тышкары, мугалимдин баасы

менен катар эле окуп-билим алуучунун өзүн өзү баалоосуна өзгөчө көңүл бурулат. Тактап айтканда, билим алуучу өзүнүн компетенттүүлүк даражасын аңдап билет жана мугалимдин койгон баасына карата өзүнүн мамилесин билдире алат.

Компетенттүү мамиленин шарттарында компетенциялардын калыптангандыгы көрүнүшүнүн деңгээлине карата иштелип чыккан объективдүү жана сапаттуу критерийлердин белгилүү бир топтомуна көңүл бурулганы абдан маанилүү. Мына ушундайча компетенттүү мамиле критерийлик баалоо аталышындагы технологияны колдонууну көңүлгө алат. Мында көбүнчөсү «кесиптик» деп аталган компетенция колдонулат. Ал эми мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү сөздүктөрдө «мугалимдин анын кесиптин (педагогдук) ишмердүүлүгүнүн калыптануусун аныктоочу билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн зарыл болгон деңгээлине ээлик кылуусу, белгилүү бир баалуулуктарды, идеалдарды жана педагогикалык аңдап билүүнү алып жүрүүчүсү» катары аныкталат.

Заманбап билим берүү системанын компетенттүү мамилеге карата негизги багыт алуусу бөтөн тилдүү баарлашууга жетишүү аркылуу көрүнөт, анын натыйжасында маданият аралык компетенция калыптанат. Чет тили мугалимин кесиптик даярдоо системасында компетенттүү мамиле мультимаданий коммуникациянын субъектисинин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн базалык негизи болуп эсептелинет, себеп дегенде ал билим берүүдөгү өзгөчө максат коюуга – натыйжага, атап айтканда, компетенцияларды жана компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган. Чет тилин окутуу чөйрөсүндө жогорку натыйжаларга жетишүү үчүн айрым кесиптик компетенцияларды калыптандыруу зарыл.

**Корутунду.** Компетенциялардын мультимаданий блогу студенттин адекваттуу мультимаданий түздөн-түз жана ортомчулук баарлашууга катышууга жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы менен байланыштуу. Компетенциялардын кесиптик-багытталган блогу маалыматты, коммуникацияларды, инсандын жарандык коомдо өзүн алып жүрүүнүн социалдык-укуктук негиздерин колдонуу негизинде кесиптик милдеттерди чечүүгө жөндөмдүүлүгү менен байланышат. Компетенциялардын кесиптик-орун алуучу блогу белгилүү бир кесиптик (бул жолкуда – педагогикалык) ишмердүүлүккө жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы сыяктуу базалык компетенциялар калыптануучу дициплиналар аркылуу алып чыгылат. Компетенциялардын кесиптик-идентификациялоочу блогу кесиптик ишмердүүлүктүн айкын бир предметтик жана предметтин үстүнөн болчу чөйрөнүн спецификасын чагылдырат жана адистештирүүчү субкомпетенциялар эсебинде көрүнүшөт.

Ошентип, чет тили мугалиминин моделинин түзүмдүк (структуралык) элементтери педагогикалык факультеттердин ар бир бүтүрүүчүсүндө төрт негизги компетенциянын калыптануусун шарттайт. Алардын ичинде, биздин көз карашыбызда, мультимаданий компетенцияны (ММКны) калыптандыруу өзгөчө мааниге ээ болуп, ал чет тилдери боюнча болочок мугалимдин профессионалдык ишмердүүлүгүнүн предметтик мазмунун, маңызын чагылдырат.

**Адабияттар:**

1. Супатаева Э.И. О Госстандарте школьного образования в Кыргызстане // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2017. – № 1(41). – С. 18-23.
2. Равен, Дж. Компетентность в современном обществе: выявление, развитие, и реализация [Текст]: пер. с англ. / Дж. Равен. – М.: Когито-Центр, 2002. – 396 с.
3. Glaser, R. Education and Thinking: The role of Knowledge [Text] / R. Glaser // American Psychologist. – 1984. – V. 39(2). – P. 93-104.
4. Байденко В.И. Компетентностный подход к проектированию государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования: Методическое пособие. Изд. 2-е. – М.: Исследователь-

ский центр проблем качества подготовки специалистов, 2005. – 114 с.

5. Зимняя И.А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. – 42 с.
6. Шершнева В. Как оценить междисциплинарные компетентности студента // Высшее образование в России. – 2007. – № 10. – С. 48-50.
7. Меркулова С. Проблема оценки качества подготовки: компетентностный подход // Высшее образование в России. – 2007. – № 8. – С. 127-129.
8. Субетто А.И. Онтология и эпистемология компетентностного подхода, классификация и квалиметрия компетенций. – СПб.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2006. – 72 с.
9. Асипова Н.А., Ниязова А.М. Проблемы оценки учебных достижений учащихся на компетентной основе // Интернет-булак, http://gramota.ru

***Рецензиялаган:***
***Мааткеримов Н.О.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

## ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ

## ВОСПИТАНИЕ И ОБУЧЕНИЕ

## EDUCATION AND TRAINING

***Мурзалиева Зина Кочековна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***жетектөөчү илимий кызматкер,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: murzalieva.51@gmail.com***

# ТҮРК ТИЛДҮҮ АЛТАЙ ЭЛДЕРИНИН КЕЛЕЧЕК МУУНДУ ТАРБИЯЛООДОГУ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

***Мурзалиева Зина Кочековна,***
***кандидат педагогических наук,***
***Кыргызская академия образования,***
***ведущий научный сотрудник,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: murzalieva.51@gmail.com***

# ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ЦЕННОСТИ ВОСПИТАНИЯ БУДУЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ ТЮРКОЯЗЫЧНЫХ НАРОДОВ АЛТАЯ

***Murzalieva Zina Kochekovna,***
***Candidate of Pedagogical Sciences,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Leading Researcher,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: murzalieva.51@gmail.com***

# ETHNO-PEDAGOGICAL VALUES IN EDUCATION OF THE FUTURE GENERATION OF THE TURKISH-SPEAKING ALTAIAN PEOPLE

***Аннотация**: Макаланын максаты, жаш мууну тарбиялоодогу Алтай элдеринин, рухий-баалуулуктары, нарктуу түшүнүк-төрү аркылуу этнопедагогикалык багыт-тагы илимий изилдөөлөрдөгү айрым өзгө-чөлүктөрдү ачып берүү. Изилдөөдө архивдик маалыматтар, байкоо материалдары жана Алтай элдерининин педагогика илиминин өнүгүүсүнө учурдун коомдогу көз караш-тарына да, олуттуу маани берилди. Жаш муундарды тарбиялоодо Алтай элдеринин этнопедагогикалык мурасын пайдалануу педагогика илимин жана коомдогу тарбия иштеринин заманбап системасын бир топ байыта алат. Макаланын материалдары жаш изилдөөчүлөр, мугалимдер жана педагогдор үчүн кызыктуу жана пайдалуу болушу абзел деген ойдобуз. Ошол эле учурда изилдөө жаш муундарды тарбиялоодо Алтай элдеринин эң бай мурастарынын*

*изилденбеген жана да алдыда изилдене элек катмарларынын ачылыштары алдыда экендигин билдирет.*

***Аннотация**: В статье освещаются отдельные наиболее характерные и присущие алтайским народам приёмы воспитания детей. В ходе исследования использованы архивные сведения, материалы наблюдений и сегодняшние тенденции в развитии педагогической науки народов, проживающих в зоне Алтайских гор. Использование этно-педагогических наследий алтайских народов может значительно обогатить педагогическую науку и современную систему воспитательной работы в обществе. Материалы статьи могут заинтересовать молодых исследователей, учителей и воспитателей. В тоже время исследование показало ещё не изученные «пласты» богатейшего наследия алтайских народов в воспитании подрастающего поколения.*

***Annotation:** The article highlights some of the most characteristic methods of "raising the children of the Altai people."In the course of the research archival materials, remnants of observations and current trends in the development of pedagogical science of peoples living far away from the Altai Mountains were used.The use of ethno-pedological legacies of the "Altai peoples" can greatly enrich the pedagogical science and the modern system of educational work in society.The material of the article may be of interest to young researchers, teachers and educators. At the same time, the study showed huge unexplored "layers" of the richest heritage of the "Altai peoples" in the upbringing of the younger generation.*

***Түйүндүү сөздөр:** Алтай эли, педагогикалык мурас, билим.*

***Ключевые слова:** Алтайская народность, педагогическое наследие, воспитание.*

***Key words:** Altai people, pedagogical heritage, education.*

**Киришүү.** Алтай элдерине негизинен Алтай тоо кыркаларында жашаган калк кирет. Алтай аймагы же Алтай Республикасы Россиянын түндүк-батышынан башталып, түштүк-чыгыш тарапка Казакстан Республикасындагы Чыгыш Казакстан облусу, Монголиянын Баян-Өлгий жана Ховд облустары, Кытайдагы Уйгур Автономиясына чейин жетип, 2000 километрге чейин созулат.

Алтайлыктар – этникалык топ, алардын улуттук курамына – телеуттар, теленгиттер же телеселер, кумандиндер, тубалар кирет. Алар 2 топко бөлүнүшөт – түштүк жана түндүк. Түштүк жактагылары, 1948-жылга чейин ойроттор деп аталган тилде сүйлөшкөн. Бул багыттагысы түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак топтору болуп эсептелет. Ал эми түштүк жактагы алтайлыктардын өкүлдөрүнө, Кемерово облусунун тургундары – телеуттар, жана Телецк көлүнө жакын жашаган – телеселер кирет [7].

Бүгүнкү күндө Алтай элинин калкы ишмердүүлүктүн көптөгөн тармактарында, анын ичинде билим берүү, саламаттыкты сактоо, туризм, жаңы шаарларды курууда да, башка көптөгөн ийгиликтерге жетишүүдө. Жогоруда аталган калктардын өткөн тарыхый жалпы тагдырлары, жашоодогу, тиричиликтеги кыйынчылыктары жана ийгиликтери аларды бириктирип турат.

**Изилдөөнүн максаты.** Алтай элинин бай этнопедагогикалык мурастарынын тарбия багытындагы маанилүү жактарын, андагы инновациялык жана заманбап өнүгүүдөгү таасирин ачып берүү.

**Негизги мазмуну.** Алтай элдеринин этнопедагогикалык мурасын изилдөө үчүн эң оболу анын калкын аныктоо зарыл. Окумуштуулар бул маселени үч негизги көз караш менен карашат [1].




1. Тарыхый көз караштан алганда, Алтай калкы 85тен ашык улуттан, жергиликтүү жана жаңы келгендерден турат. Алтайлыктардын ата-бабалары түрк тилдүү теле жана тюкю уруулары, аларга XIII, XV-XVIII кылымдардагы монгол тилдүү уруулар: наймандар, дербеттер, моголдор, чоролор ж.б. кирет. «Алтай» деген аталыш түрк тилдериндеги «ал» – бийик жана «тай» – тоо деген сөздөрдөн келип чыгышы мүмкүн.

Алар жогоруда айткандай түндүк алтайлыктар мурунку «кара татарлар» урал тарабындагы элдер кирет. Түштүк алтайлыктар – мурунку «ойроттор», «ак калмактар» монголоиддик Орто Азия элдерине кирет. Башка изилдөөчүлөрдүн айтымында, «алтай» сөзү монгол тилинин оозеки сөзүнөн келип, «Альп шалбаасы жана жайыттары бар тоолуу өлкө, бийик тоолордогу көчмөндөр», – дегенди билдирет.

2. Лингвистикалык көз караштан алып караганда, Алтай тилин түрк тилине, тагыраак айтканда, кыргыз-кыпчак топторуна киргизүүгө мүмкүндүк берет. Ал эми бүгүнкү күндө дүйнө элдеринин бул тилдер үй-бүлөсүнө кирген көптөгөн түрк-монгол тунгус-манчжур, жапон-корей тилдери үчүн алтай тили чечүүчү мааниге ээ [2]. Түрк элдеринин ичинен алтайлыктарга тил жагынан эң жакындары: тувалыктар, хакастар, кыргыздар, уйгурлар, карачайлар, балкарлар. Элдик этимология боюнча «Алтай» аталышы эки түрк сөзүнүн биригишинен келип чыккан: «алты» – алты жана «ай» – ай. Дагы бир версияда айтылгандай «Алтай» сөзү монгол тилиндеги «алт» – алтын сөзүнөн жана «тай» деген ат атоочтордон, башкача айтканда «Алтай» – алтын бар же «алтын бар жер» деген түпкү сөздөн келип чыккан, муну байыркы кытай булактары тастыктайт.

3. Географиялык мамиледе алсак, – Алтай тоолору Азиядагы, Сибирдин түштүгүндөгү жана Орто Азиядагы тоо системасы. Жаратылыш-географиялык көп түрдүүлүк түрктөрдүн «Ала тоолору» (кара аскалуу жарлар жана ак карлуу чокулар, жаркыраган гүлдүү альп шалбаалары жана жашыл өсүмдүктөр) дегенди билдирген «алтай» сөзүнүн келип чыгышы жөнүндөгү гипотезанын пайда болушуна түрткү болгон [1].

Соңку тарых жана азыркы элдер менен тууганчылык маселеси жөнүндө, Сибирдин тарыхы боюнча белгилүү адис С.В. Бахрушин 1955-жылы Енисейдеги «Кыргыз жерин» сүрөттөп жатып мындай деп жазган. Аталышына карабастан, кыргыздар калкынын аз гана бөлүгүн түзгөн «Енисей кыргыздары» жана «кыргыз жерлери» деген терминдер жаңылыш түрдө «кыргыздар» деген мааниге ээ болушу мүмкүн экенин кийинки изилдөөлөр тастыктайт, бирок чындыгында сөз XVII кылымдагы жашап өткөн кыргыздар жөнүндө болуп жатат.

Енисейлик кыргыздардын өздөрү да, басылмалардын көптүгүнө карабастан, жетиштүү изилденбегендиктен, алардын башка байыркы жана өзгөчө азыркы элдер менен болгон туугандык байланыштары тууралуу маселе ачык бойдон калууда.... Енисей кыргыздарынын гипотетикалык урпактарына хакастар кирет. Бирок, башка маалыматтардан да кезиктирүүгө болот [4].

Ушундай эле маалыматты кыргыз элинин сыймыгы болгон «Манас» эпосун-

дагы, Сагымбайдын вариантындагы мазмундук берилишиндеги:

«Алтын казып, дан айдап,

Алтайга келип турабыз» – деген саптардын тарыхый далили катары тилчи, окумуштуу-мударис Хусейин Карасаевдин «Камус наама» китебинде, – «Алтай-Азиядагы ири тоо тутуму, андан Обь, Иртиш, Енисей (Энесай) өзөндөрү агып чыгат. Ал СССР, Монголия жана Кытайга караштуу. Алтай деген сөз, түрк-монгол тилдериндеги «алтын» деген сөздөн деп жорушат. Илгери кыргыздар Энесай өрөөнүндө жашашкан. Манастагы «алтын казып» деген сөз бекеринен эмес. «Дан» – фарсынын «нан» деген сөзүнөн алынган. Бул тексте – аштык, эгин деген маанини билдирет – деп аныктап, белгилейт [6].

Алтай элдеринин педагогикасынын маанилүү компоненти балдарды коомдун жана жамааттык чөйрөнүн өнүгүүсүнүн алкагында тарбиялоо болуп эсептелген. Ошентип, аларда үй-бүлөлүк турмуш менен тыгыз байланышкан, балдарды тарбиялоонун өзгөчө салттуу-тиричилик маданияты өнүккөн. Бул тажрыйба кылдаттык менен сакталып, муундан-муунга өтүп, үй-бүлө менен коомчулуктун таасиринин негизиндеги биргелешкен жашоо үчүн бекем пайдубалы түзүлгөн. Мындай тажрыйба, балдарды тарбиялоодо туура эмес ойдон жана терс көрүнүштөрдөн коргоого мүмкүндүк берген. Ага карабастан, ар бир (элдин) этностордун өздөрүнө тиешелүү мүнөздөгү өзгөчөлүктөрүнө карата тарыхый, тилдик, географиялык, экономикалык жана башка багыттагы көңүл бурулуучу маселеси, «билим мурасы» – педагогика илиминин уникалдуу жана ошол эле учурда дээрлик изилденбеген бөлүгү болуп саналат. Анын өзгөчөлүгү этно баалуулуктардагы жогорку деңгээлдеги рухий-нарк дөөлөттөрдү баалай билүүгө инсанды калыптандырууда бардык тарбиялык иш-чараларды туура багытта алып баруу аркылуу педагогикалык усулдук чеберчиликтер талап кылынат.

Көптөгөн кылымдар бою оор турмуш шарты ал элди өзгөчө эмгекчилдикке, күчтүүлүккө, чыдамкайлыкка калыптандырган. Ал эми коомдук мааниге ээ болгон бул сапаттарды берүүдө салттуу элдик тарбиянын мазмундук негизин белгилүү бир деңгээлде аныктаган багытта иш алып баруу талабы абзел болгон.

Алтай элдеринин бай жана көп кырдуу этнопедагогикалык мурастарын талдообуз алардын бүткүл тарыхында жаш муунду адеп-ахлактык жактан тарбиялоого артыкчылыктуу орун берилгенин ырастоого негиз берет. Адамдын бардык улуттук нарк-насил, адеп-ахлактык сапаттарынын ичинен Алтай элдик педагогикасы эң биринчи кезекте төмөндөгүлөрдү баалаган:

- башка адамдарды урматтоо;
- сабырдуулук;
- меймандостук;
- бооруукердик жана мээримдүүлүккө ыктоо;
- бардык нерседеги ченемдүүлүк;
- чынчылдык;
- жөнөкөйлүк жана токтоолук ж.б. [9].

Ошол эле учурда элдик акылмандык куулук, мактануу, көрө албастык, сараңдык, бекерчилик жана башка адамдык сапаттарга, терс сапаттарга да көңүл бурушкан. Мисалга, жүрүш-туруштун сыпатталышына болгон көз караштын берилишине:

- «Теке жокто, чебич жол башчы».
- «Мал өлгөндө ит семирет, адам ооруганда шаман семирет».
- «Карышкырдын баласы карышкыр болот», же
- «Бөрү баласы ит болбойт» [10].

Бул терс сапаттар көптөгөн элдик макал-лакаптарда сындоо, шылдың катары салыштыруу иретинде чагылдырылат.

Этностордо адамдын инсандын жеке сапаттарын эмес, ал коомчулуктун бир бөлүгү катары кандай ролду көрсөткөнүн баалашкан. Жеке сапаттар да, өзүнчө бааланган, бирок алар бүткүл коомдун (же жамааттын) талабына жараша көз караште каралып келген.

Дагы бир белгилей кетүүчү өзгөчөлүк – Алтай элдеринин эң жогорку экологиялык аң-сезими. Мында жаратылышка болгон (жайыттарга, аңчылык, балык уулоо жана

башкаларга) керектөөчүлүк мамилесин гана эмес, ошондой эле гармониялуу физикалык жактан камсыз кылуучу өз ара аракеттенүүнүн тең укуктуу жана татыктуу субъективдүү рухий дүйнөнүн табияттагы көрүнүшүн баалай билүү.

Алтай элдеринин философиясы боюнча адам табияттын бир бөлүгү, анын чыгармачылык ишмердүүлүгү өзүн өзү өркүндөтүүгө, уюштурууга, тарбиялоого багытталган. Көбүнчө ал өзүнүн жана өзүнө жакын адамдардын (үй-бүлөнүн) жашоосун табиятка ылайык – аны түшүнгөндөй «өздүк» сезими менен кабылдап турат. Көптөгөн фольклордук чыгармалар, жаратылыштын, тоолордун, талаалардын коздугу, жаратылыш объекттерин рухий-дүйнөгө байланыштыруу менен аларды сыйлоо жөнүндөгү аңгемелер бул баалуулукту тастыктайт [5]. Алтай элдериндеги дагы бир өзгөчө нерсе, жаратылышка, табигый кубулуштарга карата мифтик ишеним, түшүнүктөргө («табу», «эвфемизмге») болгон мамилеси. Табу – дүйнөлүк көп калктарда кеңири тараган термин экендигин этнограф, тилчилер белгилеп келишет.

Изилдөөчү А.М. Щербак Алтай элдеринин *табуга* болгон ишенимдери боюнча буларга токтолот. Сибирь жактагы түрктөрдө – өзгөчө Якуттарда *«аюуга»* байланыштуу *табуну* түрдүү аташканын, аларды эвфемизм сөздөрү менен орустун, *таптыгин, медведь, мишка* деп колдонушуп, жасасалма аттарды жаратышкан. Тувалыктар бул жаныбарды, үй айбандарына атоо менен колдонушкан. Автор, Алтай-түрк калктарында *карышкырга* байланыштуу көп эвфемизмдер жөнүндө токтолот. Мисалга, *көк жал, оозу кара, көк жал, теңирдин ити, узун куйрук, тырмактуу* дешип, тескери тергеп айтса мал- жанга жолобойт ишеним болгон дейт [3].

Аңчылыкта жүргөндө аң (жапайы айбандар) жөнүндө кеп кылбоо, өздөрүнүн атын укса качып кетет деген түшүнүк менен башкача аташкандыгы Д.К. Зелениндин эмгегинде айтылат. Алтайлык аңчылар *бугуну – таш туяктуу, багышты – узун аяк, ак тизе* дешсе, Якут аңчылары *багышты – чоң кийик, аюуну – «эсе» («ата»), шор, алтай тилдеринде, «абай» – («баба», «чоң ата»)* сыяктуу эвфемизмдер менен аталары жөнүндө баяндайт.

Кээ бир нерселердин атын атоодо этият, сылык мамиле аркылуу жаштарды тарбиялоодо улууларды урматтоого, ата-энени сыйлоону талап кылуу сыяктуу сапаттар маанилүү орунду ээлеген. Буга көптөгөн накыл сөздөр түрткү болгон. Бүгүнкү күндө бойго жеткен балдар бардык жерде ата-энесинин сөзүн сөзсүз угушу бекеринен эмес.

Алтай элдеринин бай тарыхы алардын балдарынын физикалык жактан өнүгүүсүнө дайыма кам көрүп келгендигин айгинелейт. Ар кандай улуттук оюндарда жана эмгектенүүдө чоңдор менен бирдей абалда балдар да тасыгышкан. Алар кичинекей кезинен эле мал кайтарууга, балык кармоого, аң уулоого үйрөнүшкөн. Тынымсыз көнүгүү көптөгөн согуштарда абдан зарыл болгон тубаса физикалык сапаттардын калыптанышына, эпчилдиктин, кайраттуулуктун, чыдамкайлыктын, өзүнө болгон ишенимдин калыптанышына өбөлгө түзгөн. Элдик оозеки чыгармаларындагы күчтүү жана эр жүрөк инсандар, баатырлар, Ата Мекенди коргоочулар тууралуу айтылган ырларды көп кездештирүүгө болот.

Бала ымыркай кезинен баштап өз элинин маданиятын бешик ыры, жомоктор, табышмактар, макал-лакаптар аркылуу баамдаган. Хакас үй-бүлөлөрүндө балдарды физикалык жактан жазалоо салт болгон эмес. Баланын турмуштук тажрыйбасынын аздыгынан ката кетирүүгө жол берилет жана аларды өзү оңдоого тийиш деп эсептелген. Балдарга жашоодо жаман иштерди – уурулук, жалаа жабуу, калп айтуу, башкаларды көрө албастык кылуу, ачууланбоо керектиги такай айтылып келген. Балдарды кичинесинен ата-бабаны урматтоого, улуу адамдар менен учурашууга, чоңдордун сөзүнө аралашпоого, мактоону күтпөстөн кызмат кылууга тарбиялашкан.

Тарбиянын негизги каражаттарынын бири физикалык эмгек болгон. Эркек балдарды жаштайынан атка мингизип, жети-

сегиз жашынан баштап мал кайтартышкан. Өспүрүм кезинде чоңдор аларга чөп чаап, аңчылык кылганга машыктырышкан. Кыздар энелеринен, эжелеринен аял эмгегинин татаал өңүттөрүн – тери ашатканды, токуучулукту, түрдүү тамактарды жасоону жана башкаларды үйрөнүүгө тарбиялашкан.

Беш жашар балдардын да үй-бүлөлүк жана үй тиричилик милдеттери болгон мисалы, кичүүлөрдү багышуу (бул табиятта оңой иш эмес), үй жаныбарларын кароо, мал жаюу сыяктуу. Өспүрүм куракта эле балдар чоңдор менен бирге эмгек ишмердүүлүгүнүн дээрлик бардык түрлөрүнө тартылып, белгилүү бир кесиптик көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү өздөштүрүшкөн.

Мезгилдин өзгөрүүсү, адамдардын айлана-чөйрө менен тыгыз байланышы билим берүү процессин жаратылыш менен табигый түзүлүштө куруугa мүмкүндүк берди. Тарбия адамдын өзүнүн табиятына негизделген. Ал эми жаратылыштын өнүгүүсүнүн көп байкалган принциптери аналогия боюнча балдарды тарбиялоого өткөн. Көптөгөн элдик нарктуу, салт-санаалардын туруктуулугу жана эмоционалдык жагымдуулугу өсүп келе жаткан муунга таасирин тийгизген, турмуш тастыктагандай бул тарбиялык жактан натыйжалуу курал болгон [11, 103-б.].

Мисалга, нускалуу улуттук макал-лакаптарды алсак:

- «Көп сөздө чындык жок, макалда калп жок»,
- «Жылкы кишенешкенде, адам жакындашканда түшүнүшөт»,
- «Жакшы адам жамандыкты эстебейт, жаман адам жакшылыкты баалабайт»,
- «Алдыга умтулсаң, тоолорду жеңесиң»,
- «Баспасаң отурган жериңден башканы көрбөйсүң».

Дегеле, Алтай-түрк элдеринин билим берүүсүндө *үлгү ыкмасы* маанилүү орунду ээлейт. Балдар көп учурда чоңдорду оюнда, сүйлөгөндө, бири-бири менен болгон мамилесинде туурай турганы эл арасында илгертен эле маалым. Ошондуктан тарбиялоодо балдардын жанында үлгүлүү инсандардын болушуна аракет кылышкан жана ата-энелер, жомоктордогу, уламыштардагы жана башка элдик оозеки чыгармалардагы каармандарды сыпаттап, алардын үлгүлүү жактарын түшүндүрүүсү маанилүү орунду ээлеген [8].

**Жыйынтыктоо.** Ошентип, Алтай элдеринин этнопедагогикасынын айрым жактарын анализдөө аркылуу, бүгүнкү күндө билим берүү системасына керектүү, алардагы өзгөчө унутулбаган нарктуу дөөлөттөрү, рухий баалуулуктары, мурастары менен ыкмаларын пайдалануу керектигин тастыктап келет.

Бул көйгөйдү тереңирээк изилдей турган болсок, Алтай педагогикасынын ролу, этносторунун эң бай мурастарын пайдаланууда азыркы социалдык жашоо абалын жакшыраак түшүнүүгө жана этнопедагогикалын – этно баалуулуктарын терең өздөштүрүүгө негиз боло турган мүмкүнчүлүктү берет.

**Адабияттар:**

1. Алтай. Большая Российская энциклопедия // [Электронный ресурс] // https://old.bigenc.ru/geography/text/1814383
2. Алтай туристический. – Белуха (Высшая точка Сибири) // [Электронный ресурс] // https://www.vtourisme.com/altaj/geografiya-i-klimat/vershiny/26-g-belukha
3. Акылбекова Г.Ш. Тыйуу жана тергөө сөздөрүн лингвомаданияттаануу багытында иликтөө // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2013. – №3 (27). – С. 63-65.
4. Бахрушин С.В. Енисейские киргизы в XVII в. – 1955. – С. 176-224.
5. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974. – 283 С.
6. Карасаев Х.К. Каму Наама («Манас» сөздүгү). – Фрунзе: «Кыргызстан», 1990. – 96-б.
7. Десять отрывков разнообразного исторического содержания Михаила Литвина. О нравахъ татаръ, литовцевъ и москвитянъ // Архив историко-юридических сведений [в 3х кн.]. – М., – С. 1850-1861.
8. Мурзалиева З.К. Eski Türk Dilli Halk Olarak Kırgızların “Manas” destanı ve

“Manas”taki Gelenekler // Örf Adetler ve Halk Oyunları Aracılığıyla AhlakEğitimin Verilmesi // Афинский институт, образования и научных исследований. – Афины, Греция. – 54 с.
9. Тавадов Г.Т. Этнология. Учебник для вузов. – М.: Проект, 2002. – 106 С.
10. Алтайские пословицы и поговорки // [Электронный ресурс] // http://uznayslovo.ru/sarticles.php?id_cat=286
11. Муратбек Касей. Элдик маданият балдарга руханий-адеп-ахлактык тарбия берүүнүн маанилүү каражаты катары // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2022. – №1 (56). – С. 100-103.

***Рецензиялаган:***
***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***

*Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,*
*педагогика илимдеринин кандидаты,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*жетектөөчү илимий кызматкер,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

# ДИН ТААНУУНУН АҢ-СЕЗИМДИН ӨНҮГҮШҮНӨ ЖАНА ДЕН СООЛУККА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,*
*кандидат педагогических наук,*
*Кыргызская академия образования,*
*ведущий научный сотрудник,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

# ВЛИЯНИЕ РЕЛИГИОВЕДЕНИЯ НА РАЗВИТИЕ СОЗНАНИЯ И ЗДОРОВЬЯ

*Zhumabayeva Gulaiym Abdysamatovna,*
*candidate of pedagogical sciences,*
*Kyrgyz Academy of Education,*
*Leading Researcher,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

# ON THE DEVELOPMENT OF CONSCIOUSNESS OF RELIGION AND INFLUENCE ON HEALTH

***Аннотация:*** *Макалада материалисттик жана идеалисттик философиянын позициясынан аң-сезимдин аныктамасы берилген. Аң-сезими өнүккөн адамдын, негативдүү ойлордон аң-сезимин тазалаган адамдын белгилери, окуучулардын гармониялуу өнүгүшүндө аң-сезимди өнүктүрүүнүн ролу баяндалган. Аң-сезимди өнүктүрүүдө дин таануу билиминин мааниси, алардын окуучулардын ден соолугуна таасири жазылган.*

***Аннотация****: В статье анализируется влияние религиозного воспитания на развитие сознания и здоровья учащихся. Говорят, что по мере развития сознания очищаются негативные мысли, что будет способствовать гармоничному развитию учащихся. Отмечено значение религиозного воспитания в развитии сознания, их влияние на здоровье учащихся.*

***Annotation:*** *The article analyzes the impact of religious education on the development of students' consciousness and health. It is said that as the consciousness develops, negative thoughts will be cleared and it will contribute to the harmonious development of students. The importance of religious education in the development of consciousness, their impact on the health of students is written.*

***Түйүндүү сөздөр****: аң-сезим, акыл-эс, рационалдуу, иррационалдуу, ойлом, аура,*

*философия, дин таануу, физикалык, психикалык, гармония, ден соолук ж.б.*

***Ключевые слова**: сознание, разум, рациональное, иррацианальное, мышление, аура, философия, религиоведение, физическое, психическое, гармония, здоровье и т.д.*

***Key words:** consciousness, reason, rational, irrational, thinking, aura, philosophy, religious studies, physical, mental, harmony, health etc.*

**Киришүү.** Аң-сезим адам баласына гана таандык. Бир жагынан аң-сезим баш мээнин иштөөсүнө байланыштуу, экинчи жактан адамдар менен болгон карым-катнаштан, эмгектен, сезимталдыктан топтолгон тажрыйбаларды өздөштүрүүдөн көз каранды боло турган психологиялык категория. Адамдык баш мээге ээ болуп туруп, адам коомунан ажырап калуудан аң-сезим өспөй тургандыгын далилдеген фактылар арбын. Ошондуктан аң-сезимди коомдук өнүгүүнүн жыйындысы катары кароого болот.

Ар кайсы доорлордо адамдардын илимий билимдерди өздөштүрүшүнө жараша, аң-сезимдин табиятын түрдүүчө ырастап келишкен. Акырындап отуруп аң-сезимди философиялык категория катары изилдеген бир нече көз караштар, илимий багыттар жаралган. Ала турган болсок: материалисттик, идеалисттик, объективдүү, субъективдүү, таанып билүүчү, эмоционалдуу, рационалдуу, социалдык, биологиялык, илимий, турмуштук, жеке, коомдук, атеисттик, диний ж.б. [1].

Аң-сезимдин табиятын түшүндүрүүдөгү жогоруда аталган илимий багыттар, доордун ыргагына ылайыктуу көз караштарын сунуштап келишти. Бирок, ар бир коомдук формациянын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү, аң-сезим категориясын түшүндүрүүдө өз таасирин тийгизип отурган деп айтууга негиз бар. Ала турган болсок, союз мезгилинде материалисттик жана идеалисттик агымдын ортосундагы талаш-тартышка жол ташталып, материалисттик көз караш илимий багыт катары кабыл алынгандыгы талашсыз. Акыркы чейрек кылымдан ашык мезгилдеги коомдук-экономикалык өзгөрүүлөр, союздун көз каранды эмес мамлекеттерге бөлүнүп кетиши, сырткы таасирлер жана дин таануу предметтеринин мектептерде, жогорку окуу жайларда окутула башташы, бул багыттагы ой жүгүртүүлөрдү кайра карап чыгууга “чакырык” таштап, билим берүү майданында жана жаш муундарды тарбиялоодо алдыңкы иш мерчемине айланып отурат. Ошондуктан аң-сезимге жана окуучулардын ден соолугуна тийгизген тассирлерге башка өңүттөн анализ жасоо, педагогика илиминдеги заманбап, актуалдуу маселелердин бири.

**Изилдөөнүн максаты.** Дин таануунун окуучулардын аң-сезимине жана анын гармониялуу өнүгүшүнө тийгизген таасирин анализдөө.

**Негизги мазмуну.** Психика жана аң-сезим мээнин, жүрөктүн продуктусу. Психика жалпы түшүнүк б.а. жаныбарларга жана адамдарга да таандык. Ал эми аң-сезим адамга гана таандык психикалык процесс. Сырткы дүйнөнүн таасири аркылуу адекваттык анализаторлор (кулак, көз, мурун, тил, тери) маалымат алышып, ал сырткы таасирлер ички энергияга айланып, андан кийин мээге жеткирилет. Таасир эткен нерселер жөнүндөгү маалыматтар тиешелеш түрдө (үн, жарык, жыт, даам, температура) мээде «из» калтырат. Баш мээден келген маалыматтарды таануу процесси ишке ашып, тиешелүү жооптор жөнөтүлөт. Мээдеги мындай акыйкаттын чагылышын «аң-сезим» деп аташат. Бул сыяктуу аныктамалар арбын, биз бир нечесине токтолуп көрөлү.

«Аң-сезим дегенибиз – бытиенин, акыйкаттын адамдын ойломунда чагылышы» [1]. «Аң-сезим дегенибиз – сезимге, туюмга негизделген рухий жана материалдык түшүнүктөрдүн ойломдогу биримдиги» [6].

Тарыхка кайрылсак, белгилүү грек философдору: Сократ, Платон ж.б. ой, рух, идея, аң-сезим жөнүндө трактаттарды калтырышкан. Платон: «Өзүн өзү кыймылга келтирген жан, ал (кудай) өлбөйт, дүйнөнү ал башкарат» деген. [2, 209-б.]. Субъективдүү идеализмдин өкүлдөрү: Дж. Беркли, Д. Юм, Э. Мах, Р. Авенариус, В.А. Базаров ж.б. бул багытта өз ойлорун айтышкан. Австриялык идеалист Э.Мах: «Физикалык нерсе, психикалыктан жаралат» – деген [14].

Адам алдына койгон максатын ырааттуулук менен иш жүзүнө ашыра алса, ал аң-сезимдүүлүккө жатат. Адам мурда ниеттенбей, анын эркине баш ийбей өзүнөн өзү ишке ашкан нерсени стихиялуу деп аташат. Турмуштук маселелерди, өз абалын, алжайын, башкалардын билгенин билүү – аң-сезим деп аталат [11]. Орусча ал – «сознание», т.а. башкалардын билгенин билүү, сезүү, түшүнүү – бул аң-сезим. Аң-сезимдин психологиялык мүнөздөмөсү – өзүн өзү объект катары таануу, реалдуулукту элестетүү, түшүнүү, кыялдануу, өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөө, адамдар менен мамиле түзүү, эске тутуу, келечек муунга билим берүү, максатын аныктоо, тандоо, эмгектенүү ж.б.

**Изилдөөнүн жыйынтыгын талдоо**. Психология илиминде аң-сезимди өнүктүрүү өтө татаал маселе болуп саналат. Аң-сезимге бир нече аныктама берилгендигине карабастан, анын табияты толук аныктала элек. Бул маселе боюнча көптөгөн суроолорго жооп жок. Адамдын аң-сезими рефлексивдүү жөндөмү менен байланышы бар, – деп ырасташат психологдор, б.а. ал өзүн жана башкаларды таанып билүүгө даяр болот.

Илимий билимдер албетте, аң-сезимди өнүктүрүүнүн бирден бир фактору экендиги талашсыз. Бирок, аң-сезимдин толук өнүгүүсүн камсыз кыла албай жаткандыгын далилдеген фактылар бар. Ала турган болсок, азыркы кыргыз коомундагы илимий жетишкендиктерге ээ болгон, билимдүү деп эсептелген адамдардын өздөрүнүн функционалдык милдеттерин аткарууда жана мамлекеттик иштерге барганда жасаган иштери аң-сезимдүүлүктүн төмөнкү чегинде тургандыгын далилдеген фактылар арбын. Мындай фактылар бардык чөйрөдөн табылат. Экинчи далил катары, билимдүү деп эсептелген фашисттердин экинчи дүйнөлүк согуштагы аракеттери, үчүнчүдөн совет доорундагы күнөөсүз адамдардын репрессияга кетиши, төртүнчүдөн дүйнөнү талкалоого жетишерлик массалык кыруучу куралдарды өндүрүү жана билимдүү адамдардын венерологиялык ооруларга чалдыгышы ж.б. толуп жаткан фактыларды келтирүүгө болот. Мындан: «Илимий-техникалык прогресс адамды космоско жеткирди, бирок адамдын аң-сезиминин, рухунун табиятын таануу боюнча маселе бар», - деп айтканга кошулууга аргасызбыз [8, 61-б.].

Мындан неотомист педагогдордун: «...дүйнө түзүлүшүн, жашоонун маңызын жалаң илим аркылуу таанып билүү мүмкүн эмес. Аны жогорку аң-сезим менен гана таанып-билет. Адамдын жогорку аң-сезими кудайды сүйүү, ага жакындоо аркылуу өнүгөт», - деген тактоолорун кармануугa боло тургандыгы сунушталууда [10]. Башкача айтканда дин таануу билиминин – жогорку аң-сезимди өнүктүрүүгө салымы бар.

С.Н. Лазарев: «Жогорку Аң-сезим (Кудай) менен байланыштагы адамдын аң-сезими тез өнүгөт. Ал аңдоо (подсознание) менен байланышта болот, б.а. адамдын интуициясы тез өнүгөт. Адамдын аң-сезими канчалык жогоруласа, эл ичинде эмоционалдык байланыш бекем болот. Андай элдин жүрүм-турум модели ар түрдүү, жашап кетүү мүмкүнчүлүгү жогору болот. Адептик аң-сезимдүүлүктөн ыймандуулук өсүп чыгышы мүмкүн. Адептик аң-сезимдүүлүк элди, адамды жакшы көрүү, мээрим аркылуу калыптанат», - деген [6, 63-б.].

Балага түшүнүүгө акыл, жөндөм, тапкычтык, шык, зээн, зиректик берилген. Тынымсыз рухий аракети бар окуучу аң-сезимин өнүктүрүп, бийик сапаттарга жете алат. Айкөлдүк, кең пейилдик ж.б. изги сапаттарга ээ болуу менен, адам бардык макулуктардан жогору чыга алат. Мындай сапаттарды алып жүргөн элдердин арасында биздин кыргыз эли да бар экендиги маалым. Албетте андай баалуулуктарга жетүүнүн түрдүү булактары бар. Биз макалада диний билим берүүнүн да таасири бар экендигин көрсөтүүгө далалат жасадык.

Ал оюбузду далилдөө иретинде айрым изилдөөлөргө токтолуп көрөлү. Ала турган болсок, Муса Кязым Гульчур «Культура поведения в исламе» деген китебинде: «Динди өздөштүргөн, жакшы тарбия көргөн адептүү адам ихсан деңгээлине жетет. Ихсан Кудайдын көз алдында болгон деген

маанини билдирет, б.а. жашоосунда, ишинде Кудай аны көрүп тургандай, ал өзү аны көрүп тургандай аракеттенген адам «ихсан» түшүнүгүн түзөт», - деген [7, 7-б.]. Ошондой эле: «Адамдын аң-сезимин, акыл-эсин илимди (дин таанууну) терең өздөштүрүү менен, жүрөгүн таза аруу сезимдер ээлегенде акылмандык (даанышмандык) көндүмгө ээ болот», - деп белгилейт [7, 27-б.].

Билим – адамды башкалардан жогорку даражага жеткирүүгө өбөлгө болот. Акылмандуулукка, адамды негизги максатынан алыстатпаган билимди өздөштүрүү жана руханий практика менен гана адам ыймандуулукка жетишет. Ыймансыз адамдын аң-сезими бүлдүрүүчү болушу мүмкүн. Мисал катары, коомдо болуп жаткан бүлдүрүү, жардыруу, киши өлтүрүү, суицидге азгыруу ж.б. программанын иштелип жаткандыгы ыймансыздыктын кесепети деп айтууга болот. Бул жерде динди жамынып алгандар да жок эместигин белгилеп кеткибиз келет.

Биз сөз кылып жаткан багытта К. Теппервейн: «Аң-сезими жогору адамдарда коркуу, агрессивдүү сезимдер болбойт. Аны турмушунда өткөнү өкүндүрбөйт, жокчулугу басынтпайт, түйшүгү оордук кылбайт, ага жандын тынчтыгы, рухий жигердүүлүк мүнөздүү. Анын көңүлү көтөрүңкү болот. Адамдын негизги максаты – дүйнөнү, өзүн таануу, руханий өнүгүү, билимин өркүндөтүү, аң-сезимин жогорулатуу, эмгектенип, бактылуу жашоо. Башканы билген акылдуу, өзүн билген акылман, өзүн таанып билүү үчүн акыл-эстин, дилдин, насилдин, напсинин, рухтун, аң-сезимдин табигатын билүү керек», - деген [12].

Акылдын, аң-сезимдин, жогорку аң-сезимдин айырмасын С. Ключников «14 уроков по развитию интуиции» деген эмгегинде жөнөкөй арабаны, арабакечти экипажды жогорку аң-сезим менен салыштырып, түшүндүрөт: «Араба – денеси, аты – жаны, аттын тартиптүүлүгү – эмоциясы, арабакечи – акылы, божусу – эрки, кожоюну – жогорку аң-сезими» [5]. Бул мисалга напси менен рухту кошумчаласа толук болмок. Руху өнүкпөй калган адамда напси үстөмдүк кылат. Акыл-эс напсинин кызматын аткарып, аң-сезим пас калыптанат. Руху өнүккөн адамдын аң-сезими жогору болот. Напси рухунун кызматында болот. Аң-сезими жогору адамдар турмуштук маселелерди жеңил чечет. Напсинин кызматындагы аң-сезим оор маселерди чечүүгө алсыз. Кыйынчылыктын көптүгү турмуштук маселелерди чечүүгө аң-сезимдин даяр эместиги менен байланыштуу.

Бул боюнча Р. Стоун: «Туура чечимди акылы, жүрөгү (руху), жогорку аң-сезими гармониялуу адам гана чыгарат. Жогорку аң-сезим жер жүзүндөгү олуттуу милдетти аткаруу максатын көздөйт. Адамзаттын өнүгүшүнө салым кошот. Аң-сезими өнүгүп жаткан адам оптимист болот. Аң-сезим – рухий энергия, оптимизм – күч, эң жакшы сапат. Караңгылыкта күч болбойт. Аң-сезимдин табигатын рухий мыйзамдарды өздөштүрүү аркылуу гана түшүнүүгө болот. *Аны физикалык дүйнөнүн мыйзамдарынын негизинде түшүнүүгө мүмкүн эмес. Кудайга сыйынган адамга Анын (Кудайдын) назары түшкөндө, өз ара жактырганда, адамдын кан тамырынын, мээсинин оң жарым шарынын ар бир клеткасы энергияга толот. Анда адам өзүн, дүйнөнү өзгөртүүгө жөндөмдүү сыяктуу сезет. Адамды ойлор басат, шыктандырат, мээге чыгармачыл ойлор келет.* Андай адамдын тегерегиндеги аалам жарык, адамдар ыймандуу болуп, өркүндөп, өрчүй баштайт... Аны жакшы көргөн адамдардын арасынан нур чачкан сыяктуу адамдарга мээрим төгөт, адамдарга жакшылык кылгысы келип калат. Адамдын мотиви жакшырат, ою оңолот. Дин таануу адамдын акыл-эсине таасир этет, кыялды, ойду башкарууга арналган сеанстар (намаз, куран окуу, зикр ж.б.) дилине оң таасир этет. Ошентип аң-сезим өзгөрөт», - деген [11, 14-б.].

Сыйынуу маалындагы аң-сезимдин өзгөрүүсүн Санкт-Петербургдагы В.М. Бехтерев атындагы университеттин окумуштуулары энцефолограммага тартып алышкан. Натыйжасы окумуштууларды таң калтырган. Сыйынуу маалында адамдын мээсинин иштеп жаткандыгын күбөлөндүргөн электр импульсу толук токтойт. Б. Арановичтин

билдирүүсүнө караганда: *«Сыйынуу маалында адам реалдуулуктан бөлүнөт. Ошол мезгилде патологиялык байланыштар толук үзүлөт. Адамдын реалдуулуктан бөлүнүшү ар кандай оорулардан арылууга өбөлгө болот»*. Эксперименттин жетекчиси: «Аң-сезимдин сыйынуу абалын – гармонияга жакындоо жолу», - деп атаган. Электр импульсунун үч абалынын (альфа, дельта, тэта) сыйынуу абалда альфа, тэта ритми токтойт. Адамдын жогорку аң-сезими активдүү болгондо гармониялуу өнүгөт. Жогорку аң-сезим адамдын өздүк жана коомдук эгосунун аракети толук токтогондо (өчүрүлгөндө) аракеттенет, б.а. сыйынган маалда гана эго токтоп, жогорку аң-сезими аракеттенет. Өнүгүү аң-сезимдин бардык деңгээлинде активдүү аракеттенгенде ишке ашат. Анда адам иррационалдуу ойго келет. Иррационалдуу ойлом рационалдуу ойломдон масштабдуу.

С.Н. Лазарев: «Батыш элдеринин психикалык көйгөйлөрү көп болгондугу – иррационалдуу ойломго аз орун берилип, батыш философиясына, психологиясына көп орун берилгендигине жана аң-сезимге аз орун берилип, логикага көп орун берилгендигине байланыштуу. Иррационалдуу ойломго орун берилбесе, үй-бүлөнү сактап калуу кыйын. Анда жеке эго деформацияланат, социалдык эго нормалдуу болбойт. Адам элден, тамырынан үзүлөт. Динге ишеними жок батышта иррациналдык ойлом аз, үй-бүлөнү сактап калуу кыйын, индивид деформацияланган» [6, 166-б.].

*Чыгармачыл ой жүгүртүүсү өнүкпөгөн элде реалдуу өнүгүү болбойт. Чыгармачыл ойломдун өнүгүшүндө интуиция өтө маанилүү. «Адамдын аң-сезимине интуитивдүү ой Жогорку Аң-сезимден (Кудайдан) келет.* Айрым окумуштуулар интуитивдүү ой аңдоодон (из подсознания) алынат деп ырасташат. Мисалы, М. Фредерик Майер, Дж. Кехо. Бирок бардык окумуштуулар динди тааныган адамдардын интуициясы жакшы өнүгө тургандыгын танышпайт [5].

Өз маданиятынын аруулугун улуктап, келечек муундун ыймандуу өсүшүнө камкордук көрбөгөн улут, башка элден артта калат. Аң-сезимди негативдүү ойлордон тазалоо техникасы мектепте жеткиликтүү үйрөтүлбөйт. Натыйжада окуучулар кыйналып чоңоюуда. Алардын психикалык (агрессия, депрессия ж.б.), соматикалык көйгөйлөрү бар. Аң-сезимин негативдүү ойдон тазалоону үйрөтүп койсо, көп маселе чечилет. Аң-сезимин негативдүү ойлордон тазалаган адамдын белгилери: өзүн көзөмөлдөйт, позитивдүү ойлонот, башкалардын маанайын көтөрүүгө аракеттенет, жардам берүүгө күчүн аябайт, конструктивдүү ойлонот, оптимисттик духка ээ, көңүлү көтөрүңкү, өзүн кармай билет, кечиримдүү, оор ишке бел байлап киришет, стресстен кутулат, ак ниеттүү, милдетин билет, бийликке баш иет, өзүн өзү урматтайт, өз проблемасын өзү чечет, өзүн бактылуу сезет [4, 252-б.].

Аң-сезимди өнүктүрүү боюнча психотроника илиминин биринчи изилдөөчүсү Колифорниядагы Мехучинск университетинин философия илиминин доктору Р. Стоундун пикири боюнча: «Аң-сезимдүү түрдө чыгармачыл, конструктивдүү максатка умтулуу керек. Ааламдык Аң-сезим, Рухий Күч (Кудай) деген түшүнүк бар. Ал адамдын аң-сезиминен алда канча жогору. Адамдын аң-сезими чектелүү. Адам үчүн Ааламдык Аң-сезимге байланышуу (оюн ага концентрациялоо) – жогорку максат. Космостук Аң-сезимди (Кудайды) сүйүү – адамдын чыныгы милдети», - деген [11].

Академик Г.П. Грабовойдун пикири боюнча: «Адамдын аң-сезими Ааламдык Аң-сезимдин элементи, ал өзгөрсө, башкалардын аң-сезими да өзгөрөт. Чөйрөгө жамааттык аң-сезимдин таасири чечүүчү роль ойнойт. Эгерде жамааттык аң-сезимди дүйнөнү сактоого, гармониялуу өнүгүүгө, физикалык денени бактылуу, узак жашоого бурса, чындыгында ошондой болот. Ой формасын, аң-сезимдин түзүмүн максаттуу өзгөртүүгө үйрөнүп, ар бир окуяны жагымдуу жакка өзгөртүүгө болот», - деген [3, 14-б.]. Анын лекцияларында Кудай, сүйүү, аң-сезим, жан, рух, Жаратуучунун аракет этүү областы деген сыяктуу маанилүү категориялар колдонулат.

Жыйынтыктап айтканда окумуштуулардын: «Илимий-техникалык прогресстин натыйжасында коом өнүгүп, аң-сезим жогорулаган мезгилде дин соолуйт» - деген гипотезасы бир жактуу кабыл алууга болбой тургандыгы белгиленип отурат. Дин таануу дүйнө жүзүндө салмактуу позицияга ээ болуп бара жатат.

Эми дин таанунун ден соолукка тийгизген таасирин карап көрөлү. Адамдын ден соолугу жалаң эле диета, тазалык ж.б. физикалык тарбиянын нормаларын сактоо менен чың болбойт. Ден соолук адамдын ички рухунан (эмоция, ой, нерв), аң-сезиминин абалынан да көз каранды. Бактылуу ойлорду ойлогон адам бактылуу адамдарды өзүнө тартып турат жана тескерисинче. Эл кимге (эмнеге) көңүл бөлсө, ошол объект менен байланышта жашайт [13, 86-б.]. Адам жаман иш кылса, абийирдин азабын тартат, нерви бузулат. Анан кылган иши менен рухунун (абийирдин) чечими дал келбегендиктен жүрөгү (руху) ооруйт (душа болит), аурасы деформацияланат. Рух дайыма туура чечим чыгарат, ал баарын «көрөт» [3, 42-б.].

Дарт аурадан башталат, деп ырасташат медиктер. Кийин денеге өтөт. Терс ойлорду, сезимдерди оңдобосо, аура деформацияланат, анан соматикалык дартка өтөт. Чыгыш медиктери аура аркылуу диагноз коюп, дарылашат. Аура – эфирдик, астралдык, интеллектуалдык, каузалдык (күнөө сезими менен байланышкан) «денечелерден» турат. Биз себебинен кутулбай, натыйжасы менен күрөшүп жатабыз. Дарттардан кутулуунун туура жолу – өзүн өзү көзөмөлдөө, адеп-ахлагын, аң-сезимин өнүктүрүү, физикалык жана руханий тарбияны кабыл алуу.

Ауранын тазаланышынын зарыл шарты – бата алып жашоо. Батанын мааниси терең, ал ыйык сөздөрдөн турат. Бата уйкаш сөздөрдөн куралып, жакшы тилек камтылып айтылат. Бата – улуу муундун кичүү муун менен байланышы. Бата да, каргыш да – бизди курчап турган микро дүйнө. Бизди курчаган дүйнө батага толсо, аура таза, каргышка толсо, ал булганч болот. Бата жана каргыш өмүр бою адамдын эске тутумунда сакталат.

Оорулуунун ден соолугун нормалдаштыруучу система (кол саат сымал билерик түрүндө аппарат) иштелип чыккан. Академик Г.П. Грабовойдун пикири боюнча: «Бардык ооруну (аң-сезимди негативден тазалап) айыктырууга болот». Анын дабалоо (дарылоо) методологиясы «Аң-сезимдин технологиясы» - деп аталат. Айыккысы келген адам дарттан арылуу жөнүндө ойлонуш керек. Негативдүү ойлордун тегерегинде ойлогон адамга ал түзүлүштүн (аппараттын) пайдасы жок.

У. Шекспир: «Дүйнөнүн баары театр сыяктуу, биз баарыбыз андагы актерлорбуз» - деген. Окумуштуулар бала чактан баштап, турмуштун «чоң театрындагы пьесаны» көрүшкөн. Көпчүлүк пьесадагы чөйрөнү реалдуу кабыл алышат. Ошондуктан адамдардын көйгөйү көп. Көйгөйдү азайтуу үчүн пьесага жараша окуучуга өзгөрүү керекпи же пьесаны өзгөртүү керекпи? - деген суроо туулат. Пьесаны окуучу өзгөртө албайт, динди тааныса, пьесанын маанисин түшүнүп, өзүн өзгөртө алат.

А. Нотин: «Адамзаттын өнүгүү тарыхында коомдук экономикалык формациянын алмашуусу элдин рухий абалынан, аң-сезиминин өсүшүнөн көз каранды. Ар бир адамдын аң-сезиминин өнүгүшүнө жараша, коом өнүгөт. Жер шарында өтүп жаткан процесстердин кыймылдаткыч күчү – көбүнчө адамдардын аң-сезими аркылуу ишке ашууда. Турмушта элдин тарткан азабынын баары аң-сезимдин пастыгы менен байланыштуу», - деген [9, 272-б.]. Ошондуктан мезгил жана мейкиндик – аң-сезимдин конструкциясы, анын ичинде өтүп жаткан окуяларды жакшы тарапка өзгөртүүгө болот.

**Корутунду.** Аң-сезимдин өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлор арбын. Грек философторунан баштап, азыркы мезгилге чейинки илимий фактыларга таянып, коомдо болуп жаткан өзөрүүлөргө анализ жасап, дин таануунун адам баласынын дүйнө таанымынын калыптанышына жана аң-сезиминин өнүгүшүнө оң таасири бар экендигин

белгилөөгө болот. Элибизде, «кудайдан коркпогондон корк» деген сөз бар. Кудайдан коркпогон адамдын колунан күтүлбөгөн терс жорук-жосундар келе бере тургандыгы белгиленди.

Аң-сезими жогору, эл менен мамилеси гармониялуу адамдардын руху соо болот. Байыркы римдиктер рухтун соолугу адамдын ден соолукта болушунун зарыл шарты экендигин билишкен. Азыр көп оорулуулар илимий медицина аркылуу сакайып кете албай жатышат. Медицина өнүгүп жатат, бирок элдин ден соолугу начар. Бул – адептик-ахлактык, рухий кризистин натыйжасы. Көп дартка психикалык факторлор себеп болот. Адамдын рухун дабалабаса, психика айыкпайт жана психиканы дабалабаса, дарт айыкпайт. Мындай шартта медицинага акыл-эстүү карап, үчөөнү (рухту, психиканы, денедеги дартты) чогуу дарылоо орундуу. Ал үчүн рухий тренинг, ниетти оңдоо, ойду көзөмөлдөө, мүнөздү тарбиялоо, бата алуу ж.б. усулдар жардам берет. Окуучуларды туура ой жүгүртүүгө үйрөтүүнүн келечеги чоң.

Илимий ачылыштарды окумуштуулар жасашат, анын деңгээли окумуштуулардын аң-сезиминин абалы аныктайт. Жамааттык аң-сезимди өнүктүрүү – илимдеги негизги импульс болмокчу. Жамааттык аң-сезимди өнүктүрүү үчүн өзүңдүн жеке аң-сезимиңди өнүктүрүп, өзгөртүш керек. Башканы тарбиялоо усулу бул жерде жетишсиз. Адамдын интеллектин, аң-сезимин, ойломун, сезимдерин өркүндөтүү, адамды Аалам менен гармониялуу мамиле түзүүгө үйрөтүү дегендик. Бул багыттагы иштерди колго алуу педагогика илимине ийгилик алып келери талашсыз.

**Адабияттар:**

1. Бобров В. Введение в философию: учеб. пособие. – М.: ИНФРА-М, 2000. – С. 286.
2. Гегель Г.В. Избранные соч. – М., 1965. Т.1. – С. 552.
3. Грабовой Г.П. Воскрешенье людей и вечная жизнь – от ныне реальность. – М.: Издатель А.В. Калашников, 2003. – С. 736.
4. Жумабаева Г.А. Адамзаттын рухий өнүгүшүндө диний билимдин ролу. – Бишкек, 2013. – 225-б.
5. Ключников С.Ю. 14 уроков по развитию интуиции. – М.: АСТ, 2005. – 310 С.
6. Лазарев С.Н. Диагностика кармы. – Часть 6. – СПб: Б.и., 2005. – С. 166.
7. Муса Кязым Гульчур. Культура поведения в исламе. – М.: Изд. Диля, 2008. – С. 184.
8. Марзие Яхьяпур. Этика в исламе. – Тегеран: Изд. Элм-о-Адаб, 2020. – С. 107.
9. Нотин А. Какая элита нам нужна. Попытка кризисной диагностики. // Педагогика. – №6. 2009. – С.278.
10. Подласый П.П. Педагогика. – М. Владос. 2003. – С. 107
11. Стоун Р. Небесная 9-11. Как обращаться за помощью к правому полушарию мозга. – Киев, 2000. – С. 14-19.
12. Теппервайн К. Как противостоять превратностям судьбы. – Спб.: Питер, 1996. – С. 201.
13. Жумабаева Г.А. Окуучуларды рухий тарбиялоодо көрсөтмө-багыт берүүнүн мааниси // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2018. – №3 (46). – С. 84-88.
14. Маликов К. Мусулман жамааты менен иш алып баруу боюнча теориялык жана практикалык негиздер // Ислам боюнча окуу куралы. – Бишкек, 2013. – 264 Б.

***Рецензиялаган:***
***Коңурбаев Т.А.,***
***психология илимдеринин кандидаты***

***Абдраимов Каныбек Акинович,***
***педагогика илимдеринин кандидаты,***
***«Манас» улуттук академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА УЛУТТУК НАРК ТҮШҮНҮКТӨРҮН ЖАЙЫЛТУУНУН ЫКМАЛАРЫ

***Абдраимов Каныбек Акинович,***
***кандидат педагогических наук,***
***Национальная академия «Манас»,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# МЕТОДЫ РАСПРОСТРАНЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЯХ

***Abdraimov Kanybek Akinovich,***
***Candidate of Pedagogical Sciences,***
***«Manas» National Academy,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# PRINCIPLES OF DISTRIBUTION OF NATIONAL VALUES IN EDUCATIONAL INSTITUTIONS

***Аннотация:*** *Улуттук нарк калктын жашоо өзөгүн түзөт, ошондуктан бул макалада улуттук нарк кылымдар бою мезгилдин сынынан өтүп, учур талабына ылайык улам толукталып, улам бекемделип тураары жөнүндө кеңири айтылат. Нарктуулукту кармануу улуттун ар бир атуулу үчүн милдет жана парз. Ошол себептүү нарктуулук улуттук идеологиялык маселе катары жашайт жана анын негизин түзүп турат. Биз ата-бабадан келе жаткан нарк-насилибизди сактоо менен ага таянып, жаңы Кыргызстанды куруу милдети бар. Каада-салттарга таандык баалуулуктарды аңдабай туруп, коомду гумандаштыруу, инсандыкты калыптандыруу процесстерин туура түшүнүү кыйын.*

***Аннотация:*** *Национальная ценность – стержень общественной жизни. В статье подробно рассказывается о том, что национальная ценность прошла проверку временем на протяжении веков и дополняется и укрепляется в соответствии с потребностями времени. Приверженность ценностям является долгом и обязанностью каждого гражданина нации. Поэтому ценность существует как национальная мировоззренческая проблема и составляет её основу. Нам нужно строить наш новый Кыргызстан, опираясь, сохраняя наши ценности, переданные нам от предков. Трудно правильно понять процессы органи-зации, гуманизации и формирования лич-ности человеческого бытия без выявления*

*ценностей и общих задач, принадлежащих традициям.*

***Annotation:*** *National value is the core of life. In the article, it is detailed that the national value has passed the test of time for centuries and is supplemented and strengthened according to the needs of the moment. Adherence to values is a duty and obligation for every citizen of the nation. Therefore, value exists as a national ideological issue and forms its basis. We need to build our new Kyrgyzstan, relying on it while preserving the values passed down from our ancestors. It is difficult to properly understand the processes of organization, humanization, and personality formation of human existence without revealing the values and common tasks belonging to traditions.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *улуттук нарк, каада-салт, оюн-зоок, жөрөлгөлүү жышаан, баалуулуктар, элдик мыйзамдар, улуттук акыл казына, Умай эне, Ата тек, үрп-адат, ырым-жырым, ырасым-жөрөлгөлөр, ыйбаа кылуу, этностор, элдин уулу.*

***Ключевые слова:*** *национальная ценность, обычай, развлечение, обрядовый знак, ценности, народные законы, национальное духовное достояние, Мать Умай, Родословная, обычаи, обряды, ритуалы, этнос, сын народа.*

***Key words:*** *national value, custom, entertainment, ceremonial sign, values, folk laws, national intellectual treasure, Mother Umay, Ancestry, custom, rites, rituals, rites, ethnos, son of the people.*

**Киришүү.** Бүгүнкү күндө мамлекет тарабынан Кыргыз Республикасынын келечектеги өнүгүшү үчүн социалдык-экономикалык, чарбалык, саясий, маданий ж.б. багыттар боюнча расмий түрдө өзөктүү программалар кабыл алынууда. Бул программаларда кыргыз элинин салттуу каада-салтына, нарктарына да басым жасалган. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы *«Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө»* жарлыгына улай эле «Улуттук нарк жөнүндө» 2022-жылдын 20-майындагы № 157 жарлыгынын чыгышы элибиздин улуттук нарк-насил, каада-салттарыбызга маани беришине чоң түрткү болот деген ойдобуз. Булардын баары элибиздин унутулуп бараткан баалуулуктарына кайрылууга, аларды жаш муундарга жайылтууда кандайдыр бир деңгээлде туура чечим болду деп эсептөөгө болот. Этностор арасындагы ынтымакты, коомдогу стабилдүүлүктү сактоо жана мамлекеттин андан аркы өнүгүшүнүн багыттарын аныктоо үчүн, мезгил сынынан өтүп, элдин көкүрөгүнө уюган улуттук нарктуулукту кайра калыбына келтирүү зарылчылыгы учурдун милдети болуп тургандыгын баса белгилешибиз керек. Мына ушул жарлыктардын негизинде кыргыз элинин нарктык түшүнүктөрүнөн айрым мисалдарды келтирүү менен теманын маңызын ачып берүүгө аракеттер жасалды.

**Изилдөөнүн милдети.** Элибиздеги көп кылымдык тарыхка ээ болуп келген баалуу мурастарыбызды, каада-салт, нарк-насилдерибизди жайылтуунун жолдорун аныктоо жана сунуштоо. Жаштарыбызды ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликтүү болууга, ата-эне, эл-журт алдында милдетти сезе билүүгө, улууларды сыйлоого ж.б. жакшы сапаттарга тарбиялоонун жолдорун караштыруу. Элдик каада-салттар менен нарк дөөлөттөр элибиздин башка элдерден өзгөчөлүгүн, айырмачылыгын көргөзгөндүктөн, улуттук баалуулуктарды сактап калууга жөндөмдүү жаңы муунду тарбиялоо – учурдун талабы, негизги милдет болуп саналат. Ошондуктан, жаш муундарды улуттук баалуулуктар менен тарбиялоонун илимий-методикалык жолдорун издөө – өзгөчө педагогдордун алдындагы милдет. Макала мына ушу принципиалдуу маселелерди жөнгө салуунун жолдорун издөө максатында жазылды.

**Изилдөөнүн ыкмалары *(методдору)* жана изилдөөдө колдонулган маалыматтар *(материалдар).*** Сунушталган макаланын өзөгүн түзгөн төмөнкү материалдарды, ыкмаларды (методдорду) көргөзүүгө болот:

- Айыл жана шаар жерлериндеги кыргыздардын нарк, каада-салты боюнча

топтолгон эмпирикалык талаа маалыматтары;

- Өлкөнүн мамлекеттик башкаруу уюмдары тарабынан кабыл алынган расмий жарлыктар, жоболор, буйруктар, токтомдор;

- Газета жана журнал беттеринде жарыкка чыккан илимий-популярдык баяндамалар, илимий-маалыматтык басылмалар;

- Топтолгон фактологиялык маалыматтарды илимий талдоого алууда кыргыздардын каада-салт, жөрөлгөлөрүн, өзүн өзү алып жүрүү эрежелерин тарыхый диалектикалык ыкмада талдоо.

Мындан сырткары улуттук нарктардын сакталышы, азыркы жаш муундар арасындагы улуттук нарктарды тутунуунун абалы боюнча анализ жүргүзүүдө жалпы коомчулуктун көзү менен карап, бул багытта айтылган эл арасындагы коомдук пикирлерге да таянганыбыз туура болмокчу. Ошондой эле макалада кыргыз элинин салт, нарк түшүнүктөрүн чечмелеген окумуштуулардын көз караштары, улуттук салтттарга болгон кыргыз элинин мамилелери мисалдар аркылуу берилген.

**Негизги мазмуну.** Каада-салттар элдин улуттук мүнөзүн жана жашоо образын, калктын жашоо принциптерин, ишмердүүлүк ыкмасын билдирген татаал түзүлүш. Биздин өлкөдө этностук жана улуттук маданияттын, анын түзүмдөрүнүн шайкеш өнүгүүсү, каада-салттардын мыйзамдуу ырааттуу маселелери тарыхый мүнөзгө ээ. Салттардын да маани мазмунуна, элдин жашоо жагдайына жараша көптөгөн түрлөргө ажырай тургандыгы макалада көрсөтүлөт. Өлкөнүн андан аркы өнүгүшүндө байыртан бери кыргыз элинин сезиминде сакталып, турмуштук тажрыйбасынан өткөн баалуу каада-салттарынын бирдиктүү үлгүлөрүн кармануу максатка ылайыктуу болот. Айрым учурларда жергебиздин аймагында жаш муундарыбыздын арасында «салт», «каада», «үрп адат», «жөрөлгө», «ырым» [9, 816-б.] деген сыяктуу ж.б. түшүнүктөргө маани берилбей келүүдө. «Цивилизациянын таасири менен өзгөрүлүп бараткан кулк-мүнөзүбүздү, жүрүш-турушубузду кайрадан калыбына келтирүү үчүн ата-бабаларыбыз түптөп келген салттарыбызды жандандырып калыбына келтирүү өтө зарыл» [1, 19-б.]. Абалтан эле ар бир эл адам насилин сактоо, ар бир адам эл наркын барктоо түйшүгүн чегип келет. Кыргыздын өзөгүндө да салттуу асыл нарктарга жуурулушуп, кеменгер элдин кеңири дүйнө тааным түшүнүктөрү жашап келет. Ошондуктан, кыргыз урпагы өзүнүн жан дүйнөсүндөгү ыйык, бийик дөөлөттөрү менен ата салтындагы акыйкат, аруу ишенимдерин асырап, сактап калуунун аргасын бүгүнтөн кечиктирбей ойлонууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Президентинин *«Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө»,* ага улай *«Улуттук нарк жөнүндө»* чыккан жарлыктарын ишке ашыруу максатында бүгүнкү күндө мамлекеттик катчыбыз баш болуп, түрдүү темадагы иш-чаралар өткөрүлүп келүүдө [2, 55-б.]. Биздин оюбузча, улуттук баалуулуктарды сактоону жана жайылтууну биринчи кезекте ар бир инсан өз үй-бүлөсүнөн жана жаш жеткинчектерди тарбиялоодон баштасак максатка ылайыктуу болор эле.

Улуттук нарк – адамдар ортосундагы мамилелердин, адеп-ахлак нормаларынын өзөгүн түзөт. Өз учурунда залкар жазуучубуз Ч. Айтматов: «Мен ушундай каада-салтын, оюн-зоогун сактаган элдин уулу болуп калганыма сыймыктанам», – деген экен.

Нарк жана нарктуулукту элдик мыйзам, адеп-ахлак мазмунундагы кодекстер катары кабылдаганыбыз туура деп эсептейм. Эл үчүн инсандын нарктуулук сапатынан өткөн улуу маданияттуулук болбойт. Элдик нускада: «Кан баркынан эл наркы улуу», – делет. Нарктуулукту туура пайдалана билүү ар бир адамдын жеке чечими жана өздөрүнүн гана колунда. Бирок, нарк улуттун жашоо образынын өзөгү болгондуктан, ал улуттук идеологиялык маселе катары жашайт жана анын негизин түзүп турат.

Улам убакыттын өтүшү менен доорлор доорлорго алмашып, социалдык кырдаалдын өзгөрүшү улуу муундун нарктуулугун өзгөртүп, алардын көз карашы, жүрүм-туруму,

иш-аракеттери жаш муундарга таасирин тийгизип, адамдын жүрүм-турумундагы нарктуу баалуулуктар өз баасын жоготуп бара жатат. Айрым улан-кыздарыбыз ыйбаа кылып, кары адамдын алдынан кыя өтпөй, жол бошотуп берүүнү билишпейт. Улуттук каада-салттар четке кагылган учурлар да коомубузда кездешпей койбойт. Кыргыз элинин атам замандан бери келе жаткан жакшы сапаттарын унутта калтырып, кулк-мүнөздөр жаман жакка өзгөрүлүп, үрөй учурган зордук-зомбулук, түркөйлүк, мээримсиздик, аракечтик, таш боордук, көрө албастык, мыкаачылык сыяктуу коомго жат көрүнүштөрдү кыскартуу учурдун талабы болуп турат. Мындай терс көрүнүштөрдү кыскартуу үчүн, жаш жеткинчектерди татыктуу тарбиялоо иштеринде улуттук наркты сактай билүүгө, үйрөтүүгө байланыштуу багыттарды колго алышыбыз керек. 2021-жылы Билим берүү министрлиги тарабынан тарбияга байланыштуу *«Тарбия концепциясы»* жарык көргөн. Анда улуттук нарк-насил, адеп-ахлактык маселелери да камтылган. *«Нарктуулук* ар бир ата-эненин кызына же баласына төрөлгөндөн баштап эле берген тарбиясынын, үйрөткөн жөрөлгөлөрүнүн негизинде калыптанат» [11, 16-б.]. Илгертеден калыптанган улуттук салт, жөрөлгөлөрдү жаштардын кулагына куюп, ата-энелер өздөрү да жүрүш-турушу, каада-сы, кулк-мүнөзү аркылуу үлгү болуу менен жаштарды нарктуулукка тарбиялоого болот.

Айрым окумуштуу изилдөөчүлөрдүн нарк түшүнүгүнө берилген аныктамаларына токтолуп кетсек, белгилүү этнопедагог Сабыр Иптар уулу өзүнүн *«Кыргыз жан дүйнөсү»* аттуу эмгегинде: *«Нарк – бардык нерсенин маңызын аныктаган кундуу касиет, уңгу сапат, негизги башат», – деп белгилеп, – Нарк – бул:*

*1. Салт, жорук-жосун, адат, жол-жобо;*

*2. Бир нерсенин баасы;*

*3. Адам баркы, бедели ж.б”* [12, 198-б.], – деген сыяктуу классификацияларга бөлүүгө аракеттерди жасаган.

Ал эми илимдин докторлору А. Алимбеков менен А. Мамытов ж.б. иштеп чыккан *«Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы»* аттуу эмгегинде нарк менен насилдин айырмасын белгилеп: *«нарк – баалуулук дегенди, ал эми насил – тек дегенди чагылдыруу менен, нарк-насил – бул инсандын руханий теги»* деген түшүнүктү билдирерине токтолушкан.

Ааламдашуу, гумандашуу шарттарында жалпы адамзаттык, улуттук жана этникалык баалуулуктарга олуттуу маани берилип, өзгөчө маданий-рухий дөөлөттөргө, каада-салттарга болгон ар тараптуу илимий-теориялык, практикалык кызыгуулар арт-каны байкалууда. Мындай жөрөлгөлүү жышаан бир катар социалдык-экономикалык жана маданий-рухий көйгөйлөрдү чечүү менен тыгыз байланыштуу. Ошондон улам ал жалпы адамзаттык баалуулуктардын катарына кирип, калктар менен этностордун ортосундагы ынтымакты ширетүүчү касиетке ээ. Улуттук нарк кылымдар бою мезгилдин сынынан өтүп, учур талабына ылайык улам толукталып, улам бекемделип тураары шексиз. Сан кылымдар сыноосунан тайгылбай өткөн улуттук өзгөчөлүктөр, ата-бабабыздын нарк-насили, улуттук салттар, маданий жана руханий баалуулуктар коомдун моралдык кодекси катары жашашы керек. Элдик көөнөрбөс мурастардын баалуу көрүнүшү болгон каада-салттардын табиятын, алардын жарандардын жашоосундагы, ишмердүүлүгүндөгү ролун маданий-цивилизациялык өнүгүүдөгү, адамдардын коомдогу карым-катнаштарын оптималдаштыруудагы, жекелик жана жамааттык жүрүм-турумдарды уюштуруудагы маанисин өздөштүрүү зарыл экендигин турмуш өзү тастыктоодо.

Кыргыз тилинде илгертен бери *«каада-салт», «салт-санаа», «ата-бабанын салты»* дегендей сөз айкаштары кулакка сиңип, көкүрөккө жат болуп калган. Каада-салттар – элдин улуттук мүнөзүн жана жашоо образын, калктын ишмердүүлүнүнүн ыкма-сын билдирген татаал түзүлүш. Биздин өлкөдө этностук, улуттук маданияттын, анын түзүмдөрүнүн шайкеш өнүгүүсү жана каада-салттардын мыйзамдуу ырааттуу маселелери

тарыхый мүнөзгө ээ. Соңку мезгилде жашообуздун бардык чөйрөлөрүндө жаңыланган салттар кеңири жайылып, тарай баштады. Мисалы, кудалашуу салтындагы сөйкө салуу, кыз узатуу жөрөлгөлөрү жанданып, мындай иш-чаралар жаштардын бекем үй-бүлө курушу үчүн кайсы бир деңгээлде жакшы шарт болуп берет деген ойдобуз. Тушоо кесүү тоюнда аткарылган оюн-зооктор жаш балдардын руханий жана физикалык өсүп жетилиши үчүн көрүлгөн камкордуктардын бири болуп саналат. Акыркы 20-30 жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын бардык аймактарына жайылган мындай каада-салттар улуттук баалуулуктардын эл ичинде жайылып бараткандыгынан кабар берүүчү көрүнүштөр деп атасак болот.

*Каада-салт* түшүнүгү латын тилинен которгондо *«өткөрүп берүү»* деген маанини түшүндүрөт. Бул түшүнүк түз маанисинде байыркы римдиктерде бирөөнө кандайдыр бир нерсени берүү зарылдыгы жаралганда пайдаланышкан. Мисалы, өз кыздарын турмушка узатуу зарылчылыгы тууралуу кеп болгондо колдонушкан. Демек, *салт – коомдук турмуштун биргелешкен иш-аракетинин эреже-тартиби. Каада-салт – бул баарынан мурда жеке адам тарабынан түзүлбөгөн же анын өзүнүн жеке чыгармачыл иш-аракеттеринин продуктусу болуп эсептелбеген, кимдир бирөөлөр тарабынан берилген, аларга тийиштиги жок үрп-адаттар*.

Кыргыздар – тарыхый тагдырынан улам салтка төр берип келген калк. Окумуштуу Б.Ж. Касымалиев *«Тил жана улуттук салт»* аттуу окуу куралында салтка төмөндөгүдөй түшүндүрмө берет.

*«Салт – эл турмушун тескеген туруктуу рухий-маданий эреже. Салттын негизги каражаты – үрп-адат»* [4, 6-б.]. *Ал салт койнунда жаралып, калк турмушунун маанилүү тарабы болгон өз ара мамилелер чөйрөсүн тейлеген көрүнүшкө жатат. Көп ирет кайталоодон улам көндүмгө айланып калган көрүнүштөрдү адаттар дейбиз. Мисалы; «Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы». Өз кезегинде үрп-адаттар өз ичине ар түрдүү каадаларды, ырым-жырымдарды, ырасым-жөрөлгөлөрдү ж.б. камтып турат. Салттар мезгил менен мейкиндиктин зор алкагын өз кучагына алып, калктын рухий-маданий турмушунун туткасы катары жашаса, үрп-адаттар анын каражаты, ал эми каада, ырым-жырым, ырасым-жөрөлгөлөр болсо үрп-адаттардын туундусу катары калкка кызмат өтөшөт.*

*«Салт»* түшүнүгүнүн улуттук тарых-тажрыйба, маданият, адабиятка байланышкан өзгөчө маани-мазмуну бар экенин эске алышыбыз абзел» [6, 15-б.]. *«Салт» түп-күлүгүндө кандайдыр бир жамаатта, айыл-апада, эл-журтта, улут турмушунда узак мөөнөттүн аралыгында пайда болуп, кайсы бир милдеттин аткарылышын, кайсы бир окуянын жүрүшүн жөнгө салган тартип, адат, эрежелер* деп эсептегенге болот.

Адамдын жашоо-турмушунун ар кандай тармактарында көптөгөн салттык түшүнүктөр бар. Салттар да маани мазмунуна, элдин жашоо жагдайына жараша көптөгөн түрлөргө ажырайт. *Мисалы:*

- *үй-бүлөгө тиешелүү;*
- *жамаатка;*
- *тууган-урукка;*
- *аймак-өрөөнгө;*
- *элге;*
- *мамлекетке* ж.б. тиешелүү көптөгөн салттар бар. Ал салттар эл арасында жашайт, ошол салттарга таянып, адамдардын жашоого карата түшүнүктөрү кеңейет, өз турмуш-тиричилигинде колдонушат.

*Салт* – бул кыргыз түшүнүгүндө *тартип, мыйзам.* Көп кылымдык тарыхы бар кыргыз элинин салттуу билимин, салт-санаасын, ата-баба мурасын, Умай эне тарбиясын жаш муундарга жайылтуу – инсандык парз. Азыркы жаш муундун руханий муктаждыктарын сезип, салтты заманбап жүрүш-турушка айлантуу учурдун талабы болуп турат. Бүгүнкү күндө, биринчи кезекте, салт менен нарк маселелерин өздөштүрүү зарылчылыгы бар, себеби салт – бул билим. Салтты билгендер сактайт. Салттык жөрөлгөлөр аткарылат. Ата-бабалардын эзелтен келе жаткан каада-салттарга таандык

баалуулуктарын, жалпы милдеттерди ачык-табай туруп, коомду гумандаштыруу, инсандыкты калыптандыруу процесстерин туура түшүнүү кыйын. Каада-салттарды изилдөө зарылдыгынын келип чыгышы соңку мезгилдеги коомчулук тутунган баалуулуктардын өзгөрүшү, ага себепчи болгон коомдук-саясий өзгөрүүлөр, башкача айтканда, мамлекеттик түзүлүштүн демократиялык жолго түшүшү, каада-салттарга карата элдин мамилесинин өзгөрүшү менен да байланышкан.

Бүгүнкү күндө унутулуп бараткан салттарыбызды жандандыруу максатында коомубузда ар түрдүү иш-аракеттердин колго алына баштагандыгын байкоого болот. *Мисалы,* «Кыргыз бол» долбоорунда кыргыздын мырзалары үчүн *«Койдун башын бузуу, тартуу жөрөлгөсү, эрежеси»* боюнча конкурс өткөрүлдү. Мунун максаты кыргыздын башты тартуу маданиятын кийинки муунга жайылтуу максатында болду деп эсептегенибиз туура. Айрым салттар бүткүл коомдук системага тарап, анын жашашынын зарыл шартына айланса, айрымдары коом турмушунун тигил же бул тармагында (экономикада, саясатта, илимде, искусстводо ж.б.) гана жашайт. Ар бир муун өз мезгилиндеги тарыхый шартка жараша тигил же бул салттарын жерийт же улантат.

Кыргыздар бир иш баштаарда сөзсүз ата-бабадан калган салттарга таянып иш кылышкан. *Мисалы, үй тургузууда, мал төлдөтүүдө, эгин себээрде* ж.б. Бүгүнкү күндө да турмуш-тиричилигибизде бул салт, жөрөлгөлөр уланып келет. Салттын уланышы – бир жагынан анын сакталганы, экинчи жагынан анын жаңы аймактарды кучагына тартып, учурдагы кырдаалдарга, жагдайга ылайыкташып, ийкемдүү жашашы. Салттын да өз орду, салмагы бар, салт эскирет, жаңыланат, өзгөрөт, унутулат. Салт турмуштук кырдаалдарды жөнгө салып тургандыктан, ал жашоонун мыйзамы катары коомдун турмушун жөнгө салууда зор функцияны аткарат. Салтты сактоодо белгилүү бир иш-аракет нечен жолу кайталанып, шарт-кырдаалга жараша кайсы бир деңгээлде өзгөрүп, жаңыланса да, негизинен ыраат-орду, аткарылыш ыгы белгилүү тартипте сакталып турат. Негизинен төмөнкүдөй маселелерге көңүл бурулушу кажет:

1. *Ата-эне наркы;*
2. *Аксакалдын наркы;*
3. *Жигит наркы;*
4. *Кыз наркы;*
5. *Бала тарбиялоо наркы;*
6. *Кыз узатуу наркы;*
7. *Келин алуу наркы;*
8. *Маркумду узатуу наркы;*
9. *Той берүү наркы;*
10. *Дос күтүү маселеси;*
11. *Мейман күтүү наркы;*
12. *Кыргыз тарыхын билүү маселеси ж.б.*

Кыргыздардын *кыздарга болгон мамилелерине* токтолсок, «...илгери кыздардын өз орду бар эле. Кыз-келиндерге адамгерчиликти, ириде тиричиликке бышык болуп узчеберчиликти, сыйчылдыкты, адеби менен ыйбаа кылып, улууларга адептүүлүгүн көрсөтүп, кичүүлөрүнө үлгү болуп өстүргөн биздин акылман салмактуу жана **нарктуу** болгон аялзатыбыз кайда?» [3, с. 147]. Калыгул атабыз айтмакчы, аялзатыбыздан каада кетти, келинден келбет кетти, кыздарыбыздан кылык кетти, карыядан **каада** кетти. Азыр жаштарга акыл-насаат айткан илгеркидей карыялардын, байбичелердин саны азайып бараткандай. Элибизге жаңы көз караштарды, ойлорду сунуштап, эксперимент жүргүзө берүү улутту туңгуюкка кептейт. Тескерисинче, мезгил сынынан өтүп, элдин көкүрөгүнө уюган улуттук **нарктуулукту** коом ичинде кайра калыбына келтирүү жана кеңири жайылтуу зарылчылыгы учурдун талабы болуп тургандыгын баса белгилегибиз келет.

Түрк улутунун жараны Йылдыз Текин нарктуулукка байланыштуу түрк элиндеги нарктуулукту сактоо жөнүндө төмөндөгүдөй көз карашын билдирген. «Республика – бул улуттук күрөш учурунда жандарын аябастан душманды журттан кууган ата-бабаларыбыздын түрк элине калтырган белеги экендигин, өздөрү жашаган жерлер үчүн ата-бабалар алдында карыз экенин сезип туюшат. Ата-бабалардан аманат калтырыл-

ган республиканы ар кандай коркунучтардан коргоп, мекен үчүн жандарын берген шейиттерибиздин тынч укташы үчүн алардын алдындагы урпактык парзыбызды татыктуу аткарышыбыз, түрк улутунун түптүү **адеп, нарктарына** шайкеш даражада жашоого тырышышыбыз керек деген сезимге ээ болушат. Түрк мамлекетинин бакубаттуулугу мекенин тааныган жана улутуна, өлкөсүнө терең сүйүү менен берилген окуучулардын тарбияланышынан көз каранды деген ишеним бекемделет» [7, 248-б.].

Кыргыздын баалуулук, улуу дөөлөт, нарктуулук түшүнүктөрү өзүнө төмөнкү түшүнүктөрдү камтып турат:

- *Каада-салт;*
- *Үрп-адат;*
- *Ырым-жырым;*
- *Жөрөлгө;*
- *Адат ж.б.*

Бул түшүнүктөрдүн ар бирин чечмелеп, ар биринин турмуштагы ээлеген ордун, бири-биринен болгон айырмачылыктарын, өзгөчөлүктөрүн, адам жашоосундагы маанисин түшүнүү менен, улуттун андан аркы өнүгүүсүндө булардын ар биринин өз орду бар экендигине ынанууга болот. Кыргыздын **каада-салты** бардык учурларда, бардык коомдук түзүлүштөрдө жана Жер шарында жашаган бардык адамзаты колдонууга ыңгайлуу да, жарамдуу да адаттар десек жаңылышпайбыз. Ошондуктан, кыргыз салттарын кыргыз коомчулугуна гана эмес, дүйнө коомчулугуна жайылтуу иши жалпы адамзатка пайда алып келет деп айтсак да жарашат. Бекер жеринен Ч. Айтматовдун чыгармалары дүйнө коомчулугунун сүймөнчүлүгүнө айланып отурган жок. Ошол эле улуу жазуучу кыргыз адамын, анын жашоо образын, кулк-мүнөзүн, тутунган каада-салтын чагылдыруу аркылуу ушунчалык популярдуулукка жетишип отурат. Негизи эле адам деген дээринде жакшылыкка жакын. Ал эми кыргыз наркы мына ушундай адилеттүүлүк менен актыкты принцип катары тутунган салт болгондугу менен баалуу.

*Мисалы,* айрым элдерде адам көз жумган соң анын өмүрү ошону менен токтойт. Ал эми кыргызда адам өлгөндөн кийин да анын жашоосу урпактарынын эскерүүсүндө улана берет. Арбакка өзгөчө мамиле жасоо, өтүп кеткен ата-бабаларга арнап кан чыгарып, куран окутуу кыргызда салт катары калыптанган. Жарыкчылыктан өтүп кеткен ата-бабаларыбызды, апаларыбызды эскерип куран окугандын өзүндө *«Тамакты маркумга атай гөр, ач арбак болуп калбасын»* деген түшүнүктөр жашайт. Деги эле улуттук нарк-насилдерибиз – бул улуттун уңгусу.

Жогорудагы түшүнүктөрдүн айырмачылыктарын ажыратып кароо зарылчылыгы бар. *Мисалы,* ***салт*** менен ***ырымдын*** айырмасы барбы деген суроо жаралышы мүмкүн. Бул айырмачылыкты ажыратуу үчүн кыргыздын *баланы бешикке салуу* салтынан мисал тартып көрөлү.

**Салт** – бул милдеттүү түрдө бешикке салуу. Ал эми баланы бешикке бөлөөр алдында алгач чүкөлөрдү салып, энелердин «оңбу, солбу» деп жасаган иш-аракеттери – бул *ырым.*

Мына ушул сыяктуу ар бирин ажыратып кароого болот. *Салт* менен *жөрөлгөнү* айырмалоодо *«Ата салты – уулдарга, эне жөрөлгөсү – кыз-келиндерге»,* – деп айтылган нускаманы да карманышыбыз абзел.

Каада-салт менен ырым-жырымдын ажырымы жана окшоштуктары тууралуу жакында эле «Манас» улуттук академиясы тарабынан жарык көргөн «Эр Төштүк» энциклопедиясында так аныктама берилген: «Каада-салт элдин турмуш-тиричилиги, жашоо образы, дүйнө таанымы сыяктуу жашоого таасир эткен факторлордун негизинде көптөгөн убакыттын ичинде пайда болот да, ошол элдин жашоо өзөгүн түзөт. Ал эми ырым-жырым ишеним дегенди билдирет» [13, 214-б.].

Кыргыз жергесинде улуттук форум өткөрүлүп анын жүрүшү Бишкекте, Нарында, Ысык-Көлдө, Таласта, Жалал-Абадда ж.б жерлерде уланууда. Көптөгөн жогорку окуу жайлардагы миңдеген адамдар чогулган чоң жыйындар журт кызыгуусун туудурууда. Элибиздеги илгертен бери келе жаткан салт-

санааларыбызды бүгүнкү күнгө ылайык жуурулуштуруп, улуттук нарктарга байланыштуу алдыда турган милдеттерди билим жана тарбия иштерин жүргүзүүнүн негизги багыттарынын бири кылып алуу – бүгүнкү коомдун түздөн-түз милдети. Анткени, ата тектен келе жаткан баалуулуктар улуттук мүнөздү түзөт. Ал эми элдик нарк, каада-салт, улуттук акыл казына, эне тили улуттук дүйнө таанымдын ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат.

2022-жылы Улуттук телерадио берүү корпорациясы тарабынан наркты, салтты билген инсандардын катышуусунда *«Улуттук нарк»* деген темада сыналгыдан бир нече жолу теле көрсөтүү берилген. Ал эми 2022-жылдын 25-ноябрында өткөн элдик курултайды утурлай Сонунбүбү Кадырованын алып баруусунда сыналгыдан *«Курултай – ата салты, эл наркы»* деген темада телеберүү көрсөтүлдү.

«Манас» улуттук академиясы тарабынан 2022-жылдын 22-ноябрында «Манас» эпосундагы курултай түшүнүгү» аттуу тегерек үстөл уюштурулду. Илгертен кыргыз эли актуалдуу маселелерди чечүүдө ийри олтуруп, түз кеңеш кылышкан. Мындай жыйындарды (курултайларды) өткөрүүдө, каралган маселелер боюнча чечим кабыл алууда аксакалдар жана даанышмандар институту чечүүчү ролду ойношкон. Өткөрүлгөн тегерек үстөлдүн максаты да кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы катары саналган «Манас» эпосунун мазмунунан мамлекеттик башкаруу системасынын натыйжалуу, үлгүлүү формаларын жана учурдун көйгөйлүү маселелерин карап чыгуу болду. Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президенттик Администрациясынан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинен жана Жогорку Кеңештен расмий өкүлдөр катышты. Курултай боюнча баалуу ой-пикирлерди чогултуу, аны менен бөлүшүү үчүн, тегерек үстөлгө Кыргыз Республикасынын илим жана билим берүү мекемелеринен атайын коноктор, жазуучулар, маданият кызматкерлери чакырылды.

Нарктуулугубузду калыптандырып, өнүктүрүүгө байланышкан мындай иш-аракет, чечимдерибизди эл өзү аткарат деген пикирде болсок, анда бул чечим катардагы декларация катары кабыл алынып, илеңсалаң абалда кала бермек. Бул өтө орчундуу маселеге коомдук уюмдар тарабынан да бүгүнкү күндө кызуу иш жүрүп жаткандыгын байкоого болот. Өздөрүнүн турмуштук мол тажрыйба, бийик интеллектилик түшүнүк, терең билимдеринин негизинде элибиздин тарых-таржымалы менен салт-санаасын мыкты билген инсандар менен талкууларды жүргүзүп, анын натыйжасында жарлыктын түпкү маанисин элге жеткиргенге аракеттенишүүдө.

**Корутунду.** Кыргызстандын мындан аркы өнүгүшү руханий жактан өнүккөн, билимдүү, улутунун тарыхын жакшы өздөштүргөн, башка элдердин баалуулуктарын, диний ишенимдерин сыйлаганга жөндөмдүү кыргызстандык жаранды тарбиялоого байланышкан. Ошондуктан, коомдун руханий деградацияга учуроосун алдын алуу жана тарбиялоо иштерин системалуу жүргүзүү талапка ылайык. Нарк улуттун уңгусун кармап турган өзөк болгондуктан, улуттук каада-салттарга жасалган кош көңүл мамиле бара-бара улуттук баалуулуктарга доо кетирет. Жалпыга билим берүүчү орто мектептерде, атайын адистештирилген орто билим берүүчү жана жогорку окуу жайларында окуган окуучулардын жана студенттердин арасында нарк, салт, үрп-адат категориялары менен тааныштыгы жок же аларды баалуулук катары эсептебеген муундун пайда болушу улуттун келечеги үчүн коркунучтуу. Азыркы ааламдашуу мезгилинде Кыргыз Республикасынын андан аркы өнүгүү программаларында кыргыз каада-салтынын өнүгүшүнө мамлекеттик деңгээлде өзгөчө көңүл бурулуп жаткан шартта бул ишке коомчулук тарабынан да колдоо көрсөтүлүшү зарыл. Ал үчүн балдарды улуттук салттын негизинде тарбиялоону ар бир жаран өз милдети катары кабылдашы талапка ылайык.

Кыргыз билим берүү уюмдарында улуттук нарк түшүнүктөрүн жайылтуунун ыкмалары катары төмөнкүдөй сунуштарды киргизүүнү туура деп таптык:

1. Баланын психологиялык жана руханий саламаттыгы үй-бүлөдөн башталгандыктан, окуу-тарбия процессинде үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтууга артыкчылык берүү;

2. Кыргыз каада-салтын билим берүү мекемелери аркылуу кенен жайылтуу үчүн, мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында бул багытта максаттуу иш алып баруу;

3. Жалпыга билим берүүчү орто мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз каада-салты, наркы тууралуу класстык, кураторлук сааттарды, класстан тышкаркы окууларды уюштуруу;

4. Гуманитардык багыттагы предметтер боюнча мындан ары түзүлүүчү окуу китептеринин мазмунунда улуттук нарктарга кенен орун берүү;

5. Окуу-тарбия процессинде улуттук нарктарды жайылтуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, заманбап технологияларды колдонуу;

6. Улуттук нарктардын негизинде тарбия иштерин жүргүзүүдө окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иш алып баруу;

7. Кыргыз билим берүү уюмдарында улуттук баалуулуктар боюнча конференцияларды, тегерек столдорду, жолугушууларды өткөрүү;

Салт элдин бир нече кылымдар ичинде калыптанган эмпирикалык билиминин жыйындысы болгондуктан, ал учурдагы муундун да жашоо образына айланышы кажет. Мына ушундай кырдаал-шарт түзүлгөндө гана улуттун эртеңкиси жөнүндө кам көргөн болобуз.

**Адабияттар:**

1. Абдраимов К.А. Салт жана анын өзгөчөлүгү // М.Р. Рыскулбеков атындагы КЭУнун Кабарлары. – Бишкек, 2020. 1 (48). – 18-23-бб.
2. Абдраимов К.А, Өмүрбеков Ч.К. Өлкөнүн өнүгүү баалуулугунда кыргыз каада-салтынын орду // М.Р.Рыскулбеков атындагы КЭУнун Кабарлары. –Бишкек, 2021. – 3 (52). – С. 54-57.
3. Алымбаева Б.Б. Үй-бүлөдө кыздарды тарбиялоо // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2020. – №3 (52). – С. 145-149.
4. Касымалиев Б.Ж. Тил жана улуттук салт. – Бишкек. 2009. – С. 226.
5. Жапаров С. «Инсандын рухий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыгы. Эркин-Тоо. 2021. №8 (3187). 2-февраль. – 4-б.
6. Бөкөшов Ж. Салт жана билим. – Бишкек. 2014. – 208 С.
7. Йылдыз Текин. Турциянын мектептеринде окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо «Социалдык билимдер» сабактарынын орду // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2013. – №1. – С. 247-249.
8. «Кыргыз бол» долбоору. – 7-апрель, 2022-жыл.
9. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы. – Бишкек, 2014. 6-том. – 850 б.
10. Курултай – ата салты, эл наркы, «Ала-Тоо» каналынан берилген теле берүүлөр. Нарк жөнүндө телекөрсөтүү, «Ала-Тоо» телеканалы. – 8, 9-июнь, 2022-жыл.
11. Рысбек Качкеев. Нарктуулук – жашоо өзөгү. Кыргыз Туусу. – 2.12.2022. – 16-б.
12. Сабыр Иптар уулу. Кыргыз жан дүйнөсү. – Бишкек, 2012. – 240 С.
13. «Эр Төштүк» энциклопедиясы // «Манас» улуттук академиясы. – Бишкек, 2023. – 573 б.

***Рецензиялаган:***
***Токтомаметов А.Д.,***
***педагогика илимдеринин кандидаты***

*Имаралиева Жамила Рахманалиевна,*
*Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети,*
*улук окутуучу,*
*Кыргыз Республикасы, Ош шаары*
*e-mail: imaralievaj283@gmail.com*

## «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДАГЫ ЖАМААТ ЖАНА ИНСАН МАСЕЛЕСИ

*Имаралиева Жамила Рахманалиевна,*
*старший преподаватель,*
*Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова,*
*Кыргызская Республика, город Ош,*
*e-mail: imaralievaj283@gmail.com*

## ОБЩЕСТВЕННЫЕ И ИНДИВИДУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ В ПРЕПОДАВАНИИ ЭПОСА «МАНАС»

*Imaralieva Zhamila Rakhmanalievna,*
*Senior Lecturer,*
*Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov,*
*Kyrgyz Republic, Osh city,*
*e-mail: imaralievaj283@gmail.com*

